Эми сендейди кантип табабыз?
Кейип калды элиңиз,
Байгазынын Эсенгул
Бала болуш жээниңиз.
Кайрат кылар аркаңда
Калпа, казы иниңиз.
Эми сенден башка кимибиз.
Бакка конуп сайраган
Баарда чыккан булбулдун,
Бакыр болгон жанына

8.

Забын болгон канына
Мазар урган аңги ошол,
Жакшылык кылба жаманга
Сагындыктай нааданга.
Аңги тайлак чарыкты
Кашкардан бери жыйнаган.
Кайран Аалы туйгунум,
Башында тоюнбаган арыкты.
Кордук кылса убал жок,
Коңур уулу тайлактар,
Коркподуң иттер арбактан.
Ак-кабактан бээ айрып
Асыл Аалы өлдү деп,
Айлындагы боз балдар
Алып сойду калмактан.
Жакын туруп атышып,
Кызыл канга батышып,
Марттык менен баш берип,
Маркум Алы Бекзаадам,
Барданкеге кабылды.
Тайлак уулу, Чоң-Чарык,
Кара черүү тараптан
Коңур уулу, ыман журт
Баштан аяк чабылды.
Бар малынан кагылды.
Тобосунан жаңылды
Балдары ыйлап жаңу жалынды.
Ушул чабылып кеткен тараптан
Чала сыпат манаптан.

Кыйла сындуу малы жок,
Кышка жыйган камы жок
Үсту бүтүн тамы жок,
Ниетинде агы жок,
Ажап болду иттерге,
Баштагыдай куралып,
Оокат кылар чагы жок.
Капа болуп кайгырды,
Кара жолтой курган эл,
Кан заадан айрылды.
Арамдык кылган Турдубай,
Абактыны жай кылды.
Сарбагыш, Жанай, Турдубай
Жаатыңды курап, жөн жүрбей,
Үчөөндү кудай урдубу ай.
Аалыны атып өлтүрүп,
Жаныңа жапа келтирип,
Шибер болуп жазылып,
Кишен болду бутуңда.
Баштагыдай баш бийлеп,
Бул үчөөң жүрө албассың журтуңда.
Сагындык менен Эрмексиң,
Сайлоого кирер чагың жок.
Сая кылар багың жок.
Мансабын кайтып бермексиң
Башыңда кайтып келмексиң.
Тарап кылып жөн жүрбей,
Сен ушул ишти көрмөксүң.
Эки старчы ымандын,
Эрмектен жеген парасы
Мусакожо, Касымбек

10.

Кочкордон ыман келбесе,
Ынтымагы бөлүнүп,
Бул экөө бузулбайт эле арасы.
Бул ит ыманды сурасам,
Же тараптыктан жалккан жок
Же таламдан башы чыккан жок,
Же кайтара Кочкорду көздөп ыккан жок.
Байыркы Мураталы өлгөндө
Алдаярдын Сатеги
Ошондо кылалбады намысты.
Куткарып ийгек болучу
Үсөналы Мамышты.
Эми туйгун Аалы өлгөндө,
Туура деп чыгып баатырың,
Туушар келди Касымбек
Душманга жетип кылды кек.
Эки старчы ыманды
Баарын талап бул алды.
Белгилүү туугаң кыргыздан,
Бейпайда болгон уруштан,
Беттешкенде окко учкан.
Бекзааданын өлүшү,
Берекелүү Касымбек
Бекзаада өлүп калган соң
Бейпайда калган боюнча,
Олжо кылып талатып,
Калың элге бериши.
Кадырың өткөн эр эле,

Кара пайым кыргыздан
Кармашкандан окко учкан.
Канзааданын өлүшү,
Кастык менен үй чапкан
Чоро элинин көбүшү.
Кайыры көп Касымбек
Олжо кылып талатып,
Калың элге бериши
Маалым болсун бул сөзүм,
Бак-Бадакшан көп элге.
Байымбет байыс сөз кылбайт,
Пайдасы жок тегинге.
Жакшы өлсө элинде,
Жаның турса тениңде.
Жамандар сага чоң дөөлөт,
Өкүмүң болсо береги,
Мусакожо бегиңде.
Жакшың жүрсө элиңде
Сыпатар, сага чоң сөөлөт,
Казалын окуп көргөндөр
Канзаага дуба кыл.
Кайран Аалы туйгундун,
Катары экен ушул жыл.
Касиет бардыр көбүндө,
Катары экен ушу жыл
Казасы жеткен өлүмгө.
Болуш Аалы туйгунум,
Боздоктуп жүрүп курутат,
Борумуң эске түшкөндө.

12.

Молдокең кантип унутат.
Кайран Аалы туйгунум,
Какшатып жүрүп курутат.
Кадыр кызмат етүшкен,
Канткенде досуң унутат?
Кадырың эске түшкөндө,
Кайгырып оттой жанамын.
Кайран Аалы манабым,
Жараткан эгем жай берсин,
Жанттан болсун талабың.
Маркум Аалы елдү деп
Байбагыш уулу баары ыйлап,
Мамбет-Айып кары ыйлап
Баатайдын балдары
Баштан аяк зар ыйлап.
Жолду менен Калча ыйлап,
Калдарбек менен калпа ыйлап.
Үйүндө жатып ушкүрүп,
Бей-бечара канча ыйлап.
Өзүң менен бирге жүргөн,
Кадырың өткөн жигиттер,
Булар өлмөйүнчө арманда.
Калдарбек ыйлап какшады
Калпа ыйлап таппады.
Бул сөзүмдө жалган жок,
Эки болуш саякта,
Ыйлабай адам калган жок.
Сүйлөп жүрүп Байымбет,
Кызыл тилим боз кылдым.
Кыйладан кызык көп кылдым,
Кылым элге эп кылдым.

13.

Молдолор окуп айтууга,
Борумдуу жакшы сөз кылдым.
Күйгөнүмдөн Аалыны
Күн өткөрбөй тез кылдым.
Шарияттан кеп уктум
Жанболоттон бери жакка
Шаардан бери атасы
Аким өткөн деп уктум.
Санжырада бар экен
Шаардан бери атасы
Жамболоттон бери жакка
Аким өткөн жан экен.
Шарияттан кеп уктум,
Санатын айтып билдирсе,
Жаннат болот деп уктум.
—Жаш өлүм өлүп калды деп,
Жайылдык менен ыйласа,
Жааннам тозоктун
Түбүндө калат деп уктум.
Алты келме, жети ыман
Дин ислам туткасы
Аназирет Мухамбет
Эки ааламдын кутпасы.
Шариятта бар экен
Шаардан бери атасы
Сааба өткөн жан экен
Асыл Аалы жолборсум
Артыңды кудай оңорсун.
Алты келме, жети ыман.

Дин ыслам жолдошуң
Аназирет Мухамбет,
Төрт Чалияр колдосун.
Чоро Саяк Сарыбагыш,
Калкыңыз көп наалыш.
Наалыган мен пайда жок,
Курандан башка айла жок,
Артында калган бир жалгыз
Аман болсун Байбагыш.

Аягы бүттү

Нарын шаары,Совет көчөсүндө туруучу
72 жаштагы Саркалчаев Бекболоттун
оозунан жазылды. 1950-ж.

Баары 382 жол.

## КАПТЫГАЙДЫН КЫЗЫ

Жашымда атам кайындап,
Жабыркатты жанымды.
Жайсыз жерге дайындап.
Жакшы көргөн бир жеңем:
Жаман экен күйөөң- деп,
Ушак кылган айындап,
Өз жеңемден уккан соң,
Өрттөндү ичим жалындап.

Барбаймын деп зар ыйлап,
Башында жүрдүм маалымдап.
Жарманкелүү Каркыра,
Жайлообуздун асылы.
-Күйөөң жаман -дегенде,
Күйгөндөн сөөгүм жашыды.
Армандуу кылып ыйлатып;
Атакем тапты казакты.
Казактан кайным болгон соң
Кара жан тартты азапты.
Кара жан жабыр көргөндөн,
Качпадым түптүү өлгөндөн.
Жабыркатып жанымды,
Жаманга атам бергенден
Көңүлүм айнып жөнөдүм.
Көлдүн башы аралдан.
Кудурет берсе ден соолук,
Кутулсам деп жамандан.
Жабыркатып жанымды,
Жакшысын тапсам адамдан.

2.

Жакшыга аллам туш кылса,
Тагдырда жазгын каламдан.
Өрнөктү жаман баштадым.
Өлүмдөн түптүү качпадым.
Өз кийимимди таштадым.
Өрттөнүп жаным күйгөндөн,
Өлүп кала жаздадым.
Басканыма сүйүндүм,
Бир малайдын кийимин кийиндим.
Элимден чыгып сүйүндүм.
~~Кулак [illegible] мусулман~~
Бир Эркектин кийимин кийиндим.
Кулак салгын мусулман,
Кудайга кылган зарыма.
Кейигенде зарланып,
Келдим көлдүн жанына.
Ырастап жаным күйгөндөн,
Ыраазы болдум каныма.
Атамдын аты —Кайтыгай,
Армандуу кылдың бир далай.
Арманыма зарланып,
Айтып жүргөн, ыр, калгай!
Жаманга атам туш кылып,
Жаныма жабыр кылганы ай.
Кечкил мурун, кем тумшук,
Кейитти жанды урган ай.
Бир күнү күйөөм келиптир,
Бир далай малды бериптир.

3.

Мал жеген соң атакем,
Берүүгө мени көнүптүр.
Арачы коюп сүйлөшүп,
Атакем көнду бермекке.
Жылдыз толгон мезгилде,
Баягы жаманды бардым көрмөккө.
Жамандын жайын билген соң,
Мен көп ойлондум өлмөккө.
Эркелеп өскөн курган жан,
Энеден калдым жеңеге.
Ошондо
Жеңеден күйдүм жемеге
Атакем берем деген соң
Эшек сүрөт немеге.
Жашынып түшүп жөнөдүм,
Көз байлана берерде,
Тактайдан салган кемеге.
Кемечи мужук тил билбейт,
Кейиген менен дил сүйбейт.
Шамал согуп, суу толкуп,
Жаман кемем тынч жүрбөйт.
Кемеде жүрүп ыйладым,
Көлдө жүрүп үч күнү.
Көзүмдүн жашын тыйбадым.
Күнү-түнү ыйладым.
Күдөрүм үзүп үч күнү,
Күйгөндөн жанды кыйнадым.
Кеме чыкты бир күнү
Балыкчынын жанынан.

4.

Үшкүрүгүм басылып,
Үмүт кылдым жанымдан.
Үмүт кылсам жанымдан,
Балыкчынын жигити
Билип койду сырымды.
Жашырбастан мен өзүм,
Айтып бердим чынымды.
Аламын деп ол жигит
Аягыма жыгылды.
Армандуу болгон шордуу жан,
Ошондо,
Алдага зарым угулду.
Табармын деп ыгынды:
– Алсаң жакшы болот деп,
Шариятсыз жатканың,
Жанга жабыр залал – деп,
Нике кыйып, кутпа окуп,
Алып жатсаң алал – деп.
Алдадым малай нааданды.
Аман болсом табармын,
Сенден артык адамды.
Шакегим бердим колуна
Санаасын басып жигиттин.
Нааданды салдым жолуна.
Сөйкөмдү бердим колуна
Сөзүм менен ыкубантып,
Дөөбөтүмө жыпантып,
Зөөкүрдүн салдым жолуна.

5.

Алдадым малай нааданды,
Аман болсом табармын,
Сенден артык адамды.
Качып кеттим ошол түнү,
Карагоонун шаарына.
Асыл жанды кыйналтып,
Баштагыдан беш бетер.
Алды кудай каарына.
Самап көлдөн чыкканы,
Сарбагышты саптадым,
Энемден угуп дайынын,
Эсенгулду мактадым.
Эсенгулду манап деп,
Издеп жүрүп таппадым.
Аманат жанды бир түнү,
Кара коонун шаарында
Аш демдетип сактадым.
Аш демдетип отурсам,
Бир абышка жолукту.
Бабайдан угуп далай сөз
Маскүлөп көөнүм соолукту.
Абышкадан сурадым,
Сарбагыштын тарыгын.
Тайдырбастан калыбын
Айтып берди аныгын.
Көлдөн келген Надырдан
Көбөгөн ажы, Тыныстам,
Булар,

6.

Калган эмес кадырдан
Көрүнүп турган бактуу айыл,
Көбөгөндүн айылы,
Маалым болгон бар элге,
Бала кыздын дайыны,
Абышкадан кеп уктум,
Ажынын айлы деп уктум.
Ажынын айлын бет алып,
Аста басып эс алдым алып,
Барсам ажы карыптыр.
Байгамбардын жашына
Алда качан барыптыр.
Жаман чыгып балдары,
Жабыркатып салыптыр.
Жашка толгон кары экен,
Балдары жашык шал экен.
Жаш кезинде туш болсом,
Өзүнө тийип алчу жан экен.
Бабай чалдан муруну жок.
Баштагы жаштык күнү жок.
Чыгарам дээр айбымды,
Менин баркымды билчү уулу жок.
Кызмат кылдым ажыга,
Жигит болдум бир айга.
Ургачылык жайымды,
Билгизбедим эч жайда.
Эгем өзү келтирди,
Эсенгул менен Ногойбай.
Эмгекке туулган ургачы ай,
Эр издеп тапмак оңойбу ай.

7.

Издеген жогум табылса,
Ийрейген чалга жолойбу ай.
Төрт ата уулу Сарыбагыш,
Мааматкулу манаптан,
Кенч дөөлөткө жолуккан,
Кемибеген талаштан.
Энемден уккам башында,
Бир нечеси Эсенгул.
Сарыбагыштын асылы
Эсенгул наамын уккан соң
Сөөгүм жеддей жашыды
Мактап жүрөт барган эл
Чоконун уулу Казыны .
Барган элден кеп уктум
Бабанын уулу Карачтын
Баласы экен Ногойбай
Баарынан мурда деп уктум.
Баарынан кичүү бала экен.
Бактысы артык жан экен.
Ногойбай өзү бала экен.
Бабай чалдын айткандай эл
Балада болсо чал экен
Баш көтөртпөй пас кылган
Баласыз зайбы бар экен.
Кайратын колдон өткөргөн
Катыны билчү жан экен.
Ойлондум сөздүн оңунан,
Эсенгулду сынадым.
Ногойбайдын соңунан.

Жактырбадым бир адам,
Сарбагыштын чоңунан.
Эсенгул менен Ногойбай
Экөө келди Нарындан.
Эр издеген зарымдан,
Жактырбадым бир адам
Сарбагыш сенин баарыңдан.
Эсенгул өзү эр экен.
Баягы бабай айткандай.
Эр көкүрөк неме экен.
Олуттуу иштен кылсам деп,
Ойлонгон иши көп экен.
Бир мүнөзү бар экен.
Жубанды кыздан жактырган.
Жумшак бейил бала экен
Кылыгы мунун ойлосом,
Кыз алуу буга ар экен.
Каары турат мунайым,
Катынга пайда кылабы
Куйүтсүз пенде Музданып,
Күлбөстөн карап турабы?
Байгазынын Эсенгул
Карагоонун шаарында
Бабайдан уккан сөз ушул
Бабайдан укканым ушулбу
Ошондо
Көңүлүм жаман бузулду.

35

9.

Кызыл суу менен Шамшыда
Соорөнбайдын Дүрү бар,
Соолбос кызыл гүлү бар.
Солто, Тынай ичинде
Дүрдөн башка кими бар?
Эки болуш черикчи
Мааматкулу Темирден.
Канаттын уулу Карыппай,
Каргашага семирген.
Казатка барам деп айтып,
Эки жүз киши ээрчитип.
1/ Солдат болуп жеңилген. Ккх
Кан Шабдандын балдарын
Табармын барсам Кеминден,
Эми кейиштүү жанга тынчтык жок
Кеминди көздөй жөнөдүм.
Карыя ажым өзүңден,
Жактырбадым белегүн.
Кан Шабдандын балдарын
Качан жетип көрөмүн.
Атбашыда Казынын
Аңызы жакын бу эле,
Аңгеме сөзгө куп эле,
Таяжемдин үстүнө,
Тандап барып тийбеймин,
Тал талашкан шайлоодой,
Талашып жүрүп күйбөймүн.

---

1/ 1941-ж. Карыппай 200 кол менен падышага жардам берем деп жөнөгөн. Бирок, Ташкенден кайтып келген.

10.

Жабыркатып жанымды,
Жаман эрди сүйбөймүн.
Жамандар менен сүйлөшүп,
Жарым саат жүрбөймүн.
Жыласка кайтип кез болсом,
Жылдызым куурап зилдеймин.
Капа болуп кайгырып,
Кара тумшук мен бейбак,
Кабагым ачып күлбөймүн.
Тагдырда жазган жазуусун
Ким экенин билбеймин.

— Аягы —

Нарын шаары, Совет көчөсүндө № 44 үйдө туруучу
Саркылчаев Бекболоттун оозунан жазылды.
72 жаштагы карыя. 1950 ж.

## Киришүү

Эмгекчи элдин улуу жолбашчысы, окутуучусу жолдош Сталин мындан 30 жыл илгери, 1921-жылы коммунисттик партиянын X с"ездинде "Улут маселесинде партиянын кезектеги милдеттери" жөнүндө доклад жасап, мындай деген: "Биз улуттардын эзилишин жойдук, бирок бул жетиштүү эмес: өткөн замандын оор мурасын – мурун эзилип келген улуттардын чарбалык, саясий жана маданий жагынан артта калгандыгын жою керек; бу жагынан борбордук Россияны куун жетүүдө аларга жардам берүү керек"[1/] Жолдош Сталин аталык камкордук көрүп, Советтер Союзунда жашаган ар бир улуттун гүлдөп өсүшүнө кең жол ачкан. Ошону менен катар, формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданиятты жана искусствону өнүктүрүүгө жардам берип келген.

Кыргыз эли Ленин-Сталиндин улут саясатынын негизинде, большевиктер партиясынын жетекчилиги астында, улуу орус элинин бир туугандык жардамы аркасында, Совет өлкөсүнүн башка элдери сыяктуу эле, эркин жана бактылуу турмушка укук алып, тарихта эч качан болуп көрбөгөн зор жеңиштерге ээ болду. Кыргыз эли экономика, маданият жагынан күч-кубаттуу өлкөгө айланды. "Всакая нация может и должна учиться у других"[2/] деп, Карл Маркстын акылмандык менен айтканы, мурун эки кабат эзүүдө болуп, маданияттан артта калган кыргыз элине да тийиштүү. Кыргыз элин караңгыдан ойготуп, жарыкка алып чыккан улуу орус элинин маданиятынын өсүүнүн прогрессивдик таасирин революциялык жол менен

---

1/ В.И. Ленин. Кыскача биография, Фрунзе, 1947, 95-бет.

2/ К.Маркс. Капитал. т. Первый, Партиздат, 1937, стр. 7

тийгизди. Ошонун натийжасында, кыргыз элинин адабияты, искусствосу кыска мөөнөттүн ичинде эбегейсиз зор өсүшкө ээ болду.

Мурун эч бир мектеби болбогон, туташ сабатсыз караңгы эл, азыр илими өркүндөгөн, маданияты гүлдөгөн республикага айланды. Өздөрүнөн окумуштуулар, жазуучулар, искусствого эмгегин сиңирген ишмерлер өсүп чыкты. Демек, совет бийлигинин тушунда кыргыз эли өз жазуусун түзүп илимий мекемелерде иштей баштады.

Эмгекчилердин материалдык жыргалы жана маданий деңгели күндөн күнгө жогорулап, алардын илимге, искусствого, адабиятка койгон талабы бара-бара артылып жатат. Акыл эмгеги менен кол эмгегинин арасындагы айырмалыктар күндөн күнгө жоюлууда. Бул болсо адам баласы тарабынан иштелген бардык нерсени өздөштүрүүгө эмгекчи массанын алдына дагы зор милдеттерди коёт. "Коммунистом стать можно лишь тогда, когда обогатишь свою память знанием всех тех богатств, которые выработало человечество" - деп, эмгекчи элдин көсөмү Ленин айткан болучу. Демек, биздин милдет элдин койгон талабына ылайык, адам баласы иштеп чыккан нерселерди өздөштүрүү болуп эсептелет. Албетте, Ленин атабыз үйреткендей биз прогрессивдик, демократтык жагын гана алабыз да, ошондон пайдаланабыз.

Биздин тема адабиятка тийиштүү болгондуктан, марксизм-ленинизм окуусуна таянып, Маркс - Энгельс, Ленин- Сталиндин классикалык эмгектерин булак жана

---

1/Ленин о литературе, Ги "ХЛ", 1941, стр. 213.

жетекчи материал катарында алып, бул ишти талдап чыгууга туура келди.

Кыргыз адабияты Октябрь революциясынан кийин өсүп өнүктү. Бир канча жазуучулар, акындар өсүп чыгып, кыргыздын жаш адабиятын өркүндөтүүдө көп эмгек сиңиришти. Социалисттик Улуу Октябрь революциясы кайра тарбиялаган, чыгармачылык жолуна кең жол ачкан советтик Кыргызстандын көрүнүктүү акындарынын бири Абдыракманов Байымбет /Лакап аты – Тоголок Молдо/ болгон. Бул акын эки доор, эки түрдүү коомду көрдү. Анын бир кылымга жакын сүргөн өмүрү эң татаал окуялардын элесин берет. Ошондуктан анын чыгармачылык жолу да, чыгармалары да татаал. Ошондуктан Х1Х кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз адабиятынын абалы жөнүндө айтууга туура келет. Бирок, бул кириш сөздө ага токтолбойбуз, себеби – кийинки главада ал жөнүндө толугураак мүнөздөмө берилмек.

Кыргыз адабиятын изилдөө айрыкча Х1Х кылымдын адабиятын текшерүү жумушу алиге жакшы жолго коюла элек. Ошону менен катар кайсы бир "изилдөөчүлөр" тарихий чындыкты бурмалап, аны чаташтырып көрсөткөнүн айта кетүү керек.

Мындай абалдар кийинки күнгө чейин өкүм сүрүп келген. Идеология маселелери боюнча ВКП/б/ Борбордук Комитетинин чыгарган тарихий чечимдери адабият майданында иштеген адабиятчыларды кайра тарбиялоодо

программа болуп, айрым маселелерди текшерүүдө көп жардам берди. Бардык жумушту кайра курууда жол көрсөттү.

Мына ушуларды эске алып, өткөн кылымдан калган эл мурастарына сын көз менен карап, Маркс – Ленин окуусунун негизинде, кылдаттык менен талдап чыгуу милдети алдыда турат. Диссертациялык эмгек, албетте, бардыгын ичине ала албастыгы белгилүү иш. Бул диссертацияда эл акыны Байымбет Абдрахмановдун чыгармаларына гана талдоо жүргүзүлмөк. Ошондуктан бул жумуш акындын чыгармаларынын кыргыз адабиятында алган ордун, анын маанисин белгилөөнү өзүнүн негизги милдети катарында алдыга коёт. Мындагы максат акындын чыгармасын изилдеп чыгуу менен бирге, кыргыз адабиятында чечилбеген бир маселени илимий жол менен аныктоо болуп эсептелет. Кыргыз адабиятынын тарихында бул тема эң негизги жана эң актуалдуу тема экендиги жогоруда айтылгандан ачык көрүнүп турат. Кыргыз адабиятынын коомчулдугунда ушул күнгө чейин бул маселе боюнча так жана ачык түшүнүк болгон эмес. Ошонун үчүн адабияттан сабак берүүчүлөр да, адабиятчылар да бир системада бир пикирге келише элек. Ал түгүл Абдрахманов тууралу жазылган макалаларды окуп көргөндө, ар ким ар башка түшүнүк бергени ачык болуп чыга келет. Акындын чыгармачылык жолу, анын биографиясы түрдүү адам тарабынан түрдүүчө берилген.

Абдрахманов Байымбет өзүнүн өмүрүндө эки коом курулушун, эки дүйнөнү башынан өткөргөн киши акын болгондуктан, анын чыгармачылык жолу татаал экендиги жогоруда айтылган болучу. Демек, акындын чыгармачылык жолу эки доорго бөлүнөт. Ал өзүнүн өмүрүнүн жарты кылымдан ашыгыраак мезгилин уруучулук жоюла элек, патриархалдык – феодалдык эң артта калган коом курулушунун түнт кучагында өткөрдү. Ал кезде эл караңгы болгон. Элдин караңгылык турмушу акынга көп таасир калтырган. Жазуусу, басмасы жок болгондуктан, чыгармалары жарыкка чыккан эмес. Чыгармалары кол жазма түрүндө эл ичине тарап турган.

Акындын турмушунда эң кубанычтуу күн Октябрь революциясынан кийинки гана кездешет. 1922-жылдан тартып Г. Муфтахов акындын өз чыгармаларынан, элдик фольклор соз эки адабияттан жаза баштайт.

Бирок акындын чыгармалары бүт жазылган эмес, анын кайсы бир чыгармалары гана көчүрүлүп алынган. Эл чыгармаларынан "Жылкычынын шырылдаңы", өзүнүн оригиналдык чыгармаларынан: "Үрпүкан", "Сүйүү ыры", "Жакшы катын", "Жаман катын", "Тарихча", /кара ыр/, "Арман жаш", "Качкан кыз" жана бир аз икаялар жазылып, ошол жылдарда эле ал материалдар Илим изилдөө мекемесине тапшырылган. Булардын ичинен Тоголок Молдодон жазып алынган "Шырылдаң" 1924-жылы "Жаш кайрат" деген журналдын № 5 номеринде Ташкенде басылып чыккан. Ал эми өзүнүн Октябрь революциясынын жеңишине арнап

жазган чоң поэмасы – "Насият" 1925-жылы Москвада жарыкка чыгат. Мындан соң акындын чыгармалары эч жерде басылып чыкпайт. Буга ошол кезде маданий агартуу мекемелеринде отурган эл душмандары, буржуазиячыл – улутчулдар негизги себеп болгон. Акындын чыгармаларын жарыкка чыгармак тургай, Тоголок молдону ызалаган күндөрү болгон. Акындын өз чыгармасы эмес, өткөргөн элдик фольклорду басып коюшкан. Акынды тоотуп, ага оңтойлуу жооп берген эмес. Бул жөнүндө акын өзүнүн бир ырында мындай деп эскертет:

"Семетей" менен "Манаска"
Башынан ойлоп күтүнгөн.
Кагаз, сыя өзүнөн
Калтырбай жазып бүтүргөн.
Тыныстандын баласы
"Манасты" алып колумдан,
Катын салды көрсөтпөй,
Бул дагы менин шорумдан".[1]

Демек, улутчулар өзүлөрүнүн кара ниеттигин Тоголок Молдого да көрсөтүшкөн. Алар совет адабиятынын өсүшүнө каршы болуу менен бирге, адабиятка кызыккан таланттуу адамдардын көңүлүн иренжитип, аларды идеология майданынан четтетүүгө аракетти көп иштешкен. Ошонун натийжасында бир кыйла убакытка чейин акын белгисиз абалда калат. Өз айлында жата берет. Бирок акын чыгармачылык сүйгөн ишин таштабайт, аны улантуунун үстүндө болот.

[1] Дептер № 2, кол жазма – 12 бет.

Акын өзүнүн көздөгөн максатын ишке ашырыш үчүн 1935-жылдан тартып, Тил, Адабият жана Тарих институту менен байланыш жасай баштайт. Элдик фольклорду жыйноого киришет. Акындын белсенип, өзүнүн күчүн аябай иштеши 1938-жылга тиешелүү. Ушул мөөгилдин ичинде Тил, Адабият жана Тарих институтуна 190 басма табак элдик адабият тапшырат. Ошол эле жылы /1938-жылы/ Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчө болуп өтөт.

Акындын эмгегин партия менен өкмөт эске алып, баалуу сыйлыктар менен сыйланат. 1939-жылы Москвада болуп өткөн кыргыз элинин искусствосунун декадасына катышат. Акын "Ардак белгиси" ордени менен сыйланат. Бул карыя акындын өмүрүндөгү зор окуя болуп эсептелет.

Кийинки жылы, 1940-жылы акындын 80 жашка чыккандыгына байланыштуу юбилейи өтөт. Бул болсо акындын чыгармачылык жолуна дагы кең жол ачып, кары акындын күчүнө күч кошуп, кайраты кайрадан ташкындайт. Акындын бир топ чыгармалары, поэмалары, газетага, журналга басылып, жарыкка чыгат. "Ала-Тоо", "Кедейлерге насият", "Арман жаш", "Эки чилде" аттуу ири чыгармаларынын үзүндүлөрү басма аркылуу элге таанылa баштайт. Ошону менен катар айрым чыгармалары окуу китептерине, хрестоматияларга киргизилип, көпчүлүк окуучу жаш өспүрүмдөр акындын сонун ырларын, поэмаларын окуп түшүнүшөт.

Акын "Манас" эпосун жакшы билгендиктен, анын айткан варианты боюнча "Майдан" деген ат менен "Семетейден" үзүндү катарында 1942-жылы бир китеби басмадан чыгат. Мындагы максат Тоголок Молдонун акындыгын, акын айткан эпосундагы окуяны көркөм жана устаттык менен беришин элге тааныштыруу эле.

Акындын ырларынын биринчи жыйнагы, өзү дүйнөдөн кайткандан соң эки жылдан кийин, 1944-жылы басылган болучу. Бирок, акындын эң кийинки жазган ырлары эмне үчүндүр бул ырлар жыйнагына кирбей калган. Акындын тандалган ырларынын жыйнагы Кыргызстандын 25 жылдык юбилейине карата 1951-жылы жарыкка чыкты. Тоголок Молдонун чыгармаларына илимий жол менен изилдөө иши жүргүзүлбөгөндүктөн, буга дагы көп чыгармасы кошулган эмес. Акындын басма аркылуу элге таралган чыгармалары негизинен ушулар.

Тоголок Молдонун чыгармаларын талдоого киришерден мурун дагы бир маселени эскертип кетүү керек. Өткөн кылымда кыргыз элинин басмасы болгон эмес деп жогоруда айтылган болучу. Ушунун негизинде акын өзүнүн жазгандарын кол жазма аркылуу эл арасына тараткан. Кайсы бир чыгармаларынын түп нускасы сакталбаган, кайсы бирөөнүкү жоголуп кеткен. Ошондуктан эл оозунан жыйноого туура келет. Бул иш ушул күнгө чейин жүзөгө ашпаган. Өзү дүйнөдөн кайткандан кийин бир томдук кол жазмасы да жоголуп кеткен. Демек, акындын чыгармалары толук жыйналбаганы изилдөө

жумушун кыйындатарый белгилүү иш. Бул диссертацияда, ошо колдо бар жана басмага жарыяланган материалдарды гана пайдаланып, ошого карата мүнөздөмө берилерин жана талдоо жумушу да ушуга тегизделерин айтууга тийишпиз.

Ал эми изилдөө жумушунун абалы да жогоркудай десек болот, себеби – текшерүү иши чыгарманын алган ордуна, анын салмагына жараша жүзөгө ашырылары белгилүү иш. Акындын чыгармалары толук жыйналбагандыктан, атайы изилдөө жумушу да ушул күнгө чейин жүргүзүлбөгөнүн белгилеп кетүү зарыл. Акындын чыгармаларынын идеясы, сапаты, анын багыты жөнүндө 1940-жылга чейин дээрлик эч ким басма жүзүндө өз пикирин жазган эмес.

Ошол 1940-жылдары акындын ырлар жыйнагын чыгаруу максаты менен Айткулу Убукеев бир топ ырларын топтуп, аны жыйынтыктаган. Ошону менен катар ал чыга турган жыйнакка кириш сөз жазган. Бирок кандайдыр себеп менен ал басмага берилбей калат.

Так ушул 1940-жылы Тоголок Молдонун 80 жашка чыкканына байланыштуу айрым адамдар статья жазышат. Бул ишке илимий кызматкерлер тартылбастан, жазуучулар, акындар колдо бар материалдын негизинде өз пикирлерин жазышат. Жалпы жонунан алганда, ал статьялар илимий көз караште чыгармаларга талдоо жүргүзбөстөн, үстүртөн гана берилген.

Ырлар жыйнагын түзүү үстүндө иштеген Айткулу Убукеев өзү жазган кириш сөздү кайрадан оңдоп чыгып,

үч статьяны басма сөз аркылуу акындын биографиясына чыгармачылык жолуна арнаган. "Ордендүү карыянын эмгектери"[1] деген макаласында айрыкча биографиясын чаташтырып берет. Ошону менен катар айрым чыгармаларына толук талдоо жүргүзө албайт. Мында Музооке жөнүндө, анын Тоголок Молдого тийгизген таасири жөнүндө кичине дурус берилген.

Айткулу Убукеев өзүнүн "Байымбет Абдрахманов"[2] деген статьясын акындын юбилейине даярдык көрүүгө карата, аны эл менен тааныштырууга арнагандай көрүнөт. Бул статьяда аз да болсо акындын Музооке менен байланышын, Музоокенин акынга тийгизген таасири жөнүндө түшүнүк берет да, айрым бир – эки чыгармасына токтолот. Бирок, толук талдоо жүргүзө албайт. "Кедейлерге насият" деген поэмасын мисалга алат да, анын негизги идеясын, мазмунун чечпейт. Ал түгүл, "Кедейлерге насият" "1924-жылы басмага басылып чыгат" деп, жалган маалымат берет. Мындан ал чыгарманы окубай эле, жалпы үстүртөн гана жаза койгону көрүнүп турат. Ушул эле статьясында институтка акын тапшырган материалдын көлөмү айтылат.

Ушул эле А. Убукеев "Тоголок Молдо"[3] деген статьясын жарыялайт. Бул статьяда темасынын атын гана өзгөртүп [illegible] берген, себеби – мында автор тарабынан эч кандай жаңы ой, жаңы пикир кошулгэн эмес. Ырас,

---

1/ Убукеев :

2/ "Кызыл Кыргызстан" " 71, 27-март 1940-жыл

2/ "Кызыл Кыргызстан" № 131, 9-июнь. 1940-ж.

3/ "Кызыл Кыргызстан" № 131, 9-июнь 1940-ж.

"Жанбакты"деген чыгармасы жөнүндө сөз козгойт да, анын идеясы, тарихий мааниси, акындын чебердиги жөнүндө сөз ачпайт.

Айткулу Убукеевдин бул статьяларындагы негизги кемчиликтер автордун материалды толук түшүнбөгөндүгүндө турат. Ал акындын чыгармаларын системалаштырууну билбейт. Ошондуктан анын ою чачынды, чар жайыт берилет жана корутунду чыгара албайт. Статьялардын курулушу да, тили да илимий изилдөөдөн четте турат.

Акын Маликов Кубанычбек өзүнүн "Эң сонун Манасчы"[1/] деген кыска макаласында, аз да болсо туура көз караште Тоголок Молдонун "Жалаң гана эл акыны жана жазуучу эмес, ал ири Манасчы экенин, ошону менен катар анын "Манасынын" өтө көркөмдүгүн далилдеп көрсөткөн.. Маликов өзүнүн көздөгөн максатынан, айтайын деген пикиринен четтеп кетпей, ошонун айланасында оюн жыйынтыктуу берет. Ошондуктан көлөмү кичине болсо да, изилдөөчүлөр үчүн анын так айтылган ою көмөкчү материал болору шексиз. Маликов Тоголок Молдо тууралу жазган макаласында мындай дейт: "...Тоголок Молдо жалаң гана эл акыны жана жазуучусу эмес, ал – ири манасчы. Анын "Манасы" илгерки салттуу жомокчулардыкына жакын жана ушул күндөгү манасчылардын көрүнүктүүлөрүнөн болуп эсептелет" . Автор акынга ушундайча баа берет. Маликов атактуу Манасчы Сагынбайдын айткан "Манасы" менен Тоголок Молдо тапшырган "Чоң казат" жана "Манастын балалык чагын" салыштыратда, көркөмдүк жагынан экөө бир даражада турганын айтат. Тоголок Молдонун "Манасты" айтууда алган ордун белгилеп келип:

"Жазгандарын окуганда, сөздөрү өтө элестүү, адамдын ой-санаасын берүү жагы терең, жаратылышты сүрөттөөгө уста экендигин байкайбыз. Анын бир өзгөчөлүгү кайсы бир манасчылардай орду жок узарта бербей, сөзү маанилүү, жыйынтыктуу кыска келет"_ деп, акынга ушундай таамай баа берет. Бул статьясы аркылуу автордун "Манас" эпосу менен жакшы тааныш экендиги таанылат.

Чындыгында Тоголок Молдо жалаң гана таланттуу, эң күчтүү акын болбостон, ири манасчы эле. Анын институтка тапшырган жана басмадан чыккан "Майдан" деген "Семетейден" алынган бөлүгүн окуганда, талантын күчү ачык эле көрүнүп турат. Мында колдонгон салыштыруулар , эпитеттер башка манасчылардыкынан ачык ажыратылат. Эң күчтүү, жүрөк толкуткан сырдуу сөздөр, көзгө анык көрүнгөн сонун элестер менен айкалышкан. Анын стилине геройлорду сыпаттаган көркөм тилине караганда, Тоголок Молдонун айткан "Манасы" жазма адабиятка өтө жакын.

Ошол эле жылы акындын юбилейине карата жазуучу У. Абдыкаимов статья жазат. Ал "Кызыл Кыргызстан" жана "Советская Киргизия" газеталарына жарыяланган. Абдыкаимов Узакбай өзүнүн "Биздин заманыбыздын акыны"[1/] деген статьясында акындын чыгармачылыгы жөнүндө айтат. Бул статьясы илимий мүнөздө эмес, жөнөкөй гана билдирүү маанисинде жазылгандыгы анын жалпы мазмунунан байкалат. Мында да системалуу түрдө берилбестен, ой-пикир чар жайыт, үстүртөн айтылган. Ырас, Абдукаимов акындын тигил же бул коомго көз карашы жөнүндө

өзүнүн туура пикирин айтат. "Мына ушундай алдыңкы катарда жүрүп, мурунтан элдин муңун муңдаган, эл үчүн камыгып, ага камкорчулук кылган, мээримдүү, ниети ак акын бүгүнкү күндө советтик замандын чебер, чечен эл акыны болуп отурат" дейт. Чындыгында Тоголок Молдо эл менен бирге болуп, эл үчүн көп эмгек сиңирген акын; өз элинин эки – формациядагы турмушун үйрөнгөндүктөн, өзүнүн чыгармасында эл турмушун чеберчилик менен бере алган. Мына ошол себептүү элинин сүйгөн акыны болуп калды.

Абдукаимов "Тоголок Молдо"[1/] деген статьясында өз пикирин мурдагыдан толуктайт, бирок акындын тагдырын Молдо Кылыч менен Арстанбекке салыштырып көрсөтөт. Реакциячыл акындар менен демократиячыл багыттагы алдыңкы адамдарды бир тилектеш катарында көрсөтүүгө тырышкан. Албетте, автор эки багыттагы акындар экендигин түшүнгөн эмес, себеби, ал кезде алардын чыгармаларына изилдөө жумушу али орчундуу орунду ээлей элек болучу. Бул статьяда автор илимий жол менен текшерүү жүргүзбөсө да, акындын кайсы бир чыгармаларынын бөтөнчөлүгүн мисал аркылуу далилдеген болот. „Анын алтын колу менен 130 га жакын унутулгус элдик жомоктор, легендалар жыйналган. Ал элдик эпос "Жаңыл – Мырзаны" жазган...Балдар үчүн элдик жомок "Телибай-тентекти" жана башкаларды жазган жана укмуштай сонун иштеп чыккан" дейт.

---

1/ "Советская Киргизия" № 132,10–июня 1940 г.

Элдик адабиятты жыйноо, алардын кайсы бирин өзүнүн көз карашы боюнча кайрадан иштеп чыгуу акындын сүйгөн иши болгон. Ошондуктан, балдар үчүн эң сонун татынакай чыгармаларды бере алган.

Жогоруда айтылган статьялардан башка акындын 80 жашка чыккандагы юбилейине байланыштуу "Кызыл Кыргызстан" "Советская Киргизия" газеталарына жана көркөм адабият журналына мекемелерден келген куттуктоолор, айрым кишилер жазган каттар басылган.

Тоголок Молдонун чыгармаларын изилдөөдө филологиялык илимдин кандидаты Медине Богданова бир топ эмгек сиңиргендигин айта кетүүгө туура келет. Ал жалаң гана бир кишинин эмес, Х1Х жана XX кылымдын башталышындагы бир топ акындардын чыгармаларын изилдеген. Булардын ичинен жолдош Богданованын "Х1Х кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз акындары"[1] деген статьясы илимий көз караште жазылгандыктан, орчундуу орунду ээлейт. Бул статьясында ошол учурдагы кыргыз адабиятына мүнөздөмө берет, ошону менен катар айрым акындардын чыгармаларына токтолот. Медина Богданова ~~аны~~ Тоголок Молдонун эл менен байланышын, элдин муңун муңдап, эл турмушун өзүнүн сонун ырлары аркылуу сүрөттөгөнүн статьясында далилдеп көрсөтө алган. "Эл менен тыгыз байланышкан Тоголок Молдо эки кабат эзүүнүн кысымында кысылган кедейлердин тагдырын сезе билген"[1] дейт Богданова. Тоголок Молдо өткөн караңгылыкта жабыр чеккен ~~жарды~~ жарды - жалчылардын

---

[1] Киргизстан , Литературно -художественный Альманах Киргосиздат 1941 ж.

баштан өткөргөн оор күндөрүн көргөн, алар менен кайгы муңду бир бөлүшкөн,өз элин сүйгөн акын болгон. Анын прогрессивдик идеясын, анын өнөргө, билимге элди үндө-шүн Медина Богданова мындай дейт: "Ал чарбаны мада-ниятту жүргүзүүгө, билимге жана өнөргө ээ болууга, ырым-жырым жана наадандык менен күрөшүүгө орустардан үйрөнүүгө чакырат" [17].

Чындыгында акындын кандай гана чыгармасы болбосун, турмушту үйрөнүүгө үндөп, ал үчүн өнөр жийямк билим керек экендигин, эмгек адам баласынын жыргалчылыгы үчүн эң зарыл шарттын бири болуп эсептелерин айкын көрсөтөт.

Медина Богданова "Киргизская литература" деген очеркинде акындын чыгармасы тууралу кайрылып өтөт, бирок бул эмгегинде, бир аз кайра иштегени болбосо, мурдагы статьядагы материалдар берилген. Ошондуктан эки эмгегинде тең Тоголок Молдо жөнүндө ачык пикир-лер болуу менен бирге, чындыкка жатпаган илимий далилдөө жана болмушту туура көрсөтпөгөн фактылар бар экенин эскертүүгө тийишпиз. Жолдош Богданова реакциячыл акындар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч тууралу алардын өткөндү идеализациялаганын, өзү жаша-ган коомдун бузулбасын жактаганын, алардын чыгармалары пессимизм менен жык толгонун айтып келип, аларды кайра-дан прогрессивдүү, демократиячыл акын кылууга тырышат. Ошол себептүү Молдо Кылычты эл акыны Тоголок Молдонун окутуучусу катарында жогору баалайт.

"Талантгуу кыргыз акыны Тоголок Молдонун /анын чыныгы аты Байымбет Абдрахманов/ чыгармачылыгына Кылыч жана анын чыгармалары чоң таасир эткен" 1/ дейт. Албетте, мындай деп түшүнүк берүү чындыкка жакындабайт, себеби – Тоголок Молдо Кылычтан мурун эле кат таанып, андан мурун эле ыр жазып жүргөнү элге белгилүү.

Тоголок Молдо ошол кездеги акындарды ыр менен тизмектеп айтып келип, Кылычка төмөнкүдөй баа берген

Молдо Кылыч сүйлөдү,
Бул замандын баянын.
Акыл менен көз жетпейт
"Зар замандын" аянын.

Тоголок Молдо ошол кезде эле "Зар замандын" идеясына шектүү көз менен караган. Акын тиги Кылычта өкүм сүргөн динчил мистикага ишенбей, андан качыңкыраган. Ага ишенбегиле деп ачык оюн өз элине түшүндүргөн. Ушуга негиздеп, Тоголок Молдо реакциячыл акын Кылычтын шакирти түгүл, андан алыс, экинчи бир багытта турган деп айтууга болот.

Богданова акынды "1916–жылы Кытайга качып барган" дейт, албетте, бул чындык эмес, себеби – акын Кытайга эч убакта барбаган жана үркүндү да көрбөгөн. Тоголок Молдо бул жылдары Тогуз-Тородо болгон. Ошону менен катар Богданова "Кылычтын жана анын "Канаттуулар"

---

1/ Медина Богданова. Киргизская литература, "Советский писатель", /М, 1947, стр 95/.

"Бүркүттүн тоюнун" түздөн-түз таасири ~~[illegible]~~ астында Тоголок Молдонун сатиралык чыгармалары түзүлөт. Мисалы, анын "Боз куту менен суу куту" деген сатиралык поэмасы мисал болот" деп, Тоголок Молдону анын шакирти катарында көрсөтөт. Албетте, бул пикирге кошула албайбыз, себеби – Тоголок Молдо өзүнүн сатиралык поэмасын Кылычты туурап жазбастан, аны бир зор тарихий окуяга негиздеп жазган. Ал жөнүндө кийинки главаларда атайы токтолмокчубуз. Ырас, поэманын негизи элдик тамсил экени айкын маселе.

Негизинен Тоголок Молдо жөнүндө жазылган статьялар ушулар. Ушул күнгө чейин акындын чыгармачылык ишине арналган атайын изилдөө жумуштары жүргүзүлбөгөндүгүнө жогорку айтылган фактылар далил болот. Ошондуктан бул диссертациялык эмгек акындын чыгармаларын изилдөөдө биринчи байкоо болуп эсептелет.

# БИРИНЧИ ГЛАВА. АКЫНДЫН ОКТЯБРЬ ДООРУНА ЧЕЙИНКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖОЛУ

## 1. Х1Х кылымдын экинчи жарымынын социалдык-экономикалык мүнөздөмөсү

Акындын чыгармаларын текшерүүдөн мурун, жашаган доору, андагы коом катнашы тууралу мүнөздөп өтүү зарыл, анткени – ансыз ал адамдын бет алган багытын ачык көрсөтүүгө мүмкүн эмес. Мына ошондуктан кыргыз элинин Х1Х кылымдагы, айрыкча өткөн кылымдын экинчи жарымындагы коом курулушуна токтолуп өтүү керек. Коомдун тарихий өсүшүн жана таптардын чыгышын тарихий материализм көз карашында аныктап, илимий коммунизмге негиз салуучулар – Карл Маркс менен Энгельс мындай деп жазышкан: "Ушул убакка чейин жашаган бардык коомдордун тарихы таптардын күрөшүнүн тарихы болгон".[1] Кыргыз элинин да тарихы нечен кылымдар бою жүрүп келген тап күрөшүнө байланыштуу. Тарихчылардын, окумуштуулардын айтуунан[1] караганда биздин эрага чейин 200 жыл мурун кыргыздар белгилүү болгон. Албетте, Енисей багытында болсун, Тяншанга которулуп келгенде болсун, кыргыздар тышкы душмандар менен тынымсыз күрөш жүргүзүп турган. Кыргыздардын эң оор абалда калышы, эркиндигин жоготушу Чыңгыз хандын көп сандагы куралдуу күчтөрүнүн чабуулунан кийин башталат. Бирок, кыргыздар күчтөрүн кайра топтоп, эркиндик үчүн бир нече жүз жылдар дагы чабуул жасаган жоо менен кармашып

1/ К.Маркс. жана Ф.Энгельс. Коммунисттик партияны манифести, мамлекеттик саясий басма, 1949, 32-бет.

1/ С.М. Абрамзон. Кыргыз элинин маданиятынын очерки. Кирфан, СССР, Фрунзе, 1946, 14-бет.

келген. Өткен Х1Х кылымдын 60-жылдарында Россиянын составына кошулган күндөн тартып, сырткы чабуул, басып алуучулардан кыргыз эли тынчый баштайт. Бул кыргыз элинин тарыхында өтө кымбат окуя болуп эсептелген. Кыргыздар Россияга кошулуу мезгилинде эң артта калган патриархалдык - феодалдык бытыранды турмушта жашаган эл болучу. "Эң аз өнүккөн элдерде кулчулуктун изи азыр да калган"[1/] деп жолдош Ленин айткан жобого ылайык, кыргыз элинин коомчулугунда алиге кулдануу, аларды адам катарында көрбөй, өлтүрүп коюу, же бирөөгө малга окшошо жумшап берүү калдыгы жокола элек эле. Ошону менен катар крепостной укук да өкүм сүрүп турган.

Россияга кошулганга чейин жарым кылым чамасында кыргыздар Кокон кандарынын эзүүсүндө калган. Кокондуктар өздөрүнүн реакциячыл, адамгерчиликтен четке чыккан катуу эзүүсүн өткөн кылымдын 60-жылдарына чейин жүргүзүп, эмгекчилерди эң оор абалда калтырган. Ленин капиталисттик коомду мүнөздөп келип: "Орус жумушчу табы эки жактан эзилип жатат: аны капиталисттер жана помещиктер тонюп, талайт; ал эми жумушчу аларга каршы күрөшө албастай кылуу үчүн, полиция анын колу бутун матап байлап, оoз ачырбайт, элдин укугун жактоого бет алган бардык аракетти куугунтуктайт"[2/] деп айткан. Лениндин бул сөзү Кокон кандыгынын заманында эзилген кыргыздын эмгекчи элине да тийиштүү. Кокон кандыгы

---

1/ В.И.Ленин. Маркс - Энгельс, Марксизм, Кыргызмамбас, Фрунзе, 1950, 538 бет.

2/ В.И.Ленин. Маркс, Энгельск, Марксизм, Кыргызмамбас, Фрунзе, 1950, 141 бет.

кыргыз элин коркутуу, зордоо жолу менен бийлеп келген. Бай-манаптарды мактап, эмгекчи калың кара букараны эки тараптан эзүү саясатын жүргүзгөн. Кокон хандары көчмөн кыргыз элин кулдукта кармоо максаты менен соода катташ жолдоруна согуштук крепость тургузуп, аларга куралданган гарнизондорун жайлаштырган. Мындай крепосттордү Кокон кандары үчүн пайдалуу жана маанилүү жерлерге салдырган. Андай эң маанилүү пункттар түндүктө, Кара-Балта, Ак-Суу, Пишпек, бийик тоолуу Тяншанда, Жумгал, Нарын өрөөндөрүндөгү Куртка деген жерлер болгон. Ал горнизондор кокондук соодагерлерди сактап, кыргыздардан алым алып турган. Ошону менен катар Кокон кандыгына каршы баш көтөргөн эмгекчил кыргыздардын "колу-бутун матап байлап, ооз ачырбай" желдеттер алып барып, зындан-га салып катуу жазалаган. Өңдүү-түстүү кыз-келиндерди, жигиттерди зордук менен алып кетип турган. Кыргыздын миңдеген жаштарын зордук менен тартып алып, аларды Бухара жана Хива хандарына каршы согушка дайыма жиберип турган.

Кокон хандарынын элдин башын айландырган дагы бир саясаты дин болгон. Алар элдин башын айландыруу үчүн кожо, молдолорун жиберип, алымынан башка, "зекет", "битир", жана дагы башка ышлтоолор аркылуу сүлүктөй соруугa киришкен. "Кыргыз элине мусулман таасири кыргыздар Кокон хандыгына көз каранды болгондон кийин гана күчөй баштаган".[1]

1/ И.А. Батманов, Труды ИЯЛИ, УП, 1947, 61 бет.

Дин идеология катарында Кокон хандарынын үстөмдүгүн чыңоо үчүн чоң роль ойногон. Андан кийин дин Октябрь революциясына чейин үстөмдүк жүргүзүүчү таптын куралы болуп кала берген. Октябрь революциясынан кийин гана анын реакциячыл, элди алдаган курал катарында бай манаптар үчүн кызмат кылгандыгы аныкталды. Ошону менен катар Кокон хандыгынын дагы бир саясаты каршы көтөрүлүш чыгарбоо максаты менен жана чыккан көтөрүлүштү басуу үчүн бир урууну экинчи урууга каршы кайраштырган. Бир урууну тукуруп коюп, уруу арасынан салгылашкан уруш чыкса, эки жүздүүлүк менен миңдеген аскер жиберип, элдин кырылышына себепкер болгон. Буга мисал катарында Саяк менен Бугу урууларынын ортосундагы салгылашууну айтсак жетишет.

"...Медет датка кийинки жылы Кокон канынан эки саркерин баш кылып бир миң кол сурап алып жана өзүнүн Саяк уруусунан бир миң кол алып, бардыгы эки миң кол менен бугуну чапкан"[1] Ошол чабуулдан түшкөн олжо аркылуу уулу Айтакка иш берген. Ашта болгон үрп адет оюндарга бугудан түшкөн мүлктөр, алып келген малдар, туткундалган кыз-келиндер, жигиттер байгеге сайылган. Жалаң эң аяккы балбан күрөшкө олжого келген төөгө мингизип, бир сулуу кызды байгеге сайган. Кокон хандыгынын куралдуу аскеринен кырылгандан калганы Тепеске кире качышкан. Кокон хандары ушундай эки жүздүү адилетсиз бийлик жүргүзгөн.

Ошондой болсо да, катуу эзилген эл Кокон хандыгына каршы дайыма козголоң чыгарышып, анын куралданган аскерлери менен беттешип турган. Акын төрөлгөн жер Курткада бир нече жолу катуу уруштар болгон. Кокон ханынын командачысы Арап деген ушул жердеги элдердин отряд башчысы — Тайлак баатыр тарабынан өлтүрүлгөн. Анын көп сандагы аскерлери Нарын өрөөнүнөн сүрүп чыгарылган. Кокон каны кайрадан басып алуу үчүн көп жолу чабуул жасаган, бирок эркиндикти самаган кыргыздар оңой менен багынган эмес. Акыры Кокон каны астырган тымысын киши жиберет да, Тайлак баатырды байкоосуз жерден өлтүртөт. Ыкчыл жана билгич баатыр кол башчысынан айрылган соң , куралдуу көп сандагы аскерлерге кыргыздар туруштук бере албайт. Ошентип, Кокон каны жапайылык үстөмдүгүн жүргүзө баштайт.

Кокон хандары элди бүлүндүрүү, талап алуу, уруу менен урууну кайраштуудан башка эч кандай жаңылык киргизген эмес. Элдин камын ойлоп, агартуу маселесин жүргүзүүнүн ордуна, караңгылык, наадандыкта эзүү максатын ~~кирки~~. көздөгөн. Экономика жана саясий жактан артта калган Күн чыгыш өлкөлөрү кыргыз элине зомбулуктан башка пайдалуу таасир тийгизе албаган.

Өткөн X1X кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыз элинин тарыхында жаңы этап башталат. Бул кезде кыргыз элинин көпчүлүгү Россияга кошулууну каалап, Кокон ханына каршы күрөштү күчөтүп турган эле.

Ошону менен катар Россиянын согуш күчтөрү да артыкчылык кылып, аны кыргыз элинин бир кыйла бөлүгү колдоволдуктан Кокон хандыгын жеңип алууну тездеткен. Ошентип, 1863-жылдары Кыргызстандын түндүгү бүт дээрлик Россиянын составына кошулган. Кыргызстандын түштүгү болсо, 1876-жылдары гана Россия бийлигинин кол алдына өткөн.

Кокон хандыгына караганда кыргыз элинин Россиянын составына кошулушу алда канча прогрессивдүү көрүнгөн. антени соода жана майда кустардык өнөр жайлар пайда болуп, ошону менен катар кайсы бир шаарларда мектеп жана дарылоо мекемелери иштей баштаган. Бирок агартуу маселеси кыргыз элинин айылынын арасына тараган эмес. Ошонун натийжасында кыргыз элинин эмгекчилери Улуу Октябрь революциясына чейин эң караңгы жана маданиятсыз турмушта жашап келген.

Кыргызстан Россиянын составына кирген күндөн тартып, падыша өкмөтү жаңыча админстративдик - башкаруунун тартибин колдонууну көздөгөн. Бул, биринчиден, бытыраган феодалдык - уруулук башкарууларды бириктирсе, экинчиден, колонияга айланган элдин үстүнөн жүргүзгөн бийликти борбордоштуруу максатын иш жүзүнө ашыруу болгон. Падышалык башкарууну аскер кызматчыларына тапшырып, Кыргызстанда аскердик, колониялык кысымын орноткон. Бардык башкаруулардын баскычы участкалык приставдан тартып, генерал- губернаторго чейин жеткен. Бийликти бир нече баскычка /област, ал уездерге, уезд болуштарга, ал айылдарга/ бөлгөн.

Болстко болуштарды, айылга старчын, бийлерди кыргыздын өздөрүнүн "мыктыларынан" койгон. Ал эми уезд, областтарда падышалык чиновниктер отурган. Россия падышалыгынын бул бийлиги кыргыздын эмгекчи элин эки кабаттап эзүүгө кең жол ачкан. Падышанын койгон чиновниктери бай-манаптарды жактап, алардын берген параларына карк болуп, эзүү саясатын күчөтүү менен сурагын жүргүзгөн.

Эксплоатациялоого жеңил болсун үчүн, эксплоататорлор элди кулдукта, караңгылыкта жана жакырчылыкта кармап турушкан. Падышалык өкмөт Кыргызстандын саясий, экономикалык жана маданий жактан өнүгүшү үчүн кызыкпаган. Кайра кыргыз элинин арасында эски калдыктагы уруучулдук, патриархалдык-феодалдык курулуштун уюткусун бузгусу келбеген жана бытыранды, наадан турмушта эзүү саясатын колдонгон. "Падышалык Россия элдер үчүн түрма болгон. Падышалык Россиядагы толуп жаткан орус эмес элдер такыр эле укуксуз болуп, аларды ар дайым ар түрдүү жагынан кемсинтип жана кордоп турушкан"[1] Колонизаторлор кыргыз элин да "түрмада" калтырган, себеби кыргыздар көп сандаган башка орус эмес элдер сыяктуу эле, укуксуз болуп, бытыранды турмушта жашаган, баш коштура турган өздөрүнүн мамлекети болбогон. Ошондуктан, башка эзилген элдер сыяктуу эле, колонизаторлор Кыргызстанды сырьёлордун базасына жана товарларын сатуучу базарларга айландырууга аракет кылышкан. Кыргыз элинин өзүнчө өнөр жайларга ээ болушуна мүмкүндүк берген эмес.

---

1/ Бүткүлсоюздук Коммунисттик /большевиктер/ Партиясынын тарихы, Кыргызмамбас, Фрунзе, 1946, 6-бет.

Өткөн XIX кылымдын экинчи жарымы Кыргызстандын тарихында падышалык өкметтүн колониялык саясатынын эң кыйын, эң катуу мезгили болгон. Кыргыз эли эки эзүүнүн кысымында калган.

Падыша өкмөтүнүн ошол кездеги элге көрсөткөн зомбулугун жолдош Сталин мындайча мүнөздөгөн: "Падышалыктын саясаты, помещиктердин жана буржуазиянын саясаты – бул райондорго орус дыйкандарынан жана казактардан кулак элементтерди көбүрөөк орноштуруп, великодержавалык умтулуулардын ишеничтүү таянчына айландыруу болгон. Бул саясаттын натийжалары тоо-тоонун арасына сүрүлгөн жергиликтүү элдин /кыргыздар, башкырттар/ бара-бара кырылып отурушу болду"[1/]. Сталиндин акылмандык менен айтылган бул сөзү кыргыз элинин падыша өкмөтү тарабынан бөтөнчө эзилгендигин анык көрсөтөт. Падышалык саясат колонизациялоо болгондуктан, башка улуттарды корсунтууга, кулдукта кармоого умтулган. Россиянын борборунан жана түштүгүнөн орус менен Украина дыйкандарын, кулактарын кыргыз жерлерине которуштурган. Алар 1866-жылдан тартып, кыргыз жерине орношо башташкан. Колонизаторлор аларга кыргыздын эгин айдоочу эң жакшы аянттарын, чөп чабуучу жерлерин зордук менен алып берген. Кыргыздарды эң жаман жерлерге, тоо арасына сүрүп таштаган. Алынган жерлерде падыша чиновниктеринин жана кулактардын хуторлору өсө баштайт, жер которгон переселенцтердин поселкалары түзүлөт. Кыргыз дыйкандары жерден ажырап, жакырдыкта калат, кайсы бир бөлүктөрү

---

1/ И. Сталин. Чыгармалар, 5, Кыргызмамбас, 1950, 29-бет.

жалданып иштөө, малайлыкка жүрүүгө өтүп, батракка айланат.

"Кыргызстандын Россияга биригиши өтө татаал жана карама-каршы тарыхий шарттарда өткөн. Ал падышалыктын талоончул, колонизатордук саясаты менен айкалышкан,- падышачылык улуттарды бири менен бирин кайраштырып, Кыргызстанды патриархалдык-феодалдык бойдон артта калтырууга умтулган. Падыша өкмөтү Кыргызстандын жерин талап алуу саясатын жүргүзгөн." [1/] Чындыгында, падышалык өкмөт өзүнүн карамагына өткөн орус эмес улуттарга ырайымсыздык менен талоончулук саясатын жүргүзгөн. Падыша помещик менен буржуазиялардын таламын жактап, көпчүлүк эл массаларын караңгылыкта өзүү максатын көздөгөн. Анын үстүнө ошол кезде Кыргызстан бүт дээрлик экономика, маданият жана саясий жагынан артта калган патриархалдык- феодалдык өлкөнүн бири болгон. "Патриархалдык - феодалдык эзүүгө падышанын эзүүсү кошулган" [2/] да, кыргыз эли эки тараптан, колонизаторлор жана бай-манап тарабынан эзилүүгө дуушар болгон.

Падышанын чиновниктери парага сатылып, бай-манаптын гана камчысын чаап, сөзүн сүйлөгөн. Манаптар аларга берчү параны эмгекчилердин баарынан зордук менен канап-бутап ала турган. Караңгы эл катуу эзүүдөн кантип чыгуунун жолун издөөнүн аракетинде болгон. "Падышанын саясаты бардык улуттардын эмгекчилер массаларынын, ошонун ичинде кыргыздардын да, экономика,

---

1/ К. Орозалиев:

2/ А.Г. Зимма. Труды ИЯЛИ, УП, 1947, 11 бет.

саясы, жана маданиятынын өсүшүнө тоскоолдук кылууга багытталган"[1] – дейт тарыхий илимдин доктору жолдош Жамгырчинов. Падыша өкмөтүнүн саясаты мына ушуга негизделген.

Кыргызстандын ал кездеги коомдук курулушу патриархалдык феодалдык мүнөздө болгон. Ошону менен катар "Х1Х кылымдын кыргыздарынын социалдык-экономикалык курулушунда чарбалык негизи бар алгачкы коом менен патриархалдык – уруулук катнаштарынын калдыктары күчтүү эле.[2]"

Бул калдыктар жалпы жардылардын турмушун начар авалга дуушар кылган. Бийликти уруу башчылары, манаптар жүргүзгөн. Кедей-кембагалдар кулга айланып, бай-манаптарга баш ийишкен. Алар кедейлерге салык-налог салып, бирин-серин малы болсо, ээ кылбай тартып алып турушкан. Башкача айтканда жарды-малчыларга күн көрсөткөн эмес. Бай менен манаптын эмгекчилерди эзүү жолу эки түрдүү мүнөздө болгон. "...Манаптар өздүк мүнөздүү чектерди ээлешкен. Бийлик өз колунда болгондуктан, алар букаралар менен бирге байларга да ар түрдүү мөөнөтсүз ~~салык~~ салык салган"[3] Ал эми ушул эле манаптардын кол алдында акысыз иштеген жигиттер жүрчү. Булар кулдардан эч кандай айырмаланбаган. Ал "жигиттерди" малдан бетер бир манап экинчи манапка берүүгө жиберүүгө, же

---

1/ Джамгырчинчв. Труды ИЯЛИ, УП,1947, стр 43

2/ Джамгырчинов. Киргизы в эпоху Ормон жана Труды ИЯЛИ, вып: 1,1945, стр. 114.

3/ С. Ильясов. Труды ИЯЛИ, Вып. 1, 1945, 136 стр.

кыздын калыңына өткөрүүгө кенен укуктуу эле. Байлар болсо малай жумшоо укугуна гана ээ болгон. Манаптар байлардын максатын коргоп, биримдик менен калың көпчүлүктү эзип турушкан. Алар кедейлерге ырайымсыздык менен карашкан.

Байларга жалданып, кыйналып, кысталып тапкан оокаттары, мал-салдары манаптардын салыгына кетчү. Ошонун натыйжасында кайрадан дагы байларга жалчы болууга, малай жүрүүгө аргасыз болгон. Ошентип, мээнетсүз жалданууга кириптер болуп, чексиз кулдукта калышкан. Алар адамгерчиликтен чыгарылып, бардык укуктан ажыратылган. Бүткүл адамзаттын генийи Ленин коомдун өсүшүн, мамлекеттин чыгышын, эзүүнүн түрдүү формаларын "Мамлекет жөнүндө" деген лекциясында ачык көрсөткөн. Мына ошол лекциясында эзүүнүн барып турган жапайылык түрү кул ээлөөчүлөрдүн кулдарга кылган үстөмдүгү экенин эң эле ачык айткан. "Кулдар граждан болуп эсептелмек турсун, адам деп да эсептелген эмес"[1] деп, Лениндин айткан сөзү кыргыз элинин Х1Х кылымдагы коом курулушуна тиешелүү. Манаптар эмгекчи кембагал-кедейлерди кулдануу менен эзип келген. Жарды жалчыларды адам катарында эсептебеген.

Падышалык башкаруунун жаңы тартиби эмгекчи массасын эң оор абалда калтырган. Болуштук чиң уруу менен урууну кайраштырып, эл арасына жаатчылыкты күчөткөн. Болуштар чиновниктерге берген паралар үчүн эл бүлгүнгө учураган. Болуштук талашуу кийинки күнгө чейин жаатчылыктын куруч куралы болуп келген. Ошонун үчүн

---

[1] В.И. Ленин. Маркс, Энгельс, Марксизм, Кыргызмамбас, Фрунзе, 1950, 543-бет.

чабышуу, бирин-бири талап алуу, көпчүлүк элди бүлүндүрүп турган. Жаатчылыктын натыйжасында кол курап, үлкөн-үлкөн окуялуу согуштар болгон, бир нече адам салгылашта кыргынга учураган. Акындын родинасы Ак-Талаада болгон "Жети эрдин өлүмү" деген окуя чындыктын картинасы болуп эсептелет. Чоро уруусу менен Кайдуулат уруусунун болуштук талашып согушканы, андан кийин 1906-жылында Кайдуулат менен Чоң-Чарык урууларынын ортосунда болгон кагылыштар элге унутулгус так калтырган. Бул кагылышта өлгөн болуш үчүн Чоң-Чарык ыман уруулары /700 үйлүү эл/ бүт чабылган. Алардын мал-мүлкүн, үй-жайына чейин талап кетишкен. Миңдеген адамдар тоодогу таштардын арасына бир нече мезгил жашап турушкан. Бирок падышанын чиновниктери элдин азап чеккенине көз кырын да салбаган, кайра манаптардын таламын талашкан. "Жети эрдин өлүмү" жана "Аалынын өлүмү" деген жөнүндөгү окуялар Тогонок Молдого көп таасир эткен. Ошонун натыйжасында "Боз кушу менен суу кушу" деген чыгармасын жазган. Мындай талаш-тартыштар Кыргызстандын бардык жеринде дайыма өкүм сүргөн. Падышалык өкмөт кайраштыруу аркылуу өзүнүн бийлигин чыңап турган.

Кыргызстандын Россияга биригиши эң артта калган феодалдык уруулук түзүлүштү бузууга алып келген. Ремеслолук - кустардык майда өнөр жайлар пайда болуп, соода ургалдуу түрдө өнүгө баштаган. "Буржуазиялык таптын күн көрүшүнүн жана бийлигинин негизги шарты капиталдын түзүлүшү менен көбөйүшү, жекече адамдын колунда байлыктын топтолушу болуп эсептелет.

Капиталдын жашоосунун шарты – жалданма эмгек"[1] – деп Маркс менен Энгельс капитализм курулушуна ушундай мүнөздөмө беришкен. Кыргызстандын шаарларында орус капиталисттери үстөмдүк жүргүзсө, айылдарда соодагерлер, кызыл кулактар басымдуулук кылган. Алар мезгилдүү жумушчуларды, малайларды жалдап, алардын акыларына белгилүү өлчөмдө акча, же натуралык түрдө мал төлөп турушкан. Жерден, мал мүлктөн ажыраган жардылар, турмушу кысылгандыктан, шаарга келип, буржуйларга же кызыл кулактарга соодагерлерге жалданууга аргасыз болушкан. Ырас, кыргыздардын өнөр жайлары болгон эмес, бирок жалданма эмгекти бай, манаптар колдонуп калган. Байлар жалчыларды алты ай, же бир жылдык мөөнөт менен жумшаган. Соодагерлер малайларды күндөлүк мүнөзүндө, малдарын сатканча, жумшаган. Ошентип, "капиталдын жашап күн көрүшүнө жалданма эмгек" чоң роль ойногон, капиталдын көбөйүшүнө алып келген. Капиталисттер ~~менен соодагерлер~~ кол алдындагы жалданган адамдарга акыны эң аз төлөшкөн, кээ бир учурда жок шылтоо менен эч нерсе бербей да коюшкан. Жер-суудан ажыраган бей-бечаралар эң оор эзилүүгө учурашкан. Бул эзилүүдөн кантип кутулуунун жолун издей издей баштакан. Демек, падыша өкмөтүнүн башкаруучулары бир жагынан эзсе, да, бир жагынан капиталисттер кулактар, соодагерлер эзсе, бир жагынан бай-манаптар эзип, турган. Кыргыз элинин көпчүлүк эмгекчи массалары эки кабат эзүүнүн торунда кыйла мезгил азап чегишкен.

Кыргыз элинин үстүнөн падышалыктын жүргүзгөн эзүүсү эң оор болгон. Бирок Кыргызстандын Россиянын составына кириши кыргыз элинин тарихы тагдырында үлкөн прогрессивдик окуя болуп эсептелген, себеби- кыргыз элин ар түрдүү эзүүдөн жана эксплоатациядан бошотуунун залогу болгон. Кыргыз эли, Орто Азиянын башка элдери сыяктуу эле, өзүнүн эксплоататорлорунан жана чет элдик колонизаторлордон кылымдап эзилип келген. Ал эзилүүдөн революциячыл орус элинин жардамы, больше- виктик партиянын жетекчилиги астында жана пролетар- дык социалисттик революция аркылуу гана кыргыз эли кутулуп, эркиндикке чыгууга мүмкүндүк алды. Кыргызстан мурунку артта калган майда бытыранды феодалдык өлкө- дөн эми эң алдыңкы экономикалуу, маданияттуу өлкөгө айланды, социализмди куруп, коммунизмдин кең жолунда өөрчүгөн өлкөгө айланды. "Саясий сахнадан феодалдык аристократияны алып таштап, анын колунан байлыкты жулуп алуу, бул, улуттук эзүүнү жоюу, улуттук эркин- диктин үчүн зарыл болгон чыныгы шарттарды түзүү дегендин дал өзү болот" – деген. Сталиндин тарихий мааниси бар сөзү кыргыздарга окшоп, эки кабат эзилген элдерге тийиштүү. Большевиктер партиясы жана анын жетекчилиги жолдош Сталиндин улуттар жөнүндөгү туура саясаты, Россиядагы башка элдер сыяктуу эле, кыргыз элинин гүлдөп өсүшүнө кең жол ачты.

---

1/ И.В.Сталин. Чыгармалар, 3 том, 1949, Кыргызмамбас, 19-бет

38 81

## ӨТКӨН КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Кыргыз элинин эмгекчилери эчен кылымдар бою сырткы басып алуучулар тарабынан да, "өздөрүнүн" бийлөө-чүлөр тарабынан да эки тараптан эзилип келген. Элдин жолбашчысы Ленин "Мамлекет" жөнүндө" деген эмгегинде коомдун өсүү жолун, андагы тап күрөштөрүн мындайча мүнөздөгөн "...үстөмдүк жүргүзгөн бир топ адамдар ар дайым жашап келген жана бийликти сактап туруу үчүн булардын колунда кара күч менен эриксиз кылуунун аппараты, зордоонун аппараты жана ар бир доордун техникалык деңгелине жараша куралдары болгон"[1]. Чындыгында, кыргыз элинин өсүү тарыхында, ушундай "зордоонун" бийлиги өкүм сүрүп келген. Эзилген элдин арасында сырткы басып алуучуларга – колонизаторлорго жана ички "журт" бийлөөчүлөргө каршы наараызылык күчөп, тап күрөшү барган сайын кулач жайган. Колонизаторлор кыргыз элин кулдукта калтыруу үчүн караңгылыкта, наадандыкта кармоону, анын үстүнөн дайыма үстөмдүк жүргүзүүнү максат кылып коюшкан. Колонизаторлор мектеп ачып, эмгекчи массалардын арасына агартуу ишин кеңири жайылтып, илимди аларга таратууга көңүл бурушкан. "Коомдо өндүрүү кандай болсо – негизинен коомдун өзү да ошондой, анын идеялары жана теориялары да, саясы көз караштары да жана мекемелери да ошондой болот"[1] деген принцип, кыргызстандын өткөн кылымдардагы коом курулушуна, анын тарихий өсүшүнө баа берүүдө негизги

---

1/ В.И. Ленин. Маркс–Энгельс –Ленин марксизм, Фрунзе, 1950, 541бет

2/ ВКП/б/ тарихы, кыскача курс, кыргыз мамбас, Фрунзе, 1946, 108 бет.

илимий булак болмок. Кыргызстандын өткөн кылымдагы феодалдык коом курулушу, мал чарбасы менен тыгыз байланышкан көчмөн турмушу маданияттын, айрыкча адабияттын өсүшүнө тоскоолдук кылган. Буга кошумча эң артта калган күн чыгыш деспотияларынын бири болгон Коков кандыгынын маданий деңгели, анын элди наадандыкта эзүү жөнүндөгү "теориялары" да Кыргызстандын маданий жактан өсүшүнө мүмкүндүк берген эмес. Кыргызстандын Россиянын составына кириши орус элинин прогрессивдик маданиятынан үлгү алууга мүмкүндүк берсе да, падыша өкмөтү элдердин билимин көтөрүүнү ойлобогон, кайра караңгылыкта эзүү саясатын жүргүзгөн. "Падышалык орус эмес элдерди кыйноочу желдеттин дал өзү болгон"[1], кыргыз элин да жакырдыкта эзип келген.

"Улут областтарында мамлекеттик кызматтардын баарысын же баарысын дээрлик орус чиновниктери ээлеген. Мекемелерде, суддарда бардык иштер орус тилинде жүргүзүлгөн. Улуттардын өз тилинде газеталар жана китептер чыгарууга да, мектептерде өз эне тилинде окууга да тыюу салынган. Падыша өкмөтү улут маданиятынын бардык түрүн муунтуп жок кылууга умтулган..."[2] Мына ошонун натыйжасында "кыргыздардын 99 проценти тап-такыр сабатсыз болушкан".[3] Бир гана орус элинин пролетарларынын жардамы жана большевиктер партиясынын туура жетекчилиги ~~астында~~ аркасында, кыргыз эли социалисттик Октябрь революциясынан

---

1/ ВКП/б/ тарихы, кыскача курс. Кыргызмамбас, 1946, 6-бет.

2/ ВКП/б/ тарихы, кыскача курс. Кыргызмамбас, 1946, 6-бет.

3/ "Литературная энциклопедия", т. V, 1931, стр. 209

кийин гана катуу эзүүден кутулуп, экономика жана маданият жагынан гүлдөп өсүүгө мүмкүндүк алды.

Кыргыз элинин жазуусу такыр эле болгон эмес деп кесе айтуу, албетте, чындыкка жатпайт. Кээ бир окумуштуулардын текшерип чыгып айткан пикирлерине караганда, УП-1Х кылымдарда кыргыздар орхон-енисей жазуусун колдонушкан. "Бул жазуу -кадимкидей эле ар бир тыбышты өзүнчө белгилеген тамгалуу жазуу болгон".[1/] Ырас, ал жазуунун басма түрүндө келген эстеликтери ушу күнгө чейин табыла элек. Орхон-енисей жазуусу бейиттерге коюлган эстеликтердин бетине жазылган түрүндө сакталып калган. Ал жазуу аркылуу ошол кезде эле кыргызда адабияттык чыгармалар болгондугу байкалат. Эпитафиядагы сөздөр ырдын ыргагы, уйкаштыгы менен жазылган. Кайсы бири сюжеттүү келип, эпоско окшош болгон. Анда образдуулук, салыштыруу, метафора өңдүү адабиятка көркөмдүк берүүчү элементтер бар. Өлгөн адамдын жер тиричилиги менен анын иштери баяндалган. Буга караганда кошокко жакын турат. Енисей жазуусунун эң алгачкы эстелиги Тор-Апа Ичракиге арналганын, ал 648-жылга таандык экенин окумуштуулар изилдеген эмгектеринде көрсөткөн. Ири окумуштуунун бири А.Н. Бернштам өзүнүн бир эмгегинде мындайча деген ачык пикирин айтат: "Енисейские надписи древне-тюрском языке, созданном под влиянием литературного языка орхонских тюрок, содержат: литературные образы, метафоры, эпические цитаты, литературные гиперболы, т.е. несут в себе явные следы литерасурной стилистики.

Древнекиргизские тексты не сомненно рифмованы, а часть из них структурно и сюжетно аналогично эпосу.

На основании этих выводов енисейские эпитафии следует рассматривать как древнейшие образцы киргизской литературы".

Бул пикир байыркы замандарда, УП-1Х кылымдарда кыргыздын жазуу жүзүндө адабияты болгондугун далилдейт. Бирок кыргыз элинин көркөм адабияты Улуу Октябрь революциясынан кийин гана өнүгө алды.

Байыркы 1Х кылымдан тартып, Х1Х кылымдын аягына чейин жазуу жүзүндө эч кандай эстелик табыла элек. Бул мезгилдин арасында кыргыз эли сырткы басып алуучуларга каршы күрөшүп, эң кыйын, оор турмушту баштан өткөргөн. Жоокерчилик элди бүлгүнгө учураткан. Ошонун натыйжасында жазуусу сакталбаган. Душмандар менен болгон күрөштү, ич ара уруулар арасындагы кагылыштарды, ошону менен катар, көргөн оор күндөрүн, тарткан азаптарын, кайгы-муңдарын, ошондой эле кубаныч, жеңиштерин оозеки эл адабиятына топтогон. Ошондуктан, эл кыргыздын өткөн тарихын күзгүдөй ачык көрсөтө турган сонун чыгармаларды-фольклорду түзүшкөн. Бир ооз сөз эл лакабынан тартып, эң ири эпопея – "Манасты" кучагына алган фольклордук чыгарма аркылуу кыргыз элинин өткөн турмушун, үрп-адаттарын изилдеп билүүгө болот. Эл фольклорун алгач жыйнап изилдеген окумуштуулардын бири Чокан Валиханов "Манас" жөнүндө мындай деп жазган: "Бул өтө көлөмдүү, өзү бир энциклопедия: Кыргыз калкынын мифтери, жомоктору

кыялый аңгемелери баары ушу Манас баатырдын тегерегине топтолгон. Мында кыргыз калкынын турмуш-салты, адети, дини, кулк-мүнөзү, ооруга иштей турган ырым-жырымы эл аралык бир-бири менен байланышы сүрөттөлат" "Манас" эпосуна ушундайча баа берген. Фольклордук чыгарманы жыйнап, аларга илимий көз караш менен баалуу пикирлерди айткан ири окумуштуулардын бири Радлов "Манас" эпосунун бир нече бөлүмдерүн жазып алып, орус алфавитинин транскрипциясы менен 1885-жылы кыргыз тилинде басып чыгарган. Радловдун ал эмгеги кыргыз адабиятын, айрыкча фольклорду изилдөөчүлөр үчүн эң керектүү материал болуп эсептелет.

Ошону менен катар, Октябрь революциясына чейин эл фолклорун атайы жыйнап, аларды изилдөө жумушу жүргүзүлбөгөнүн эскере кетүү керек. Мунун баары кыргыз элинин туташ сабатсыз болуунa байланышкан эле.

Өткөн Х1Х кылымдын экинчи жарымынан тартып, Кыргызстанга окуу иши аз-аздан сиңе баштаган. Алгачкы учурда окуу жалаң гана динди үйрөтүүгө негизделгендиктен, китепти окуй билген адам да сабатсыз болгон. Кыргызстандын түштүгүндө мечит жана дин мектебин ачып, молдолор окууну Чагатай тилинде жүргүзүшкөн. Кыргызстандын түндүгүндө болсо, кийинчерээк татарлар ачкан мектеп иштей баштаган. Араб тамгасы менен Чагатай тилинде жүргүзүлгөн жазуу бир топ гана бийлеечүлөр бай-манаптарга тийиштүү, алардын энчи болгон. Дин окуусу эл арасына кеңири тарай албаган. Кээ бир дин мектебинен окуган кыргыздар элетке барып, акы алып,

балдарды окута баштаган. Мында да колунда каражаты ~~жок~~ мол бай-манаптын балдары гана окуй алышкан. Көпчүлүк масса болсо караңгы бойдон кала беришкен.

Бирин-серин кат тааныгандар татар, кийинчерээк казак тилинде чыккан газета, журнал жана башка китептерден окуй башташат. Элдин сезими артылып, балдарын окутууга алыскы Уфа, Казань, Оренбург шаарларына чейин жиберишет. Ырас, бай-манаптардын балдары гана анда окууга мүмкүндүк алган. Окугандардын ичинен жазуучу - акындар чыга башта-ган. 1911-жылы Кылычтын "Зилзала" деген поэмасы, андан соң Өсмоналы Сыдыковдун "Тарих Киргизия", "Тарих Шадмания" деген эки китеби Уфада басылып чыккан. Ошону менен катар казак, татар тилинде чыккан түрдүү китептер калк арасына тарап калган. Айрыкча казак тилинде басылган "Кызы-Жибек", "Кыз -Дарыйга", "Алпамыш", "Заркум", "Сал-сал", "Касым Жоомарт" жана башка китептерди сүйүп окушкан.

Мына ушуга байланыштуу өткөн кылымдын үчүнчү чейре-гинин аягынан тартып, чыгармаларын кагаз бетине түшүр-гөн бирин- эки жазуучу акындар чыга баштайт. Ал акындар өз чыгармаларын фольклордун жана чыгыш элинин акын, жазуучуларынын таасири астында жазышкан.

Ошол кездерде Пишпек, Пржевальск, Ош, Кетмен-Төбө жана башка жерлерде падыша өкмөтү тарабынан туземное учи-лище ачылып, ага негизинен бай-манаптардын балдары кабыл алынган. Андан түрдүү иштерде пайдалануу үчүн

тилмечтерди даярдап чыгарган. Ал училищеден окуп чыккандар кийин эл арасына мектеп салдыра баштайт. Ырас, мындай маанилүү иштер бардык жерде ургаал жүргүзүлбөгөн. Элет арасына тургузулган мектептерде дагы эле эзүүчү таптардын балдары окушкан. Кыргызстандын өткөндөгү мурастарын изилдеген окумуштуулардын бири С.М. Абрамзон агартуу ишинин абалын мүнөздөп келип, мындай дейт: "На территории современной киргизии в 1914–1915 годах насчитывалось 109 начальной школы и 4 – более повышенного типа; во всех школах обучались 7401 человек, в числе которых было всего несколько сот киргизских детей"[1]. Бул сан ал кезде агартуу ишинин эң төмөнкү баскычта турганын айкын көрсөтөт. Ошону менен бирге, кыргызстандагы жергиликтүү калктын ал кезде кандай абалда болгондугун далилдейт.

Кыргыз элинин эмгекчилери бир нече кылымдар бою сырткы басып алуучуларга каршы күрөшүү менен бирге, коом ичинде эзүүчүлөргө да каршы күрөш жүргүзүп келишкен. Эзүүчү тап менен эзилүүчү таптын карама-каршылыгы барган сайын күчөй берген. Мына ушуга карай идеология да өнүп-өсүп турган. Идеологиянын өсүшүн, аны белгилүү максатка карай кайрадан иштеп чыгуу процессин Ф. Энгельс төмөнкүчө мүнөздөгөн:

"...Всякая идеология развивается в связи со всей совокупностью существующих представлений, подвергая их дальнейшей переработке. Иначе она не была бы идеологией, т.е. не имела бы связь дела с мыслями как с самостоятельными сущностями, которые обладают независимым развитием и подчиняются только своим собственным законам"[2].

демек, кандай гана идеология болбосун, коомдун өсүшүне, анын шартына карай дайыма кайрадан иштелип, же алынып ташталып турулган. Кыргыз адабиятынын өсүү жолуна да ушундайча баа берүүгө болот. Бирок ал кездеги адабиятты бир жактылуу өсүштө болгон деп түшүнүүгө болбойт. Тап күрөшүнүн негизинде "наоборот,.. в истории общества действуют люди, одаренные сознанием, поступающие обдуманно или под влиянием страсти, ставящие себе определенные цели".[1] Өткөн кылымдагы акындар да белгилүү максатты көздөп, өздөрүнүн чыгармаларын бир максатка негиздегенин көрөбүз. Ошондуктан, коом чөйрөсүндө жашаган акындар өзүнүн таптык катмарына карай өз көз караштарын өз идеясын белгилүү талап менен эл арасына таратышкан. Кыргыз жазма адабиятынын тарихында да эки багыт болгону белгилүү. Ар бир улуттун маданиятында эки карама-каршы багыт, эки түрдүү идеология болорун, бар экенин Ленин бир нече жолу өз эмгектеринде ачык көрсөткөн. "В каждой нац-ной культуре есть, хотябы не развитые, элементы демократической и социалистической культуры, а в каждой нации есть трудящаяся и эксплуатируемая масса, условия жизни которой неизбежно порождают идеологию демократическую и социалистичеткую. Но в каждой нации есть также культура буржуазная (в большинстве еще черно сотенная и клерикальная) - притом не в виде только элементов, а в виде господствующей культуры".[1]

---

[1] Ф. Энгельс. Людвиг Фейербаха и конец классынем. философии Госполитиздат, 1948, стр. 41.

[2] В.И. Ленин. Соч. т. XVII, 1936, стр. 137.

деп айткан. Кыргыздын Х1Х кылымдагы жана ХХ кылымдын башындагы адабиятында да ушундай эки багыт бар эле. Биринчи элдин талабын, элдин мүдөөсүн көздөгөн, элдин мунун муңдаган, эркиндикке чакырган демократиячыл жана "али өсүп жетише элек социалдык элементи бар" идеология майданындагы багыт эле. Бул багыттагы өкүлдөр Музооке, Токтогул Сатылганов, Байымбет, Абдыракманов /Тоголок Молдо/, Нзак Шайбеков, Барпы Алыкулов дагы ушул сыяктуу алдыңкы адамдар эле. Экинчи багыттагылар феодалдык мамилелердин бузулушуна каршы туруп, кайра анын чыңоо максатын көздөгөн, өткөндү көксөгөн реакциячыл акындар эле. Булардын чыгармалары динге негизделип, анан келечектен үмүт үзүп, пессивизмге белчесинен баткан чыгармалардан болгон. Чындыгында, бул багыттагы чыгармалар үстөмдүк жүргүзүүчү идеология жана үстөмдүк жүргүзүүчү таптын курч куралы болуп милдет аткарган. Алар өз учурунда көп таасир тийгизип, үлкөн роль ойногон. Алардын таасири кайсы бир акындарга да тийгенин көрөбүз. Мына ушуларды эске алып, өткөн кылымдагы акындарды алган багытына, анын турмушка көз карашына карай текшеребиз. Алардын мурастарынан биздин коомго пайдалуу, прогрессивдик жагын гана алабыз. Владимир Ильич Ленин бизге ушундайча үйрөтөт. Улуу генийдин төмөнкүчө айткан сөзү мурастарды сын көз менен карап изилдөөгө кең жол ачат"...Мы из каждой национальной культуры берем только ее демократические и ее социалистические элементы, берем их только безусловно в противовес буржуазной культуре, буржуазному национализму каждой нации" 1/

---

1/ В.И. Ленин. Соч. Т.ХУП,1936, стр. 137

деген. Биз көпчүлүк массага таандык, алардын турмушу реализм жолу менен революциялык мүнөздө көрсөтүлгөн чыгармаларды гана пайдаланабыз. Эскини идеализациялаган, ындыны өчкөн мотивде келечекке күңүрт жана үмүтсүздүк менен көз караште жазылган чыгармалар бизге жат. Бул реакциячыл багыттагы поэзия "Зар заман" деп аталат. Бизге белгилүү эң көрүнүктүү биринчи өкүлү Калыгул болгон. Ал өзү – чоң феодал. Ошонун үчүн феодалдык мамиленин бузулушун каалаган эмес, кайра ошол коомду жактап, бир калыпта сакталып калышын көксөгөн. Калыгул XYШ кылымдын акырынан X1X кылымдын биринчи жарымындагы мезгилде жашады. Кыргыз элинин тарыхында ал татаал учур болгон. Кыргыз эли Коксн хандыгынын оор эзүүсүндө турган. Кыргызстандын кайсы бир көрүнүктүү адамдары орус элине кошулууну каалап, өздөрүнүн өкүлдөрүн жибере баштаган учур эле. Каыгул элдин прогрессивдик оюна каршы бет алып, өзүнүн "Акыр заман" деген поэмасын чыгарган. Бул кийинки өз окуучусу Арстанбекке да, Кылычка да көп таасир эткен. Булардын чыгармаларында ыслам дининин шарыяты негизги орунду ээлеген, ал аркылуу караңгы элдерди үгүттөп, башка элдерди жек көрүү саясатын колдонушкан. Бул багыттагылардын "...Зар заман" поэзиясы феодалдык-патриархалдык мамилелердин бузулушу негизинде, революциядан мурдагы Кыргызстанда болгон патриархалдык- уруулук мамилелер менен феодалдык-капиталисттик мамилелердин чиеленишинен келип чыккан тап күрөшүнүн жана эксплоатациянын ар түрдүү формаларынын негизинде өсүп чыккан".[1]

---

[1] К. Орозалиев. "Советтик Кыргызстан" № 10, 1947, 9-бет.

Алар жаңы тап- капиталисттер табынын пайда болушун каалабай, акчаны, сооданы жектеп тикеден тике каршы чыгышкан.

Ленин : "Ар бир улут маданиятында эки улуттук эки маданият бар - реакциялык маданият жана прогрессивдик, элдик маданият"[1] деп көрсөткөн. Элдик маданиятты жактап, аларды өнүктүрүү багытында Музооке, Токтогул, Тоголок Молдо көп эмгек сиңиришкен. Токтогул ары хаким акын импровизатор, ары ашкан композитор болгон. Ал эл арасынан чыгып, элдин тагдыры, келечектеги эркиндиги жөнүндө көп ойлогон, курч сөзү менен душманга каршы күрөш ачып, эмгекчилерди жеңишке үндөгөн, чыныгы жарчысы, акылман үгүтчүсү болгон. Тоголок Молдо элдин ошо кездеги оор турмушун эң сезгичтик менен жазган, бардык күчүн элдин таламына жумшаган, кыргыздын өз ичинен чыккан биринчи жазуучу акыны эле. Мындан кийин жазуучу акындардан Ызак Шайбековду, молдо Кылыч, Алдаш, молдо, Солтобай жана башкаларды айтууга болот.

Владимир Ильич Ленин искусствонун маанисин көрсөтүп келип, Клара Цеткинге мындай деген эле:
"Для того чтобы искусство могло приблизиться к народу и народ к искусству, мы должны сначала поднять общий образовательный и культурный уровень".[1]

---

[1] В.И. Ленин. Соч. Т.ХУШ, 198, стр. 143

1/ Ленин о лит-ре Ги "Хл", м. 1941, стр. 275

Чындыгында, Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда өз эне тилинде китеп чыгаруу үчүн басмасы болгон эмес. Ошонун натийжасында көрүнүктүү акын жазуучулардын эмгектери жарыкка чыкпаган. Кол жазма түрүндө гана тарагандыктан, ал акындар көмүскөдө билинбей кала берген, бир аз адамдар мындайча айтканда, акындын чөйрөсүндөгү кат тааныган адамдар гана кол жазмадан пайдалана алган.

Талантту, алдыңкы адамдардын алтын сөздөрүн эзүүчү таптар эч качан баалаган эмес. Алардын чыгармалары көпчүлүк массага кеңири тарап жетпей, дүйнөгө жаралып келбегендей эчен акылдын гениййлери жарык дүйнөдөн өтүп кетишкен. Эл искусстводон, искусство элден четте калган. Жалпы жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан экономика, маданияттан артта калган эли туташ сабатсыз өлкө болгон, өз басмасы болбогондуктан, эне тилинде бир дагы китеп чыгара албаган. Жогоруда саналган үч китептин тили кыргыздын негизги тили болбостон, Чагатай, татар тилдеринин аралашмасы эле. Ошентип, кыргыз элинин искусствосу, анын ичинде адабияты өнүгө алган эмес. "Искусство принадлежит народу. Оно должно уходить своими глубочайшими корнями в саму толщу широких трудящихся масс. Оно должно быть понятно этим массам и любимо ими. Оно должно об"единять чувство, мысль и волю этих масс, подымать их. Оно должно пробуждать в них художников и развивать их".1/ деп айткан Лениндин гениалдуу ою Улуу Октябрь революциясынан кийин гана иш жүзүнө ашты.

---

1/ Ленин о лит-ре, М, 1941, стр 276.

## 3. АКЫНДЫН ӨМҮРҮ

Орус элинин атактуу улуу жазуучусу Л.Н. Толстойдун жазган доорун мүнөздөп келип В.И. Ленин мындай деген: "...Период 1862–1904 годов был именно такой эпохой ломки в России, когда старое бесповоротно, у всех на глазах рушилось, а новое только укладывалось, причем общественные силы, эту укладку творящие, впервые показали на деле, в широком общенациональном масштабе, в массовидном, открытом действии на самых различных поприщах лишь в 1905 году"[1/]. Лениндин бул айтканы кыргыз элинин көрүнүктүү акыны Байымбет Абдрахмановдун революцияга чейинки доорунa да тийиштүү. Байымбет Абдрахманов эң кыйын кырдаалда, кыргыз эли эки кабаттап эзилип турган мезгилде, ошону менен катар феодалдык түзүлүш, феодалдык мамилелер бузулуп бараткан, капиталисттик мамиле жаңыдан түзүлө баштаган эски менен жаңынын ортосунда карама-каршылык курчуган кезде дүйнөгө келди. Кыргыз эли Коконн хандыгынын эзүүсүнөн жаңы гана кутулуп, Россиянын составына кошула баштаган кезде дүйнөгө келди. Ал кезде элди караңгычылык каптап, жакырчылык басып турган болучу. Кыргыздын көрүнүктүү эл акыны Аалы Токомбаев өзүнүн Тоголок Молдого жазган катында: "Сиз замандын жылаас кезинде жаралдыңыз, ошол жылаас доордо өмүрүңүздүн гүлдүү кезин кууратып өткөрдүңүз, сиздин куну̇ңузду, алтын сөзүңүздү канкорлор баалашкан эмес. Сиздин берметтей тизилген ширин сөзүңүз, татынакай кымбат жазмаларыңыз

---

1/ В.И. Ленин. соч. Т.17, 1948, стр. 31.

өзүңүз менен бирге кор болгон"[1] деп жазган. Чындыгында Тоголок Молдонун баскан жолу эң татаал жашаган доорунун революцияга чейинки мезгили оор турмуштун натыйжасын көрсөтөт. Аны ушул бөлүмдөгү өмүр баянынан билүүгө болот.

Байымбет Абдрахмановдун туулган жылы жөнүндө ар ким ар башка жазып жүрөт. Кээ бирөөлөр 1869-жылы туулган десе, кээ бирөөлөр 1864-жылы туулган деп, кээ бирөөлөр 1860-жылы туулган деп Тоголок Молдонун окуучусу шакирти А. Чоробаев акынды 1866-жылы туулган деп көрсөтөт. Ал эми 1940-жылы эл акыны Тоголок Молдонун 80 жашка чыкканына байланыштуу юбилейи өттү. Ушуга караганда, "акын 1860-жылы туулган" деп жазгандардын пикири туура болуп чыгат. Өзүнүн паспортунда да 1860-жылы, туулган. болуп жазылган.

Демек, Байымбет Абдрахманов 1860-жылы июнь айында Куртка деген жерде туулган. Атасы Абдрахман Аким уулу кедей адам болгон. Атасы Абдрахман да, энеси Коңур да өз эмгектери менен тиричилик кылып, турмуштарын өткөргөн момун адамдар экен. "Абдырахман өзү башынан эле кедей болуп келген. Абдыракмандын алты баласы, аялы жана өзү менен сегиз жан бүлөөсү болгон".[1]

Байымбет кичинекейинен эле атактуу комузчу Музооке ге үйүр болуп_ ал кишини каралап жүрөт. Музооке баланын жүнү тирүү, тириг арак, сергек жана зээндүү

---

1/ А. Токомбаев, "К.Кыргызстан" № 132, 10.VI. 1940.
1/ Колхозчу, №17, 10.июнь 1940 ж.

экенин байкап билет. Өз жанына алып, бир жакка барса, кошо ээрчитип, баланы өзүнө имере тартат. Ырас, Музооке карылыкка моюн сунуп, мурдагыдай эл кыдырып кетүүгө каржысы келбей калган кези эле. Баланын сүйлөп бергенине кубанып, бир жагы эрмек үчүн өз комузун кыңгыратып отура бере турган. Байымбет 7 жашка толгондон тартып, Кара-Тегин Калчадан келген Абдырасул деген молдого аны окууга берет. Молдодон 45 жыл окуп, Байымбет бир аз кат таанып калат. Албетте ал дин мектеби эле.

Музооке оңду-солду мындайча айтканда Кыргызстанды бүт арыткан, көп жерге атагы чыгып, даңкы угулган көп элге белгилүү ары комузчу, ары акын адам болгон. Музооке жөнүндө Байымбет мындай дейт:

Өзүмдүн бабам Музооке,
Чертип жүргөн комузду.
Комузуна келтирип,
Кошуп жүргөн добушту.

Музооке комузга м үнүн кошуп ырдаган чебер акын болгон. Ал Кара-Тал-Жапырак деген жерде /Соң-Көлдүн Нарын тарабында/ кадимки атактуу акын Буйлаштын уулу Арстанбекке учурап, экөө айтыша кетет. Акындык жагынан Арстанбек кичине басымдуулук кылып, Музоокени ырдап жеңет. Андан соң комузчулукту сынашат. Комуздон Музооке кыйындык кылат да, Арстанбек жеңилип калат. Ал жерде экөө дос болушат.

музооке өзүнүн кедейлигин, эң начар абалда тургандыгын Арстанбекке айтат. Арстанбек биреөдөгү доосунан өндүрүп айдап бараткан ончакты жылкыдан эки байтал берип кетет. Ошондон кийин Музооке кичине прдене түшөт. Мындан кийин Чүй боюнда Куройт- Камыш деген жердеги Бошкой баатырга жолугуп, 40 күү комуз чертип, андан 9 жылкы алат да, дагы оңоло баштайт. Байымбет музооке оокаттуу болуп турганда, анын колунда тарбияланып өстү. Музооке жаш балага адеп эле "жарыңын кебин капка сакта, өлсө сөөгүн апта сакта" деп, дидактикалык, таалим алуучу сөздөрдөн үйрөтөт. Бул сөз аркылуу баланын көңүлүн эл мурастарына бөлүү, өзүнбн түрдүү нускалуу, эң баалуу нерселерди үиретүү максатын алдыга койгон. Ошентип, лакап, жомок, түрдүү ыр, кошок өңдүү эл чыгармаларын аз-аздан үйрөтө берген. Музооке ары акын, ары чебер комузчу, ары көптү көргөн сөзмөр, чечен киши болгондуктан, айткан сөздөрү ирети менен куюлушуп, кулакка жагымдуу угулуп, кимдин болсо да, көңүлүн өзүнө бура турган. Ал эми жаш Байымбетке ушунча таасир калтырган. Зээндүү Байымбет карыя агасы Музоокенин айткандарын көкүрөгүнө жат кыла берген. музооке өзүм уламчыл адам эле, ошондуктан, Байымбетке да улама сөздөрдөн, кыргыз элинин өткөн тарыхынан, уруулардын бөлүнүштөрүнөн көп үйрөткөн. Мунун баары келечектеги акындын чыгармачылык ишине кыйла таасир тийгизип, көп жардам көрсөткөн. Акындын чыгармачылык жолу Музоокенин тарбиясы менен тыгыз байланышкан..

Байымбеттин атасы Абдыракмандын өлгөндүгү жөнүндө түрдүүчө сөз болуп жүрөт, себеби - ал кезде баланын

төрөлгөндүгү, кишинин өлгөндүгү тууралу каттоо жүргүзүлбөгөн. Кайсы бирөө "Байымбет он эки жашка чыкканда атасы Абдыракман дүйнөдөн кайткан" – десе, кээ бирөө он жашка, дагы бирөөлөр 14–16 жашка чыкканда Абдыракманды, анан Музоокени дүйнөдөн кайткан деп далилдеп жүрүшөт. Акындын "Токсон суроо" деген биографиялык чыгармасында мындай деген бир куплет ыры бар:

Он эки – он үч жашымда,
Жетимдиктин жайынан.
Тентип Чүйгө кеткенмин,
Кайрылбас тууган айынан.

Бул ырына караганда, Байымбет 12–13 жашында жетим калат. Бул өз кол жазмасы болгондуктан ишенүү кыйын. Окуучусу – шайирти А. Чоробаев тарабынан кошулуп кеткенби делген күмөндүк туулат. Ал эми акындын өз кол жазмасы "Сырым" деген ырында мындай дейт.

Миң сегиз жүз алтымыш
Тарихтын келген жылында,
Энем менен тууптур,
Кабарым кетти кылымга.
Эркиндикке көз болуп,
Эми жеттим тынымга.
Он төрт жашка келгенде,
Атам өлүп айрылдым,
Арманы көп Байымбет
Андан бетер кайгырдым.
Энем –жесир, мен – жетим,
Эсимден танып зар кылдым [1/]

Акын ушул ыры аркылуу өзүнүн тууган жылын, жетим калган убагын так биографиясынын ачык картинасын көрсөтөт. Демек, же он, же он эки, же он алты эмес, Байымбет туура он төрт жашында жетим калган. Бүт үй бүлөө жалгыз гана күйөрү Музоокеге карап калышат. Күчтөн тайып калган Музооке колунан келишинче жетимдерди асырап турат. Бирок, төрт жылдан соң, 78 жашында Музооке да дүйнөдөн кайтат. Бул жоготуу Байымбетке оор тиет. Ошентип, Коңур алты баласы менен каралашар кишисиз калып, жетимдерди багуу үчүн оор турмуш менен күрөшө баштайт. Башынан кедей, бирин-серин чарба малы болгондуктан, күн көрүү, жашап туруу ал үй-бүлөөгө кыйын болот. Ал эми туугандарынан эч кимиси каралашпайт. Мына ошонун натыйжасында Курткадан "тентип" кетүүгө аргасыз болушат.

Кыргыздын мурдагы салты боюнча ким жети атасына чейин билбесе, ал адам кул болуп эсептелген. Ошондуктан Музооке балага үйрөткөн болуу керек, Байымбет жети атасына чейин бүт санап айта турган.

Байымбет Абдырахман уулу, Абдырахман Аким уулу, Аким Садык уулу, Садык Токтоназар уулу, Токтоназар Такаш уулу, Такаш Култай уулу, Култай Кайдуулат уулу, ошо Кайдуулат уруусунан болуп, аркы уругу Саяктан тарап чыгат. Ал эми Музоокеге мындайча кошулат. Садыктын балдары: карача Аким, Музооке Акимден - Абдырахман, андан Байымбет. Байымбетти ошо Музооке тарбиялап өстүргөн.

Музоокенин атасы Садык ашкан кедей болуп, Ормондун айлында жүргөн. Кийин Музооке атка минип, комузчулук өнөрү менен элге тааныла баштаганда, Абдырахмандын атасы Аким болуп, өз балдары менен Куртkaга көчүп келген. Музоокенин чебердигине, мыкты акындыгына кызыгышып, Ормон хан менен Ыстам деген талаша кетет. Музооке экөөнө тең баргысы келбей, бир аз кыйыктанат. Ошол үчүн "Эки адамды талаштырган немени бир жолу жайлап таштайын" деп Ыстамдын ырайымсыз уулу Маңытай айбалта менен Музоокенин мээсин чыгара чабат. Мээси алжайып көрүнүп турса да, өлбөгөн соң атайы бир кемпирге: "мээнин кабыгын чий менен тытып койсоң, кабылдап кетип өлөт" деп Ыстам уулдары дайындашат, бирок бир кедей адам тиги манаптардын аракетин Музоокеге билгизип коёт, ошентип, өлүмдөн аман калат.

Музоокенин төрт баласы болгон. Төртөө тең ары ырчы, ары ашкан комузчу болуп, журт арасына өнерлөрүн көрсөтүп жүрүшөт. Канкор Үмөталынын Чаргыны Музоокенин Өмүрзак деген уулун Какшаал тараптагы кайнына күйөө жолдош кылып алып барат. Бир болбогон нерседен кыйкым таап, Өмүрзакты аялынын калыңына кошумчалап, /кул кылып алгыла" деп таштап келет. Өзүнүн башынын жара чабылышы, Өмүрзактын башка элдин колунда калышы Музоокени жабыркатып, жүрөгүн жаралайт. Ушуга байланыштуу ошол теңдиксиз турмушту, манаптардын өткөргөн кордугун ашкерелеп, кыйын, катаал күндөн кантип кутулуу жолун издеп, ал "Музоокенин муңдуу күү" деген атактуу күүсүн чыгарган. Ал эл арасына тез тарап, бат эле

чоң мааниге ээ болгон. Анын сүйкүмдүү ырлары, муңканган муңдуу күүсү элдин сезимин ойготуп, эзүүчү тапка каршы күрөшкө чакырган тарихий чыгармадан болуп эсептелген. Бул бүткүл Кыргызстанга тараган. Республиканын кайсы бурчунда болсо да ырдаша турган.

Кайдан келдим Саяктан?
Кутулбадым таяктан.
Кайдан келдим Нарындан?
Кутулбадым жалындан.
Кайдан келдим Ормонго?
Камалдым темир коргонго!

Же: . . . . . . . . . . . . . .
Мураталы, Калдыбай,
Тирүүлөй жетим калдың ай! –

деген өңдүү муңдуу ырларды ким болбосун, билишчү, аны сүйүп ырдашчу. Мураталы, Калдыбай, Өмүрзактын балдары. Өмүрзак кытай жеринде дунгандардын көтөрүлүшүнө катышып, "баатыр башы" деген наам алып, дунгандар менен 1878-жылы качып келген.

Музооке ушул окуялардын баарын Байымбетке айтып, өзүнүн эзүүчүлөргө каршы чыгарган ырларын балага үйреткөн. Байымбет он беш жашынан эле чоң атасы Музоокенин ырларын топтошкон эл ичинде ырдай баштаган. Бул жаш баланын талантын көтөрүп, келечектеги акындыкка жол ачкан булактын бири болгон. Ырас, жаш бала Музоокенин комузун үйрөнүүгө үлгүрө албады, анткени – кичине эс тартканда, Музооке дүйнөдөн кайтты. Ошондой болсо да Музоокенин таасири акындын чыгармачылык ишине, акындын өмүрүнө унутулгус элес калтырган.

Музоокенин дүйнөдөн кайтышы Байымбет үчүн эң катуу жоготуу, эң кыйын күнгө туш болууга алып келди. Турмуштары кысталат. Туугандан эч кими каралашпайт. Бир жакка барып жан сактоо, жетим балдарды асырап багуу Коңурдун жүрөгүн тынчытпайт. Коңур "Жумгал жайлуу болор, андагы туугандар каралашар" деген ой менен алты баласын ээрчитип, Жумгалга барат. "Жардам берер" деген максат менен Жумгалдагы Көкүмбайдын атасы Чыныга каралап, 5-6 ай алардын түрдүү жумуштарын иштеп күн өткөрүшөт, бирок андан дале чекелери жылып жарышпайт. Ошол учурда Чүй тарабынан бир жумуш менен Айылчы деген адам барып калат. Чебүрөгөн майда балдарды көрүп, алардын жайын Чыныдан сурайт. Ал бардыгын түшүндүрөт. Айылчы өзү дагы Саяктын Кайдуулат уруусунан болгондуктан, тууган чыгып, Байымбетти, анын энеси Коңурду сөзгө алып, тууғандык жайын билгизет. "Чүйө барсак сокатыбыз өтөр" деп, Байымбет энесине кеңеш салат. Ошентип, алар 1878-жылы Айылчы менен Чүйгө келишет. Токмок шаарынан 20 чакырым алыстыктагы Кара-Дөбө деген жердеги Айылчынын айлына көшулуп, аны каралап туруп калат. Айылчы бир айылдын билерманы, старчыны эле. Ошонун үчүн жетимдер баш калкаламыш болуп, "бири отунун алып, бири суусун куюп, бири коюн багып" дегендей ар түрдүү жумуштарын иштеп жүрө беришет, бирок андан да баар табышкан, жарып, чекелери кызыган жок. Айылчы алып келгени менен жетим, жесирлерге каралашып, аларга эч кандай жардам дале көрсөтпөдү. "Өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып",турмуштарын өткөрүүгө туура келди. Турмуштары өтө кысталгандыктан, үйдү

бакалап, бир торпок келсе, аны союп, эти үйгө катып коюшат. Бир торпоктун ээси суроо салып издеп келип, "Торпок көргөнүңөр барбы?" деп, жалпы суроо берип тура калат. Анда Байымбет:

Эки жетим балабыз,
Эрте жатып калабыз,
Элеңдеп коркуп бизде жок,
Эшикке чыгар чамабыз.
Эселек маңгып жүргөндүр
Эки жактан караңыз,-

деп, ыр менен жооп кайтарат. Ал киши баланын ырына кубанып, бир чети шек алат. "Бул баланын кеби куйкум чыгып турат. Ушуларда бир шек бар" - деп, баягы киши аттан түшө калып, үйдү оодара кетет. Катып койгон этти таап алат.

Бул жердин чоңу, зору Сооронбай эле. Ал болуш болуп, элди канап-бутап жеп турган кезири болучу. Ансыз эч кандай чыр-чатак, доо, аласа-бересе өнчү эмес. Баланын тагдыры ошондон чечилүүгө тийиш эле.

Ал киши көргөнүн Сооронбай болушка дароо жеткирет. Байымбетти чакырып, аңгеме өткөрүп, баланын зээндүүлүгүн, өткүрдүгүн сынап билет да, "мен бала кылып алам" деп, алиги кишинин доосун басып коёт. Энесине саан алып берип, Байымбеттин санаасын кичине тындырган болот. Сооронбай "Бул акын болуп чыгат, кийин өзүмдүн колумдан чыкпас ырчым болот" деп ойлойт да, й эң улуу байбичеси Шарыйпанын колуна берет. Бул кезде Байымбет 20 жашка

келип калган эле. Сооронбай бекер малай тапкан өңдүү Байымбеттин үстүнө түрдүү жумушун жүктөйт. Ошентип, Байымбет бекер иштөөгө кириптер болот.

Байымбет баштагы алган билимин азсынат, окугусу, билим алгысы келет, бирок, молдого ал кезде бир азый төлөп окугандыктан, ага каражаты жетишпейт. Шарыйпага бул пикирин билгизген соң, ошол айылдагы Майчы деген молдого табыштайт. Жакшылап билим алуу үчүн, молдосунун кызматын кылып, кээде анын үйүнө жатып калып, түндө да окууга туура келген. Айылчынын уулу Осмон менен аңгемелешкенде, ал мындай деди: "Байымбет ушул жерге келгенден кийин Майчы деген молдодон окуган. Анын үйүнө жатып, отунун жарып, от жагып, күл чыгарып, суу куюп" дегендей, түрдүү кызматын иштеп, эки жылы окуйт. Ал каардуу молдо болгондуктан, Байымбеттин башын бир жолу айра чаалтыр".

Ушул кордуктан кийин Байымбет окубай калат. Ошол эле Айылчиев Осмон мындай маалымат айтат: "Менин атам Байымбет жөнүндө көп сөз кылчу эле. Колу жөн турбай, бир деме деп өзүнчө күбүрөп, көө менен санын каралап чийе берчү эле", деп айткан.

Чүйгө адеп келгенде кагаз жоктуктан ошентип жазчу экен". Бул бир жактан талантуулукту көрсөтсө, экинчи жактан, балалык мүнөздү ачык далилдейт. Бул жерге келгенде Байымбеттин 18 жаштагы кези болуу керек. Ошентип, Байымбет жашынан эле ыр жазууга киришкен.

Шарыйпанын колунда Байымбетке окшогон дагы эки жетим бала болгон. Байымбеттин акылдуулугу, сезимдүүлүгү Шарыйпанын көңүлүнө жага турган. Байымбет күлдүрүп, бир- эки куплет ыр жаза койчу. Ошого байланыштуу Шарыйпанын колуна келгени, анын самоорун коюп, от жагып малай жүргөнүнө карабастан, түрдүү акындарды көрүп, алардын ырын угуп, сезими жана таланты артылып, ырды жазууга ынтасын коюп, айланага, чөйрөгө кызыгуу менен карап, турмушту таануу, аны толук өздөштүрүп үйрөнүү үчүн аракеттене баштайт. Байымбеттин талантынын ойгонушуна, анын өсүшүнө айрыкча "Манас" эпосу көп таасир эткен. Байымбет адеп Чүйгө келгенде эле жомокчу Тыныбектин "Манас" айтканын көрүп, ал кайра барып айтпасын, артынан кошо ээрчип жүрүп угат. Байымбет "Манас" жомогунан бир топ үйрөнүп алган эле. Ал эми Сооронбайдын үйүнө кап-кайдагы ырчылар, белгилүү жомокчулар көп келе турган. Кадимки Тыныбек манасчы жыл сайын келип, бир нече убакыт "Манас" айтып жомогу түгөнгөндө кетчү эле. Ошол Байымбет жүргөн учурда Тыныбек дагы келип калат. Бул келишинде Тыныбек Сооронбайдын үйүндө көпкө чейин жүрөт. Байымбет "Манас" эпосуна дагы ынтаасын коюп угат. Жалаң гана ыр түрүндөгүсүн эмес, кара сөз менен айткандарын да тыңдайт. Тыныбектин жанынан чыкпай, "Манастын" сюжетин толук үйрөнөт. Өзүнүн зээндүүлүгүнөн ошол 2_3 айдын ичинде бир топ үйрөнүп алат. Эндей түшкөн учурларда, Байымбет Тыныбектен түшүнбөгөнүн сурай турган. Тыныбек да баланын шыктуулугуна, тырышчаактыгына кубанып, суроосуна жараша, эрикпестен айтып бере турган.

Ошондуктан Байымбеттин эсинен кеткис кымбаттуу киши катарында, акындын жүрөгүнүн терең түбүнөн орун алган. Байымбет акыркы өмүрүнө чейин ал кишини эсинен чыгарбайт. Өзүнүн 1940-жылы жазган "Сырым" деген ырында да:

Он сегиз жашка келгенде,
Акун болдум атанып.
"Манасты" бүт үйрөндүм,
Тыныбектен жат алып.

дейт. Демек, Байымбет 18 жашка чыкканда, "Манасты" үйрөнгөн.

Кээ бир кишилер "Байымбет курткада жүргөндө эле Тыныбектен үйрөнгөн деп айтып жүрүшөт. Бул пикирге кошулууга болбойт. Бул пикирдегилер "Тыныбек дагы Нарындык, Тоголок Молдо дагы Нарындан, демек- ошол жерде байланышкан болуу керек" деген болжолдоо менен ушул тыянакка келишкен. Ал эми акындын өмүр баянында : "Сооронбай деген манапка жалданып турганында, кадимки улуу жомокчу Тыныбекке кезигип, "Манас" үйрөнө баштайт. Тыныбек күздүн күнү Дүр дегендин үйүндө үч ай жатып, "Манас" жомогун айтканда, үзгүлтүксүз үстүндө болуп, сөз кешилерин толук үйрөнгөн"[1] - деп жазылган. Бул чындыкты көрсөтөт. Байымбет алгачкы учурда "Манас" жомогундагы баатырлардын, анан кайсы бир жерлердин аттарын жазып алган. Баланын "Манаска" дилгирдигин, күнтүн койгондугун билип, Чүйдөн алган эгиндерин төөгө жүктөп, анын үстүнө мингизип, Байымбетти кошо ала кетет.

---

[1] Дело № 2 "Өмүр баяны" , 1942-ж. 15-бет.

Тыныбек менен анын Нарындагы үйүнө барып, бир аз убакыт ал жерде туруп калат.

Чүйдөгү энеси менен бөбөктөрүнөн санаасы тынбай, сапарынан тез эле кайтып келет. Турмуштары дагы кысталат, эч кимден жетим-жесир экен деп кайыр болбойт. Сооронбайдын үйүндө анын түрдүү жумушун иштегени менен акы төлөбөстүнө көзү жетет. Байымбет андан көрө жалданып биреөгө малайлыкка жүрүүнү ылайык тапты. Беш- алты баш үй бүлөөнү багуу үчүн Байымбеттин өзү иштеөгө туура келди. Ал Ранго деген бай дунганга малай болуп, жаштыгына карабай, оор жумуштарды иштей баштады. Төрт жыл ушул дунганда малай болуп, эгин-тегинин, мал-салып багат, ар түрдүү кызматын кылат. Бир аз кийинип ичинип дегендей тыңый түшөт. Иниси Байымбет да эмгекке жарап калат. Бул Байымбет үчүн чоң жөлөк, чоң кубаныч болот.

Байымбет эл арасына турууну ойлоп, туугандарга бакалап, кайрадан Кара-Дөбөгө келишет. Байымбет иниси да жалданып иштеөгө киришет.

Ошол учурда Токмок шаарына барып жүрүп, Степан деген бай орусту таап алып, анын колунда бир топко чейин жүрүп калат. Мындагы максат орусча тил үйрөнүү, мүмкүн болушунча орусча сабатын жоюу эле. Степан түрдүү жумуштарга жумшай бергендиктен, акындын көздөгөн максаты, ойлогон ою ишке ашпады. Окуп билимге жетүүнүн ордуна, орус алфавитинин тамгаларын көчүрүп

алып, ошону өзүнчө окууга ойлонду. Орус тилин жакшы билбегендиктен, өзүнчө окуп, окууну өздөштүрүүнү Байымбет үчүн кыйын эле. Ошондой болсо да, шаарда жүрүп, эмчиликти үйрөнүп, анан элетке барып, балдарды балдарды эмдөөгө киришет. Байымбет бул эмчиликте 3-4 жыл иштейт. Албетте, ал кезде орусча тил, жазуусун билип, врачтардын айткандарын түшүнгөн, билимдүү кишилер гана эмчиликти иштей алган. Буга караганда Байымбет өз заманында билимдүү адамдардын бири болгон. Өзүнүн шакирти А. Чоробаев: "орусча сулуу, кооз жазган киши болгон. Бир аз убактын ичинде орусча сүйлөшө билип, сөзүн жакшы түшүнүп калган" деп Байымбет жөнүндө ушундай баалуу материалды айтат. Бирок, орус элинин адабий мурастары менен таанышкандыгы жөнүндө эч кандай маалымат жок. Орус элинин классиктеринин чыгармалары менен тааныш болбоско тийиш, анткени - анын өз чыгармаларында сөз кылбайт.

Байымбет мындан да эч натийжа чыкпасын билген соң, малайлыктан бошонуп, элетке барууну ылайык тапты. Ары арабача катты түзүк жазган сабаттуу адам болгондуктан, ары орусча аз да болсо жаза билгендиктен, элет ичинде балдарды окутууга киришет. Байымбет өзү окуткан балдардын көңүлүн жалаң сабаттуулукка бурган. Балдарды бир жыл гана окутуп туруп, анан тууганынын сунушу боюнча үкөз молдолук милдетке которулган. Өзү старчын болсо да, өзүнүн зээкүрдүгү аркылуу Айылчыны болочок акынды болбос ишке кармап турган. Ошентип, бир жыл дагы Айылчынын

тузагынан чыга албай, Байымбет кыйын кысымга учурайт. Бир жылдан соң так кесер эле иштебей коёт.

Степандын колунда малай болуп жүргөндө, анын кызы врач болгондуктан, эмчиликти үйрөнүп алган эле. Ал кезде Элетте врач эмес, фельдшер болгон жок болучу. Ошондуктан жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү жокко эсе эле. Ошону менен элге коркунуч келтирип турган эпидемиянын бири "кара тумоо" болучу. Бул оорудан адамдар көп жабырдана турган. Байымбет эл үчүн кызмат кылып, агартуу ишин жүргүзүүнү алды коюп, Элетте эмчи болуп иштей баштайт. Чечекке каршы жүргүзгөн иши үчүн эл Байымбетти ушунча кадырлашат. Мурунтан караңгыга батып, динге алданып келген эл медициналык илимдин кадырын билип, баркташат.

Албетте, ал кезде орус тилин, жазуусун билген, врачтардын айткандарын түшүнгөн, билимдүү киши гана эмчиликти иштей алган. Буга караганда, Байымбет өз заманында билимдүү адамдардын бири болгон. Өзүнүн шакирти А. Чоробаев: "Орусча сулуу, кооз жазган киши болгон. Бир аз убактын ичинде орусча сүйлөшө билип, сөзүн жакшы түшүнүп калган" деп, Байымбет жөнүндө ушундай баалуу материалды айтат. Бирок орус элинин адабий мурастары менен таанышкандыгы жөнүндө эч кандай маалымат жок. Орус элинин классиктеринин чыгармалары менен тааныш болбосо тийиш, анткени – акын өз чыгармаларында сөз кылбайт.

Байымбет Чүйдө жүргөн кезинде, 22 жашында үйлөнүп дагы тыңып алганча иштеп тура берген. Кийин Курткалык туугандарына барууну ойлоп, 1887-жылы туулган жери Курткага көчүп барат. Бул мезгилде 27 жашка келип Байымбеттин толуп турган кези эле. Анын үстүнө акындыгы артылып, "Манасты" бир жагынан айтып, көзгө көрүнүп калган кези болучу. Байымбет Чүйдө жүргөндө эле жазган ырлары, казалдары элге тарап калган болучу. Бирок, алгачкы ырлары кошок, анан сүйүү ырлары эле. Чүйдө өзү окутуп турган Карабай деген бала өлүп калганда, ага арнап көлөмдүү казал чыгарган. Ошентип, Байымбет жаш кезинен эле ыр жазууга киришкен. Бирок акындык таланты жокчулуктун айынан көпкө чейин шар өсүп кете албады. Бул жөнүндө "Токсон суроодо" мындай дейт:

Он жыл буга айланып,
Жок турмушка байланып.
Кайта келдим Курткага
Катын алып жайланып.

Чүй боорунда он жылга жакын турган. "Келгенден кийин дыйканчылык кылып, Курткага жата берет. Ошол кезде акындыгы билинип элге атагы угулуп, бир нече жерге таанымал болуп калат. Кадимки нускалуу акын катарында ал акынды урматтай баштаган кези болот". дейт. Тоголок Молдонун шакирти Чоробаев. Бул жерде Тыныбекке жолугуп, аны ээрчип, "Манастан" калган катканды жазып жүрө беришет. Байымбеттин колунан кагаз калем түшпей турган. Кайсы жерде болбосун

өзүнчө күңгүрөнүп, же биреөден бир нерсе жөнүндө сурап, элден уккан окуялуу, кызык сөздөрдү текке кетирбей, өз учурунда бүт жазып алчу экен. Тыныбекти көптөн бери ээрчип жүргөнүнө, анан жаш жигиттин бир демени эле күбүрөп жазып жатканына таңданышкан эл, бир отурушта "бул кимиңиз?" деп сурап калганда Байымбет чарчы бойлуу жигит болгондуктан, жана кат тааныгандыктан, Тыныбек эркелетип: "бул менин Тоголок молдом" деп коёт. Ал кезде кичине эле кат тааныса, ал адамды "молдо" дей турган. Мына ошондон кийин Тоголок Молдо аталып калат. Тоголк Молдо деген ат бардык элге жайылгандан жайылып, ошону менен катар ырлары да эл арасына таралгандан тарай баштайт. Бир жагынан "Манас" айтып элдин көңүлүн ачкан, эң шайыр, сөздөрү күлкүлүү, ашкан куудул, тарихий аңгеме,тамсилдерди, лакап, макалдарды куюштурган сөзмөр адам болуп өсүп жетишет. Эл акынды сыйлап, топтошкон жерде ырдата турган болот. Жигиттер сүйүү ырларын, келиндер кошокторду жаздырып алып, аны жатташа турган. Тоголок Молдо Чүй боорунда жүргөндө бул жердеги кыргыздын ырчылары менен бирге, казактын да белгилүү ырчылары менен таанышкан эле. Казак тилинде чыккан көп китептерди окуган. Казактын ири акындарынын бири Майкет менен бирге болуп, андан бир топ ыр үйрөнгөн. Ал эми Курткага баргандан кийин да ал жердеги акындар менен байланышып турууну кечирилбес милдети катарында алдына койду. Кезегинде кайсы бир ырчылар менен байланышып чыңай турган. 1889-жылы

Кетмен-Төбөгө барып келген өз тууганы Молдобай дегенден биринчи жолу Токтогулдун кабарын угат. "Барып ал киши менен таанышсам" деген ой жүрөгүнө терең орноп, Кетмен-Төбөгө барууга ашыгат. Тоголок Молдо өзүнүн "Токтогул менен аңгеме" деген кол жазмасында: "1890-жылы Октябрь айында барсам, Токтогул үйүндө жок, Таласка кеткен экен. Мен өзүм ойлодум: "бул манаптардан жазганып, орун салып кеткен болсо керек деп . Он күн күтүп жаттым. Он күндө Токтогул келди. Токоң менен Арым деген жерде, Сарттар деген элде көрүшүп, өзүмдү тааныштырдым. Үч ай чамасында туруп, ырдын түйүнүн чечип, нускасын алып кайттым[1] 1893-жылы барып келдим"[1]. Тоголок Молдо улуу акын Токтогулду кадырлап сыйлоочу. Сибирден келгенин угуп, атайы барып, "Коңур -Өгүз" деген жерде Токтогул экөө ырдашып көрүшүп, кучакташып өбүшөт. Ошентип Токтогул менен 1933-жылга чейин байланышын үзгөн эмес.

Байымбет Чүйдөн үйлөнүп жайланып келип, Куртка-дагы туугандарынын ичинде бир топ убакыт туруп калды. Коңурдун санаасы эми тынгандай болду. Жакын тууган-дарынан Төлөмүш деген энеси Коңурду алды. Ал аркы өйүздө, Дербелжүндө тургандыктан, Байымбет бир чети туугандарына тарынып, бир чети манаптардан ыза көрүп, 1894-жылы Дербелжүнгө барып, ошол жерде көпкө чейин туруп калган. Ал жерде Байымбет өзүнүн негизги кесиби катарында чыгармачылыкты таштаган жок. Чогулган элге жазган ырларын окуп, "Манасын" айтып, элдин шайыры

болуп жүрө берди. Жаштарды айланасына топтоп, аларды ырчылыкка үйрөтүп, кээ биреөнө ыр жазып берип, аны эл арасына таратуу, биреөнүн мүдөөсүн угуп, ага кеңеш берүү, айтоор эл менен байланышын чыңдагандан чыңдай берди. Бул кездерде Байымбет манасчылардан: Кетмен--Төбөлүк Жаңыбай менен, Кочкордон чыккан Орозбаков Сагынбай менен, Жумгалдан чыккан Багыш менен байланыш жасап, булардын айткан "Манасын" бүт угат.

Илгерки кезде жарды-жалчылар, кедей-кембагалдар "Караганга корголоогон чымчыктай" болуп, бир белгилүү кишиге баш калкалап күн көрчү. Атактуу шылуун менен Касымбек өзүнүн карамагына Байымбетти тарткысы, ырчы кылып алгысы келдт, бирок ал ою ишке ашпады. Байымбет анын инилери Касым дегенге бакалап жүрдү. Буга Касымбектин ачуусу келип, өзүнүн Бошкой деген ырчысын тукура баштайт. Бошкой өзүнүн ырын кагаз жүзүндө да, ооз эки импровизатор иретинде жамактата турган. Бошкойду Байымбетке карай түрткүлөй бергендиктен, бул эки акын айтыша баштайт, кастыктары барган сайын күчөгөндөн күчөйт. Ошентип, 1900-жылдан тартып беттешкен жерде эле, атчан болсо ат үстүндө, же отурган орундарында айыгышып айтыша башташат. Манаптар экөөнүн "кызыгына" батып шакаба, калжың, жана шылдың иретинде каткырыша турган. Ал эми эрегиштин натийжасында, экөө тең үй-үйүндө бир-бирин кордогон ырларды жазып, аны киши аркылуу бирине бири жиберишип, ырларын көпчүлүккө окуп беришкен. Манаптар да жазган жазган ырларды окутуп, өзүнчө маашырданышкан. Касымбек

болсо, Бошкойго атайы тапшырма берип, Байымбеттин кемчилик жагын, кедейлигин кордоп ырдоого буюрган. Ошентип, кайраштырып отуруп, акыры манаптар буларды өчүгүштүрүп жиберет. Каршылыктын дагы курчушу мындан башталат. Байымбет күлдүргүч, шайыр жана сөздү таамай бай манапка жалтанбай айткан адам болгондуктан, кайда болбосун туура сөзүн сүйлөгөн. Арпада Сарбагыш уруусунан чыккан Түргө баатырдын ашы болуп, балбан күрөштүн байгесине бир кой, беш кез чыт коёт. Ошол ашты башкарган Касымалы, Койгелди деген манаптар болот. Байымбет алардын сарандыгын ашкерелеп;

Касымалы Койгелди,
Калың элге той берди.
Жыгуучу балбан алсын –деп,
Селде орогон кой берди.
Аш көрбөдүм, топ көрдүм,
Селде оронгон кой көрдүм.
Желини жок чирик кой,
Дубандан чыккан күлүк кой.
Касымалы, Койгелди,
Бул сөзүмдү билип кой.
Дубандан чыккан жорго кой,
Селде орогон молдо кой.
Коктудан чыгып маараса,
Коңгураган үнү бар,
Төбөсүндө байкасап,
Салаадан чыкпас жүнү бар.
Ушул ашты башкарган
Касымалы, Койгелди,
Молдо койду минип ал!–

деп, көпчүлүктө күлкү менен тиги эки манапты ызалап ырдайт. Манаптар сабатын жиберели деп ойлоп, бирок элден жазганып, башка жол менен ыза кылуунун амалын ойлошту. Бошкой мурунтан көкөнип жүргөндүктөн, манаптарга кошомот айтып жагынып: "Мен Тоголок Молдону сындырып берем. Буд үчүн бир төө, бир ат байге сайып, "аталага баш салчу март барбы?" деп жар чакыргыла" дейт. Манаптар жым дей түшөт. Мурун келишип, макулдашып, алгандыктан, Бошкой бир четкерээк жерге Төлөмүштү чакырып алып, аны бузат. Байымбет өз балаң болсо, бакпайт беле? Ал жалгыз атын өзү минип алып, эл аралап, өзү жазган ырларын окуп бергенден башка эч нерсе иштебейт. Ыр менен эмне тапты? Эгер ыры менен бир деме тапса, сен ушундай ишке минген жарды болуп жүрмөк белең? Андай немени "атасына карашпайт" деп жаманатты кылуу керек. Сен аталага баш салгын!... Сага Касымалыдан бир төө, Койгелдиден бир ат алып берем. Ошону менен малданып каласың" дейт да, Бошкой тиги Төлөмүштү ийиктирүү үчүн он сом акчаны өз жанынан берип, убадасын бекитет.

Төлөмүш өтө көөдөк, эч нерсени байкабаган киши болгон. Атала чыланган чараны эл ортосуна коюп: "Ким чыгат?"деп айтып бүтө электе эле, мурун эскертип айткандыктан, Төлөмүш "мен чыгам!" деп ордунан тура келет. Башын чарадагы аталага салып, башы-көзү, сакал-мурутту, чачы дебей - бүт атала болуп, түбүндөгү тыйынды тиштеп чыгат. Мына ушундан кийин Тоголок Молдо катуу ызаланат. Душмандардын көрсөткөн кордугу, акынды

көп кайгыга батырат. Ал эми Бошкой менен Тоголок Молдо баягыдан бетер тиштерин кайрап, бирин бири жектегени дагы дагы өкүм сүрөт. Акыр экөө эки жакка көчүп кетүүгө мажбур болушкан.

Бошкой 90 жаштан ашып, 1932-жылы дүйнөдөн кайтат. Булардын каршылыгы, ичтеги көктөрү, өмүрлөрү өткөнчө сакталган. Ошонун үчүн көздөрү тирүү кезинде бир-бири менен сүйлөшүү турсун, жүз көрүшпөгөн.

Бул жерде турганда, акын "Үрпүкан" деген романтикалык поэмасын, андан кийин өз учурунда жегичтердин бетин ачкан, эл арасына тез тараган сатиралык чыгарма болуп эсептелген. "Чачынын кошогу" деген чыгармасын жазган.

Манаптар, айрыкча Касымбек Тоголок Молдонун артынан түшөт. Эмне кылар айласын биле албай, акындын ою бөл алды болот. Акын өзүнүн 1903-жылы жазган "Зар заман" деген поэмасында ошол кездеги оор турмушту, элдин жабыкканын, бий-болуштардын адилетсиздигин сүрөттөгөн.

1905-жылдан тартып, акындын ой-сезими ойгонуп, революциялык мүнөздө коом катнашына көз карашы баягыдан өзгөрөт. 1905-жылкы революция башталардын алдында Алматыда революциячыл уюмдун жашыруун чогулушу болот. Өзү делегат болбосо да, ишенчитүү кишиден уккан соң, акын ошол чогулушка барат. Ал жыйналышта падышалык державага каршы кандайча күрөшүү жөнүндө коммунисттик партиянын тактикасын делегаттарга түшүндүргөн

эле.."Жашыруун жыйналышты көрүнүктүү революционер жолдош Фрунзе өткөргөнүн билип, акын аны менен таанышуу үчүн делегаттар менен кошо барып, Фрунзени көрүп таанышат"[1/] .Мына ушундан кийин акын кайраттанып иштөөгө киришет. Акын айылга келгенден кийин 1905-жылы август айында Касымбек болуш 80 киши коштоп, Тогуз-Торого барып, ал жердеги элдерге чыгым салып, эзүүгө умтулат. Элден мурун "мыктыларына" кеңеш куруу үчүн, Касымбек аларды чакыртуу керек эле. Бул сөзгө кепке, сөзгө уста эмеспи деп Тоголок Молдону жумшайт. Тоголок Молдо биринчиден Касымбектин зулумдугун, жалаң жем издеп Дөрбөлжүндөн Тогуз-Торого келгендиги ач көздүк максатын анын шылуундук бетин ачуу үчүн, экинчиден, ал жердеги бийлердин, бийлөөчүлөрдүн айыбын ашкерелөө үчүн жай жөнөкөй сөз менен чакырбай, жамактаткан куйкум ыр, куудул сөз, шылдың шыкак сатиралык мүнөздө жар салат. Көпчүлүк эл массалары Тоголок Молдонун сөзүнө кубанып, "Ырас айтты" дешип, бийлерге каардуу көз карашта каргыш айтышат. Тогуз-Торонун мыктыларын Тоголок Молдо төмөнкүчө мүнөздөп чакырган:

Мураталы Момуке,
Мурду жырык бай Жаке.
Карышма жаак Аалыке,
Сары менен бай Саке.
Камбаралы чоң теке,
Баарыңарды чакырат.
Касымбек Баттыр жеп-жеке.

---

1/"Колхозчу" № 17, 10-июнь, 1940-жыл.

Айдактан мурун келгиле,
Айтканын тез бергиле.
Бербесеңер чыгымды,
Көргүлүктү көргүлө!

Бул мыктылар өздөрүнүн жигиттерине урдуруудан Касымбектен ийменишет да, ага барып "абийирибизди элдин көзүнчө кетирип ырдады" деп арызданышат. Касымбек көптөн эле кыйкым табылбай жүргөндүктөн, "Деги мага асылганын койбоду" деп, жигиттерине көрдирип, Тоголок Молдону өлөрчө сабатат. Акын ошол жеген таягын мындайча сүрөттөйт:

Деген сөздү мен айттым,
Какшык менен кеп айттым...
Тартылдатып камчылап,
Беттен каным тамчылап,
Көпчүлүк урса не тамтык?
Жатып калдым алсырап"[1]

Манаптардын көрсөткөн кордугунан, тепкинин, таяктын салдарынан Тоголок Молдо бир нече күндөр боз төшөктө жатып калат. Мындан башка "сен кедейлердин малын жеп байыгансың" деп ырдаганы үчүн Боогачы деген манап дагы акынды өлөрчө сабаткан. Насырынбек деген ажык манап "Чөп оозду" падыша өкмөтүнө төкпөстөн, аялынын калыңына жумшаган" "...Экинчи жолу чыгым саласың —аны эл бербейт, өзүңдү талайт"— деп кордоп ырдаган. Ал үчүн Султангасы 5—6 жигитке дагы көрдирип урдурган.

---

1/ "Токсон суроодон".

Акын эзилген элдин таламын талашып, жегичтерге каршы айрыкча 1905-жылдан кийин өтүр ырларын чыгарып, эл арасына көп таратып, бай-манаптардын кылмышын ашкерелегенден ашкерелейт. Ал үчүн жергиликтүү манаптар ырайымсыздык менен "Ур токмок" уюштурушкан. Ошол кездеги кеңдиги жок, арыз-муңду эскербеген, улутарынан адилет кеткен коом курулушун, оор турмушту акын 1914-жылы жазган бир ырында мындай деп ырдаган:

"Өтүп барат шум жалган,
Ачып көздү жумгандай.
Байкасаңар абайлап,
Манап кандай, кул кандай?
Кул кутандын баркы жок,
Жесир, жетим, тул кандай?
Адилет кетти улуктан
Арыз-арманын суугандай.
Кысталактын кекээри,
Кылыч менен ургандай".1/

Чындыгында, ал кезде жетим - жесирге, жарды -жалчыга күн жок эле, аларды манаптар "граждан" деп да эсептешчү эмес. Тоголок Молдо эки карама-каршы тапты айрып көрсөтөт. Эзүүчү таптын ырайымсыздыгын ашкерелеп, эзген куралы "кылычтай" өткүр экендигин, аны менен элди коркутуу аркылуу өз бийлигин жүргүзгөндүгүн ачык--айкын сүрөттөгөн. Бул ыр манаптарга, падышанын койгон желдеттерине да катуу тийген.

---

1/ "Тияншан Правдасы" № 70, 10-июнь, 1940-ж.

Тоголок Молдо жергиликтүү "Журт" бийлеечүлөрдөн көп кордук көрүп, азап тартып, жабыккан чоң чыгарманын аллегориялык түрүнө өтөт. Ал элдик тамсилден пайдаланып, элдик ооз эки айтылып жүргөн тамсилдерди ырга айландырып /"иттин доолдай тиктиремүх дегени", "Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы", "Бөрү менен түлкү"/ ошону менен катар пародия мүнөздөгү какшык чыгарма "Кожонун аңгемеси" дегендерди жазат. Анан оригиналдык тамсилге өтөт: "Куба кой менен ээси", "Суу кушу менен боз кушу" жана башкаларды жазып бүтөт.

Акындын чыгармачылык жолуна Фрунзе менен таанышканы, анын айткан кеңеши көп таасир эткен. Бирок манаптардын "кызыл камчысы" менен "ур токмогу" акындын ачык чыгышына, элдин жарчысы болууна мүмкүндүк бербеди. Ошонун үчүн Октябрь революциясына чейин, кийинки күндөрдө, бардык чыгармаларын аллегориялык мүнөздө жазган.Мына ошол жөнүндө, акын 1923-жылы мындай деп жазган:

"Байымбет сайрайт баяндап,
Желдейге айтат кабарлап.
Бешинчи жылдан бер жакка
Сактанып жүрдүм аярлап.
Кезегим келди жаңыдан
Келтирип айтам абыдан,
Кейиш тартып зарлаган –
Өзүм кедей табынан.
Манаптан коркуп жашынып,
Аягымдан басынып,
Айталбай жүрдүм сөзүмдү.
Арманымды ашырып"[1]

---

1

Тоголок Молдонун арманы элдин арманы эле, бирок манаптар айтууга мүмкүндүк берген эмес, жүректүн сары суусун алып, бардык элди коркутуу менен бийлеп келишкен. Тоголок Молдо "бир жакшылык болор" деп "1905-жылдан бер жакка" "Кайсы күнү эркиндик тиет" деген тилек менен "аярлап" байкап жүрген. Ырас, Тоголок Молдо революционер болуп өсүп жетише албады, себеби – күрөшкө жол көрсөтүп, революциялык багытка карай түшүнүп берип, күндөлүк жетекчилик кылган эч ким болбоду. Ал өзү да Фрунзеге жолуккандан кийин алдыңкы революционерлер менен байланыша албады, анткени акын Кыргызстандын түпкүрүндө, эс алыскы, четки тоолуу районунда жашап турган болучу. Акын "басынып" жүргөн, запкыны көп көргөн оор турмуштан Улуу Октябрь революциясынан кийин гана бошонуп чыкты. Совет өкмөтү орногон күндөн тартып жумушчулар табынын бийлигин чыңоодо жарчы катарында сонун, жогорку идеялуу ырлары менен өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алды. "Тоголок Молдонун чыгармасынын бир касиети, анда таптык сезим ачык-айкын көрүнөт. Кайсы ырын алсаң да, саясий сезим бардыгы көрүнүп турат"[1/]. Демек, кедей табынын, эмгекчилердин мүдөөсүн көздөгөн элдин сүйгөн улуу акыны болгон.

Манаптар акындын өткүр курч ырларына уугуп, кыжырлары кайнап, "ур токмок" уюштуруп, кысмакка ала берген соң, чыгармаларын эл арасына тартууга мүмкүндүк болбоду, ал түгүл, баш калкалап, бир жакка өтүүгө туура келди. Ошондуктан өзүнүн туулган жерин, өнүп-өскөн

---

1/"Советтик ад бият" жана искусство" " 7 1940, 1 бет.

121



элин таштап, Нарын өрөөнүнөн Тогуз-Торо багытын көздөй ооп, бир жерге барып корголоону ойлоду.

Тоголок Молдо 1916-жылы Тогуз-Торонун Кол-Боор деген жерине көчүп барып, ошол жерге туруп алды. Өзү ашкан кедей болгондуктан, "жок оокатка байланып" эптеп күн өткөрүп турду. Тоголок Молдо турмушунда бир аттан башка мал күтпөгөндүктөн, албетте, бөлөк элде жашоо кыйын болду. Бирок акын өзүнүн чыгармачылык ишин токтоткон жок. Ал кайра келечекке ишенимчтүүлүк менен карап, ыр жазып, аны элге таратуу, "Манас" айтып, элдин көңүлүн ачуу, дагы башка шайырдык менен чыгармачылык талантын уланта берди.

Акын алгачкы учурда 1916-жылдагы көтөрүлүштүн турмушунан алып, "Төөнүн арызы" деген ыр жазып, аны 1918-жылдын баш чενинде Алматыга жиберет. Бул ырында жүктү көп көтөрүп, көп азап тарткан төөнүн символу аркылуу ошол кездеги эки тараптан эзилип жаткан элдин бардык жүктү көтөрүп жабыркаганын сүреттеген.

"Жүгүбүз оор,
Жонубуз жоор.
. . . . . . . . . . . . . .
Таманыбыз тууруллду,
Заманыбыз куурулду"[1]

Столыпиндик реакциянын элди жабыркаткан оор турмушунан тартып, 1916-жылдагы козголоңду ичине алган катуу кысым, падышалык жана жергиликтүү эзилүүчү таптардан калктын "Заманасы куурулуп" турган эле.

---

[1] Дело № 2, 18-бет.

Акын Октябрь революциясы астында "Тоонун арызы" аркылуу кыргыздын эзилген элинин арызын айтыпырдап чыкты. Революциянын чыгышына байланыштуу акын бул чыгармасы басылып чыкпай калган болуу керек.

Акын 58 жашка чыгып, алтымышка жакындап калганда, улуу Октябрь революциясы жарк этти. Бул кубанычтуу окуя акынды күчкө шердентип, боюна кубат берип, талантына кең жол ачты. Тоголок Молдо Социалисттик Улуу Октябрь революциясын учары менен кубанычтуу тосуп алды. Колуна калем кармап, Октябрь революциясынын жарчысы катарында элге жар чакырып, сайрап чыкты. Мурун Бай-манаптан коркуп, "басынып" жүргөн акын эми ачык гана жаңы турмуш жөнүндө ырдады. 1918-жылдын башынан тартып, бир аз убакыттын ичинде социалдык мааниси бар ири, көлөмдүү бир топ чыгармаларды жазды. Ал адеп эле "Кедейлерге насият" деп насаат айтып, эзүүчү тапка каршы чабуул койгула деп үгүттөп ырдады. Ага удаалаш "Өзгөрүш", "Аялдардын теңдиги", "Аткантаң менен Сүйгөнбай" жана башка чыгармаларды элге арнады.

Тоголок Молдо жалаң гана үгүтчү болбостон, күндөлүк турмушка активдүү катышып, советтик түрдүү кызматта иштей баштайт. Элди уюштуруп, эзип келген таптарга каршы күрөштү өөрчүтүүгө киришет. Бай-манаптар жаңы орноп келген советтик түзүлүшкө каршы чыгып, өкмөттүк бийликтин чыңалышына жолтоо кылуу максаты менен басмачылардын отряддарын уюштурду. Тогуз-Торонун манаптары да басмачыларга кошулуп кетти. Алар мурунтан кекенип жүргөндүктөн, 1922-жылы Тогуз-Торону чапканда,

"өзү большевик, элди үгүттеп жүргөн ошо"- деп, адеп эле Байымбеттин /Тоголок Молдонун / үйүн талап алып, үй мүлкүн алып кетишет, акын качып кутлган. Мындан кийин басмачылар дагы бир жолу Тоголок Молдонун үйүнө чабуул жасаган. "Бул жердин бай манаптары кастарын тигип калды, кетпесем болбойт" деп, ал жерден үй мүлкүнөн , аялынан ажырап, акын 1922-жылы кайра Курткага келет.

Тоголк Молдо Курткага келгенден кийин бул жерде элдин турмушу менен таанышат. Бул жерде алиге манаптардын таасири кетпей, жаатчылыктын өкүм сүрүп турган кези эле. Манаптар өзүнө кээ бир кедейлерди тартып алып, ал аркылуу советтик жаңы түзүлүштү бошондотууга аракеттенип жаткан. кези болучу. Бул жерде акын "Насияттын" экинчи вариантын иштеп чыгат, экинчи жолу "Кедейлерге насият" деп поэма жазып, аны эл арасына таратып, активдүү ишмер, такшалган үгүтчү катарында өзүн көрсөтө алган. Мындан мурунураак жазган "Эркиндик" деген поэмасын кайрадан карап Нарын өрөөнүндөгү жаатчылык жана али дале караңгылык өкүм сүрүп жатканын бу авалга келтирген мурдагы бай-манаптар, "шылуундар", "алардын куйруктары экенин акын элге айкын түшүндүрүп, эски калдыктарга каршы ичабуул жасайт.

"Өлчөм айтам сөзүмдү,
Өзүм билем баарын да.
"Жүргүн деп, кедей ак жолго",
Жүргөнмүн өзүм жанында.

Кеңеш өкмөт келтирген,
кедейлердин шаарында,
Караңгыга капталып,
Уктаган кедей Нарында.
. . . . . . . . . . . .
Куйруктун кебин куп көрүп,
Уктаган кедей Нарында.
Шылуундарга шылтып,
Жедирген кедей Нарында"1/

Акын бул чыгармасы аркылуу чет жер Нарын өрөөнүндөгү кедейлер алиге жакшы түшүнбөй, "Шылуундарга, куйруктарга" алданып жүргөнүн ачык айтып көрсөткөн. Акын өзүнүн мазмундуу, курч ырлары менен кедейлерди партиянын туура жолуна, келечек жыргал турмушка үндөгөн, аларды бардык жегич шылуундарга каршы чабуул жасоого чакырган. Демек, Тоголок Молдо Курткага келген күндөн тартып, совет бийлигин чыңоо үчүн, жат душмандардын, шылуундардын, жегичтердин бетин ачуу үчүн, элге жаңы курулуштун, жаңы замандын артыкчылыгын түшүндүрүү үчүн талыкпай иштеди. Көпчүлүк массанын агитатору, үгүтчүсү болуп калды.

Акын жазуучулук кесибин токтоткон жок. Бу мезгилге чейин 60 түрдүү чыгарма жазат. Алматыдан Муфтаков келип бардыгын алып кетет. Бирок акындын бул эмгектеринин "Сайда саны, кумда изи жок болуп жоголот"1/ Акын жазуууну дагы уланта берет. 1929-жылы Белек Солтоноев дагы бүт жазган материалын алып кетет, алар да дайынсыз

---

1/ Кол жазма, № 4.123 39-40 бет.
1/ "Колхозчу" № 17. 10.VI.1940 ж.

болот. 1930-жылы үчүнчү жолу Тыныстанов чакырып, бардык материалын алып калат. Ошентип, акындын бардык эмгеги жарыкка чыкпай, башка кишилер колдуу болуп жоголот. Бул толуп жаткан материалдардан бир гана "Кедейлерге насият" деген поэмасы 1925-жылы араб тамгасы менен басылып, өзүнчө китеп болуп чыгат.

Тоголок Молдо эмгекти сүйгөндүктөн, чыгармалары жарыкка чыкпаса да, ооз эки адабияттарды жыйноо, алардын кайсы бирлерин кайрадан иштеп чыгуу менен бирге, өзүнүн чыгармачылык ишин уланта берет. 1930-жылдан 1936-жылга чейин дагы 25 түрдүү темада эл адабиятынан жазып бүтүрөт. Алардын ичинде "Курманбек", "Сейитбек", "Жырдакбек" жана "Жаңыл Мырзалар" бар.

1936-жылы Тоголок Молдону Фрунзеге чакырат. Ошондон 1938-жылга чейин өзүнүн чыгармаларын, эл адабиятынын казыналарын бүт жазып берет, башкача айтканда Ти, Адабият жана Тарых институтуна 190 басма табак көлөмүндө эң баалуу материалдарды тапшырат. 1938-жылы сентябрь айында Кыргызстан Жазуучулар Союзуна мүчө болуп өтөт. 1939-жылы Кыргыз искусствосунун декадасына катышат, партия менен өкмөт карыя акынды баалуу сыйлык "Ардак белгиси" ордени менен сыйлайт. Сексен жашка чыкканына байланыштуу 1940-жылы акындын юбилейи өткөрүлөт.

Кары акын бул улуу урмат, улуу сыйлыкка шыктанып, кайраттанып иштөөгө киришет, анын калеми баштагыдан дагы курчуйт. Акын кубанычтуу күнгө, жыргалдуу заманга жеткирген совет өкмөтүн, жолбашчы улуу Сталинди акын

"Сарым" деген биографиялык чыгармасында:

"Айлансам болот Советтин
Кенен чапкан жолуна
Улуу Сталин кесемдүн
Кеңешинин молуна.
Байымбетиң бу күнде
Бактылуу болду атагым.
Улуу Сталин атанын
Урматын көрүп жатамын.
. . . . . . . . . . . .
Сексендеги Байымбет
Жигит болуп жашардым.
Карыдым деп турбастан,
Дагы нуска жазамын[1] ...

деп калкына убада берген. Иш жүзүнде акын акыркы күнгө чейин колунан калем түшпөдү, бир топ нускасын элине бере алды. Айрыкча Ата мекендик согуш мезгилинде акын белсенип иштеди. Басып алуучуларга карата курч ыры менен майданга чыкты, басма сөздөргө активдүү катышып, түрдүү ырларын газеталарда чыгарып турду. Ошону менен катар акын "Эр Эшим" деген ири поэма жазды. Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде акын бардык күчүн жумшап, сонун чыгармаларын совет элинин жеңишине арнады.

Таалайлуу элге катылган
Таш капсын анын планы.
Тартылдатып ок атып,
Талкайлы, кыралы!" деп

---

1/Өз кол жазмасы, № 12, 1940 ж. 6 бет.

элдин темирдей бирдигине ишенип, Гитлердин планы талкаланарына көзү жетип, акын эң эмоциялык мүнөздө өткүр сөз, күчтүү кайрат, өтө билгичтик жана керегечтик менен эле 1941-жылы айткан. Акын элдин улуу жолбашчысы жолдош Сталиндин 3-июлдагы сөзүнө шыктанып, Сталиндин туура жетекчилиги аркылуу жеңиш бизде болот, душман талкаланат деп ишенет. Акын "Биз даярбыз" деген ырын Сталиндин сөзүнө шыктанып жазып, 1941-жылы 5-июлда өткөрүлгөн митингиде элге окуп, эмгекчи массалар атынан душманды талкалаш үчүн убада берди.

Биз жеңебиз душманды,
Убадасын бузганды.
..................
Сталин айткан сөздү угуп,
Элимди көөнү шыктанды.
Эркек- аял дебестен
- Даярбыз!-деп чдкталды.
Менин да болот каламым
Душманга курчуп учталды"[1]

Акын калемин душманга каршы учтап, аларды талкалоо үчүн октон өткүр, күчтүү ырларын талыкпай жазды. Ал карылыкка моюн сунбай, душманга кыжыры кайнап, совет элинин жеңиштүү күнүн чыдамсыздык менен күттү, бирок, акын жеңиш майрамын, салтанаттуу күндү көрө албады. Кыргыздын талантуу, ири акыны болуп эсептелген Байымбет Абдыракманов /Тоголок Молдо/ 1942-жылы 4-январда өзүнүн тууган жери Куртkада 82 жашында дүйнөдөн кайтты. Акындын курч каламы ушу күнү гана токтолду. Акын дагы көп нуска калтырмак эле, ага кырсыктуу өлүм гана тоскоолдук кылды.

121

## 4. Акын алгачкы мезгилдеги чыгармачылыгынын булактары

Акындын чыгармачылык талантынын өсүшүнө чоң атасы Музоокенин кандай таасири тийгендиги жөнүндө жогоруда айтылган болучу. Албетте, акын чоң атасы Музоокеден үйрөнгөн мурастар менен чектелип калган эмес. Ал ошо кездеги коомдо өкүм сүргөн карама-каршылыкты түшүнүү үчүн, калк турмушун толук өздөштүрүү үчүн, өз чыгармаларын элдин жагдайы менен айкаштыруу үчүн талыкпай иштеди. Тоголок Молдо алгачкы учурдан, башкача айтканда, чыгармачылык ишине киришкен күндөн тартып, өмүрүнүн акырына чейин эл менен тыгыз байланышын үзгөн жок. Акын калк түзгөн кымбат баалуу эстеликтерден, мурастардан эл чыгармаларынын казыналарынан тынымсыз, үзгүлтүксүз үйрөнүп, аларды чебердик менен колдоно билген жана ушул күнгө чейин сактап келген. Бул сапат Тоголок Молдонун талантынын күчтүүлүгүн көрсөткөн мисалдан болуп эсептелерин айтууга тийишпиз.

Тоголок Молдо – өз чыгармаларын биринчи жолу кагазга түшүргөн жазуучу акындардын биринчи өкүлү. Ошондуктан, ал кишини Музоокенин, андан оозеки эл адабиятынын таасири менен гана өсүп чыккан деп айтуу чындыкка жатпас эле. Тоголок Молдо өз заманында билимдүү адам болгон. Ал татар жана казак адабияттарынан пайдаланып, ушул тилдерде чыгуучу китеп, журнал, газеталарды окуган"[1/] Ошону менен катар бүткүл xxxxxx

---

[1/] М. Богаданова, Киргизская литература, "Сов.писатель", 1947, 98-бет.

Кыргызстанды кыдырып, арытып чыгып, көп акындар жана казак акындары менен байланышып, алардан үлгү алган, алардын ар бирине баа бере билген сынчы акын эле. Мына ушуларга байланыштуу акындын чыгармачылыгы жөнүндө сөз козгогондо, анын таалим алган булактарын белгилөөгө тийишпиз. Акындын чыгармачылыгы үч адабий булак менен чырмалышкан десек болот. Тоголок Молдонун чыгармачылыгына таасир эткен эң негизги булактын бири- кыргыз элинин өзүнө таандык, өзүнө мүнөздүү ооз эки адабияты болгон. Экинчиден, Октябрь революциясына чейин жашаган эл акындагынан көп таалим алгандыгы анын кайсы бир чыгармаларынан айкын көрүнөт. Үчүнчүдөн, Тоголок Молдонун чыгармачылык жактан өсүшүнө Күн Чыгыш элдеринин, ачык айтканда советтик элдердин чыгышындагы, Өзбек, Тажик, айрыкча казак жазма адабиятынын таасири тийген. Өткөн кылымда бул элдерде эки маданият, адабиятында эки багыт реакциячыл жана прогрессивдик багыт болгонун эстен чыгаруу кечирилбес кылмыш кылгандыкка жатар эле. Тоголок Молдо ошол кездеги Кулкожо Акмет Ясови............ .............окшогон мистик акындардан үлгү албастан, бүгүнкү күндө биздин бардык советтик туушкан элдерибиздин эң эски ~~кадырлуу~~ кадырлуу карт классиктери саналып отурган Низами, Навои, Фердауси, Хафиз жана казак жазма адабиятына негиз салуучу Абайдан үлгү алган. Тоголок Молдо Өзбек элинин көрүнүктүү акыны, өзбек адабиятынын классиктеринин бири Навоинин бир топ чыгармаларын окуган. Анын "Лейли менен Мажнунун"

поэмасынын сюжетин толук өздөштүрүп, аны кара кара сөз менен айтып бере турган. Татар тили менен жакшы сүйлөп, татарча кайсы бир ырларды жатка билген. Абайдын өлөңдөрүн ушунча жогору баалап, ушунча сүйүп окуган. Анын кайсы бир өлөңдөрүн цитата иретинде мисалга алып, өз оюн чыңдоо максатына колдонуп, жегичтерге сокку уруп, элди ачык жолго үндөгөн. Абайдан башка казак акындарынын басмадан чыккан өлөңдөрүн үзбөй окуган. Казак жана татар тилдеринде чыккан "Боз жигит", "Кыз-Жибек", "Баянсулуу", "Залзал-Заркум", "Шаамааран" өңдүү казалдарды жатка билген. Мына ушул жогоруда айтылган булактар акындын чыгармачылык жолуна негиз салып, талантынын өсүшүнө кыймылдаткыч күч катарында көп жардам берген. Биз эми акындын чыгармаларына байланыштырып, жогорку себептер кандайча таасир бергендигине токтолуп көрөлүк.

Тоголк Молдо өз элин, өз жерин сүйгөн, элинин жыргалчылыгын тилеген патриот акын. Ал кыргыз элинин нечен кылымдар бою иштеп чыккан мурастарын эң жогору кадырлаган акын. Ошондуктан акын чыгармалары жөнүндө сөз козгогондо, оозэки эл адабияты менен өз оригиналы жөнүндө ойлоо керек.

Элдик поэзия жана Тоголок Молдо бир-биринен ажырагычтай тыгыз байланышкан түшүнүк. Тоголок Молдонун чыгармачылыгы жөнүндө сүйлөгөндө ошого байланыштуу эле, Кыргыздын элдик эпосунун жана лирикасынын классикалык үлгүлөрүн да түшүнөбүз" 1/

---

"Киргизстан", Л-Худ. Сборник , Книга 11 , Фрунзе, 1940, стр 41

Тоголок Молдо байыртан бери келе жаткан эл мурастарын жыйноодо көп эмгек сиңирген киши. Ал үчүн кыргыз адабиятынын тарыхында көрүнүктүү орунду ээлөөгө тийиш. Тоголок Молдо 1936-1938-жылдардын ичинде СССР илимдер Академиясынын Кыргызстандагы Филиалынын Тил, Адабият жана Тарих институтуна 190 басма табак элдик адабият байлыгын тапшырган. Бул акындын талантынын күчтүүлүгүн сезиминин мол экендигин көрсөтөт.

Социалисттик реализмдин негиздөөчүсү революционер жазуучу Максим Горький 1934-жылы советтик жазуучулардын Жалпысоюздук 1-с"ездинде мындай деген: "Подлинную Историю трудового народа нельзя знать, не зная устного народного творчества, котрое непрерывно и определенно влияло на создание таких крупнейших произведений книжной литературы, как, например, "Фауст","Приключение барона Мюнхгаузна" ...и другие многие. От глубокой древности фольклор неотступно и своеобразно сопутствует истории"[1/]. Тоголок Молдо өз элинин тарыхын билүүгө кызыгып, негизги бирден бир булак катарында фольклорду толук өздөштүрүүгө көңүл бурган. Ошону менен катар, көп кылымдар бою эркиндикти эңсеген, жыргалчылык күндү самаган эл тилектерин, тышкы басып алуучуларга каршы күрөшкөн баатырдык салтты, биримдик элдик күчтү акын фольклордон ачык көрө билген. Жолдош А. Убукеев өзүнүн бир статьясында Тоголок Молдо жөнүндө мындай деп жазат:

---

1/ Н. А. Андреев. Русский фольклор, 1938, стр. 39

"Институттагы эмгектерине караганда, Байымбет эл чыгармачылыгын адабиятын жана адет салттарын абдан жакшы билген, кыйла билерман акын да, манасчы да киши экендиги ачык көрүнөт".[1/] Чындыгында Тоголок Молдо кыргыздын майда лакаптарынан тартып, дүйнөдөгү эң ири эпопеянын бири "Манас" трилогиясына чейин дурус билген, өз элинин тарихын изилдеп жүргөн, тарих менен жакшы тааныштыгы бар, башка боордош элдердин адабияты менен иришкен, кайсы бирин жатка айткан, анан өзүнүн оригиналдуу эң сонун чыгармалары менен даңкталган, телегейи тегиз акын эле.

Ооз эки эл адабиятын жыйноо менен катар, кайсы бир фольклорлорду кайрадан иштеп чыккан акын. Филологиялык илимдин доктору, профессор М. Ауэзовдун "...жазуусу болбогон элдин, асыресе аргы-берги калган казыналарын оозго сактаган, көңүлүндө тутуп, М.И. Калинин айткандай "Калктын алтынындай" койнуна катып, оор өткөөл замандардын баарынан алып өтүп, маданияттуу заманга, биздин заманга жеткирип отурган далай асыл сактоочулар дагы бар"[2/] деп айтканы Тоголок Молдого да таанылык, Тоголок Молдо бүткүл Кыргызстанды кыдырып чыгып, эл чыгармаларын бүт жазып алып, "калктын алтынындай бек сактап, биздин заманга жеткирди.

---

1/ А. Убукеев. "Байымбет Абдыракманов""К.К." № 71,27-март 1940-ж.

2/ М. Ауэзов "Абай мурасы жайында" "Социалисттик Казакстан" № 29,4-февраль. 1951-ж.

Тоголок Молдо алгачкы чыгармаларын фольклордун таасири астында жазган. Анын эң биринчи жазгандары кошок болгон: Акын эл поэзиясынын сүйүү лирикасына таасирденип, сүйүү ырларын жазууга өткөн. Тоголок Молдо бул жанрларды өздөштүргөн соң, сюжеттүү чыгарма жазууну ойлонот. Бул үчүн дагы эле эл фольклоруна кайрылган. Ал көбүнчө турмуш жомокторуна назар салып, аны өзүнүн көз карашы боюнча өзгөртүп, элге тарбия бере тургандай идея кошкон да, чебердик менен ырга айландырган. Кыргыз калкына белгилүү "Жети таз, жеке таз", "Чын таз" деген жомокторду мисалга алып көрөлү. Эл жомогунда таз акылдуу, кээде куу, кээде алдамчы болуп берилгени белгилүү. "Жети таз, жеке таз" жомогунда жетөө биригип тиги жеке тазга каршы күрөшүшөт, бирок түрдүү кыйынчылыктан акылдуулук менен жеке таз кутулуп чыгат. Тоголок Молдо бул жомокту айрым бөлүмдөргө, эпизоддорго бөлүп, укмуштай кызыктуу кылып иштеп чыккан. Бул жомок аркылуу "ар нерсеге акыл керек, акылсыздардын бир тобу жалгызга жеңдирет"— деген пикирди айтып, Тоголок Молдо адамды акылдуулукка үндөйт. Акын бул чыгарманын акырында мындай жыйынтык чыгарат:

"Өттү, кетти дүйнөдөн,
Жети таз өлүп жоголду.
Акылы, эси болбосо,
Кайдан киши оңолду?!" 1/

Бул жомок — 684 жол ырдан турган өзүнчө көлөмдүү чыгарма. Тоголок Молдо "Чын таз" деген жомокту да кара

---

1/ Тоголок Молдо, Дептер, № 2, 93 бет.

сөздөр ырга айландырган. Каардуу, ырайымсыз Жаныбек хандын таз жылкычысы болот, ал жалаң гана чын сүйлөп жүрүп, хандын казабынан кутулат. Акын мында: "тоодой күнөө кылсаң да, чынын айтуу керек, баарын чындык жеңет" деген негизги пикирин айтат да:

"Эр азамат жигиттер,
Байка сөздүн соңуна,
Ар сөз айтсаң чынга жүр,
Ишиң келет оңуна"[1] - деп,

өз оюн корутундулап, жаштарды тууралукка үндөп, алардын чынчыл болуусун талап кылган. Тоголок Молдо "Телимбай тентек" деген жомокто да "Телимбай тентекке окшогон акылсыз зөөкүрлөр ооматты, жашоону билбей, эң аягында өз бир тууганына да жек көрүнчү болот, дейт да, жаштарды акылдуулукка чакырат. Тоголок Молдо булардан башка да "Мекелүү чалдын аңгемеси", "Канатчыл кедей", Асан-Кайгы, Токтогул ырчылар, Жээренче - чечен, Алдар көсөө жомокторун кара сөз менен жазып калтырган. " Я снова обращаю ваше внимание, товарищи, на тот факт, что наиболее глубокие и яркие, художественно совершенные типы героев созданы фольклором, устным творчеством трудового народа"[2]. деп улуу жазуучу Максим Горький айткан болучу. Тоголок Молдо алгачкы учурдан өмүрүнүн акырына чейин эмгекчи элдин сөзэки адабияты

---

1/ Тоголок Молдо, Дептер № 2 1935х 105 _бет.

2/ Н.П. Андреев, Русский фольклор, гупи, м,1938, стр 38

тарабынан түзүлгөн баатырларды жогору баалаган. Ошондой эле Манас, Семетей, Сейтек, Курманбек, Жаңыл-Мырза, Эр Эшим жана башкалардын образдары аркылуу эркиндик үчүн күрөшкөн эл баатырлары катарында даңк-тап, дайыма алар жөнүндө айта турган. Бул типтер акындын чыгармачылыгына таасир этип, көлөмдүү поэмаларды жазууга Тоголок Молдо үчүн негизги булактан болуп эсептелген. "Особенно значительно и неоспоримо влияние устного творчества на литературу письменную. Сказками и темами сказок издревле пользовались литераторы всех стран и всех эпох"[1/] деп, Максим Горькийдин айтканы бардык элдин адабиятчыларына , ошону менен бирге Тоголок Молдого да ~~[illegible]~~ тийиштүү. Орус элинин улуу акыны А.С. Пушкин оозэки адабиятты өтө сүйүп, окуй турган. Орус элинин жомокторунан алып, эң сонун чыгармалар жазган. Демек, фольклор элдин сүйгөн мурасы болуу менен бирге, жазма адабиятка да таасир эткени белгилүү.

Тоголок Молдо алгачкы учурларда жомокторду кайрадан иштеп, аларды ырга айландырган болсо, экинчи баскычында легенда, лакап, улама сөздөр боюнча чыгарма жазууга киришкен. Кийинки баскычта акын ойду, фантазияны эркин пайдаланып, өзүнчө кызык сюжет да иштеп чыгат. Акындын "Жанбакы", "Бабыркан", "Кемчонтой", "Буудан көк" жана ушуга окшогон чыгармалары социалдык, тарбиялык жана сатиралык мааниси бар көркөм чыгармалардан болуп эсептелет. "Жанбакты" поэмасы "Уйдун

---

[1/] Н.П. Андреев, Русский фольклор. Гупи, № 1938, стр 41

туруна күтүп, уузуна күтпөйт" деген эл оозунда айтылып жүргөн лакаптын негизинде жазылган. Акын "Жанбакты" деген тема берип, ал чыгармачы аркылуу эмгектен качып, бекерчиликти көнүмүш кылган жалкоолорго каршы күрөшөт. Мурунку убактарда "Жанбактыга окшогон типтер аз эмес эле, акын ошолордун айыбын ашкерелеп, көрсөтө алган. Ал эми "Бабыркан" деген поэмасы да укмуштуу окуяларды кучагына алган чыгарма. "Бабыркан" деген ат мазеси жок көп сүйлөгөндөгө карай коюлган болуу керек. Мында нашаага көңүл буруп, турмуштан артта калган адамдарды сүреттейт. Алар эч нерсени ойлобогон, турмушту таанубаган акылсыздар. Каркыраны, кала берсе сасык үпүптү да "кудай" деп ага сыйынышат. Буга караганда шаман дининен чыга элек адамдарды мыскыл кылгандык байкалат. Бул аңгеме кыргыз арасына мындан жүз жыл чамасы илгери кең таралып айтылып жүргөн. Нашаа тарткан бангилерге карата айтылгандыктан, өзбек калкынан Кокон хандыгы мезгилинде кирген болуу керек. Тоголок Молдо бу легендага сюжет берип, ыр менен поэмага айландырган да, өз көз карашы боюнча айрым эпизоддорду өзгөрткөн. Ар бир эпизоддор эби менен келип, бөлүм-бөлүм болуп берилген. Мындагы аракеттин мүнөзү Бабыркандардын жүрүм-туруму, кылык-жоруктары, апендинин окуясындай, наадандыктын бетин ачкан сатирага айланган. Ушундай эле легендадан алып жазган "Жардынын жалгыз аты - Бууданкөк" деген чыгармасы көркөмдүк, окуянын сүрөттөлүшү жагынан

дурус чыгарма болуп эсептелет, акындын алгачкы өз оригиналы деп айтууга да болот. Эл оозунда бул легенда мындайча айтылат: "Жардынын көк чолок аты ашкан күлүк болуп, чабышта байгени ала баштайт. Бир чоң ат чабыш болуп, ага көк чолок атты кошуп, жардын башында карап отурат. Өзү комузчу болгондуктан, "Чыкты бекен буудан көк, калды бекен Буудан көк?"— деп, комузун чертип отуруп, атынын чыгып келе жатканын көрүп дагы сүйүнөт. Теминип чертип отуруп, комузчу жардан алыс кетет" Тоголок Молдо буга жаңы идея кошуп, кайрадан иштеген. Буудан көктүн ыры комуздун күүсүнө жакын турат, анын кайрымы кыска, сөздүк стили шаттуу берилген. Ошону менен катар ыр курулушу аттын чуркаган шаңына, анын күү менен арыш таштаына негизделген. Кыргыздар аттын чуркаган эпкинине карай "Куу! Куу!" деп сүрөшкөндүктөн, акын аны ойду күчөткүч катарында колдонгон.

—Куу — куу Бууданкөк,
Кең Алайда туулган көк.
Жаныбарым Бууданкөк,
Жай чилдеде сууган көп,
Буудандыгың билгиздиң,
Кадыр түнгө киргиздиң.
Он эки куйрук, кырк чалгың
Канат болдуң Буудан көк,
Кембагалга кенч, дөөлөт,
Самат болдуң Буудан көк.
Куу— куу Буудан көк,
Жай чилдеде сууган көк"[1/]

---

1/ Тоголок Молдо, "Тандалган ырлар, Кыргыз Мамбас Фрунзе, 1951, 83 бет.

деп, ырды ушундайча аяктайт. Акындын айтканына караганда, окуя Алай багытында болгон сыяктуу.

Тоголок Молдо бара-бара "Манас" эпосунун таасири менен баатырдык ири поэмаларды жазууну ойлойт. Эл фольклорун кайра иштеедеТоголок Молдонун бул умтулушун чыгармачылыктын алгачкы үчүнчү баскычы деп айтсак да болот. Бул үчүнчү баскычта Тоголок Молдо тарихий окуяга жакын турган кыргыздын баатыр кыздарынын бири Жаңыл-Мырзаны жазат. Жаңыл-Мырза кыргыз элинен чыккан баатыр кыз. Акындын айтуу боюнча Жаңыл- Мырза XҮ1 кылымда Кытайдын Котон мамлекетинде Поб дарыясынын боюнда илгертен бери жашап келген кыргыздын Нойгут деген уруусунан чыккан. Ал кытай, калмактар менен кармашып, сырткы душмандардан элин сактап турган эле. Кийин кыргыздын баатырлары: Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабактар барып, анын жылкысын тийип кайтканда, артынан кууй келип, аларды өлтүргөн. Тияншандагы кыргыздар өч алуу үчүн кол курашып, хан Төлөк, хан Шырдакбек, казак элинин ханы Тооке болуп, көп кол менен барышкан, бирок баатыр кыз аларга алдырбаган. Акыры амал менен кармап алышкан. Акын мындан соң Жаңыл Мырзанын туткунда кор болушуп, эрктен ажырашын, бирок ошондой болсо да, кайраттан кайтпаган баатырдыгын баяндаган. Поэманын түзүлүш жагынан караганда, эл оозунда айтылып жүргөндөн көп өзгөрбөгөндөй көрүнөт. Ал эми Жаңыл Мырзанын жашаган доору, акын айткандай XҮШ кылым эмес, XҮП кылымдын экинчи жарымына

таандыктай сезилет, себеби- окуяга катышкан негизги адамдардын бири казак элинин жаны Тооке 1718-жылы өлгөндүгү тарихтан белгилүү.

Тоголок Молдо ушундай тарихий окуянын негизинде "Шырдакбек" деген поэма жазган. Жогорку маалуматтарга карагаңда, Шырдабектин жашаган доору XYII кылымдын ичин кучагына алат. "Шырдакбек", ошондой эле "Жаңыл Мырза" поэмаларында мифология, фантазия жокко эсе, бардык окуя чыныгы турмушка жакын турат. Шырдакбек жети жашында атасынан айрылып, жетимдиктин азабын тартып жүрүп, өзүнүн зээндүүлүгү менен хандыкка жетип, адил сурак кылган хан мүнөздө сүреттөлгөн. Чоң атасы Курманбектей эле баатыр айлакер болуп, кыргыз жеринен душмандарды сүрүп чыгып, Чолок-Кайың деген жердин чатына ордо салдырган. Жер алдынан суу жүргүзүп, түрдүү амал, айланы ойлонуп, душманга душмандай мамиле кылып, кайсы биреөлөр менен дипломатия жүргүзүп, Шырдакбек билгичтиги аркылуу иш алып барат. Ырас, аялы Айымдын образы начар, анын чыккынчылыгы аркылуу калмакка багынууга аргасыз болот жана эң акыры боз жоргону минип качып кетет. Шырдабектин аялы душман колунан өлөт. "Шырдабек" поэмасында "Манаска" окшош жерлери да бар.

Тоголок Молдо эл баатырларына дайыма кайрылган. "Он часто обращается к героичческому прошлому своего народа, в котором находит вдохновляющие героические примеры. Он обращается к эпосу, как и источнику народ ной силы"1/

---

1/ М. Богданова. Киризская литература, "Сов. писатель" М, 1947, 99 стр.

1941-жылы гитлердик армия биздин ыйык Ата мекенге кол салганда, карыя акын "Эр Эшим" аттуу ири поэма жазган. Эр Эшим кыргыз элинин байыркы жкмин баатыры. Ал кыргызга катылган кыйла душманга сокку уруп, кыргыз жеринен сүрүп чыккан. Акын бул поэмасы аркылуу: "Өзү катылган душман талкаланчу. Кыргыз элинин уулдары байыртадан душмандарды жеңип келген. Дагы кайраттуу туруп, Ата мекенди коргоо керек. Душманды жеңип келгиле!" деген милдетти жоокерлердин алдына коёт. Эр Эшимдин душманга көрсөткөн эрдигин баяндап келип, акын "Мисалы" деп тема алып, жоокерлерге мындайча кайрылат:

Эмки Гитлер ажаанды
Кармап алып соёлу.
Канын суудай агызып,
Кара көзүн оёлу!
Уяларын кыйратып,
Буза турган чагыңар.
Канат керип асманга
Уча турган чагыңар.
Уул, келин, кары- жаш.
Умтулгула баарыңар! 1/ деп

жаштардыү жеңишке карай, душманды кыйратууга карай, чакырган. Карыя акын көп улуттуу Совет элинин бузулбас бекем бирдигине элдин чыңалган зор күчүнө ишенген. Душмандын кол салышы адилетсиздик экенин, душман талкаланарын акын өткүр курч ыр жазып, жарчы катарында өжөр жоо басып кирген күндөн эле айткан болучу. Тоголок Молдо эл мурастарын жогору баалап,

андан үйрөнүп, ал аркылуу чыгармачылыгын күчөткөн жана сөз эки адабияттын сонун үлгүлөрүн биздин гүлдөгөн доорубузга сактап жеткирген таланттуу акын жана кадырдуу асыл адамдарыбыздын бири. Бул жөнүндө акын эмгеги зор.

Тоголок Молдо эл акындарын да кадырлап, алардан "Сөз кежилерин", чеберликти үйрөнгөн акын. Музооке-ден кийин көбүн эсе таасир берген атактуу жомокчу Тыныбек болгон. Андан соң акындын эскермесине караганда Токтогулдан үлгү алган. Чебер сөздүн устасы болуу үчүн көп талаптангандыктан, Тоголок Молдо кыргыздын кыйла акындары менен таанышкан. Бул үчүн кыргыздын жерин бүт дээрлик кыдырып чыгып, ар бир акындын ырчылык талантына баа бере билген. Кыргыздын белгалүү акындарынан Токтогул, Эшмамбет, Найманбай, Бекназар, Ботобай, Калмырза, Сүйүнбай, Жеже, Чөндү жана дагы башка ырчылардын ырдагандарын угуп, алардын сыпатын, талантынын деңгелин Тоголок Молдо жаш күнүндө эле ыр кылып жазган эле. Саркалчаев Бекболот деген 72 жаштагы карыя "бала кезинде үйрөндүм эле"- деп, Тоголок Молдонун акындар жөнүндө жазгандарынан бир топ ыр жаттап алган, бирок ырдын кайсы бир жолдорун унутуп койгондой, же башында чала жаттагандай көрүнөт, анткени - кээ бир ыр жолдору эки- үч кайталап айтылса да, кээ бир ыр жолдору уйкаштык жагынан аксайт, ачык айтканда уйкаштык жокко эсе болуп калган. Мисалга төмөнкү строфаны алып көрөлү:

Анжыяндын Куршабда
Ботобай деген бар экен.
Акын экен шул тапта,
Акындыгы мыкты экен,
Айткан сөзү ыкты экен,
"Фарганын өзүндө
Жалгыз акын өзүм деп,
Сайрап турган кезим"- деп,

мында, биринчиден, уйкаштык жагынан аксаса, экинчиден, Ботобайга тийиштүү ойду да так бүтүрө айта албады. Буга караганда, Бекболот карыя унутуп коюп, ар кайсы жеринен чала-чарпып, кайсы бир сөздүн ордуна өзү да сөз кошуп айткан сыяктанат.

Тоголок Молдо акындар жөнүндө жазган ырында Найманбайдан тартып бир топ кыргыз акындарын санап отуруп, Кылычка жетип токтолуп, акырында:

Акындыктан Байымбет,
Арстанбектен кем эмес,
Акын кожо Майкеттен,
Башкасы мага тең эмес,

деп, жыйынтык чыгарат. Демек, Тоголок Молдо бардык ырчыларды кылдаттык менен байкап, алардын ар бирин сынга алып, өзүнүн кандай акын экендигин да салыштырып көргөн. Ошол кезде эл даңктанган Арстанбек да акындык жактан өзүнөн озуп кете албастыгын Тогоыок Молдо жаш кезинде эле эскертип айткан. Буга караганда Тоголок Молдо эң таланттуу, күчтүү х акын экендиги өзүнөн өзү далилденип

турат. Ырас, Тоголок Молдо күчтүү акын болсо да, эл ырчылары сыяктуу, жамактатып ырдаган эмес. Ал бардык окуяны кагазга чийип, аны элге окуп берген, же башка кишилер көчүрүп алып ырдаган. Бизге белгилүү маалыматтардын эсеби боюнча Тоголок Молдо Токтогулга жолукканда, Бошкой менен айтышканда, анан Бүрге баатырдын ашында Касымалы, Коёнкелди деген манаптарды мыскылдап ырдаганда гана импировизатордукту пайдаланган. Ал кыргыз элинин ~~адабият~~ адабий тилин түзүү үчүн ынтаасын койгондуктан, башка учурларда импировизатордукту каалабай, бардык чыгармачылыгын кагазга жазуу үстүндө иштеген. Ырас, өзү ашкан чечен, куудул адам болгондуктан, отурган жерде куюлуштуруп жорго сөздү көп колдоно турган.

Тоголок молдо эл ырчыларына сын ~~[illegible]~~ берип, жик ажыратып, алардан четтеп качкан эмес, кайра тыгыз байланышта болгон. Баланча жерде ырчы бар десе, ал жерге атайы издеп барган. Тоголок Молдо Түштүктү бүт кыдырып чыгып, андагы акындар менен да таанышкан. Кыргыздын тарихын жыйноо максаты менен Ош, Жалал-Абад областтарында болуп, Ажам-Таш деген жерде Маамыт ырчы дегенге жолугуп, аны менен үч ай бирге жүргөн. Тоголок Молдо ал жерлерге да өз ырын кол жазма түрүндө тараткандыктан бир канча акындар аны жаттап алып, эл арасында ырдап жүрүшкөн.

Тоголок Молдо, ошентип, эл менен жана эл ырчылары менен тыгыз байланышта болгон эле. Тоголок молдо боордош элдердин, айрыкча казак элинин жазуучу акындары жана эл ырчылары менен да байланыш жасаган. Кайсы

бир акындардын өзүн көрүп, ырларын өз оозунан укса, кайсы биреөнүн ырларын башка бир ырчы аркылуу же китептен окуп билген. Тоголок Молдо "Казак акындары" деген ырында ар биринин кандай акын экендигин баяндап өтөт.

Биринчиси Мавликай
Далай китеп жаздырган.
. . . . . . . . . . . .
Чортонбайдын китебин
Көрүп жүрдүк көз менен.
Аңгемеси бир далай
Айтып жүрдүк сөз менен— дейт.

Демек, Тоголок Молдо казак элинин акындарынын китепке чыккан чыгармалары менен тааныш. Алардын ырларын окуп, өзүнүн көз карашы, өз түшүнүгү боюнча ар бир акынга баа бере билген.

Экейдеп чыккан Сүйүнбай,
Акындар буга жетпеген.
Кандыр таап карыганча
Башынан сыймык кетпеген,[1] —

деп, Сүйүнбай акынды ушундайча баалайт. Ал эми Майкет менен Чүйдө турган убагында кезигип, бирге жүрүп, ал кишинин ырларынан үйрөнүп калган. Тоголок Молдо акын Майкетке арнаган ырында жазган эскермесинде: "Майкеттүн жыйырма жаштан жүз жашка чейин адамдын

---

1/ Т.А. Тизимдин материалы, дептер № 80, 447 бет.

адамдын жашын баяндаганын үйрөнүп калгамын"[1] дейт. Майкеттүн бул ыры Тоголок Молдого таасир эткени "Арман жаш" деген чыгармадан ачык көрүнөт. Тоголок Молдо "Арман жаш" чыгармасында да адамдын жашын жүзгө чейин баяндап өтөт. Майкет менен Тоголок Молдонун ырларында жалпы курулушунан гана эмес, кубулушту, табиятты, буюмдарды сүрөттөгөндө кайсы бир жерлеринен да окшоштугу бар экендиги төмөнкү маселеден айкындалат.

Майкет:

Он бесте жарга ойнаган улактайсың,
Түптүнүк жардан шыккан булактайсың,
Байлыкты, жардылыкты көңүлгө албай,
Жаңдырган агаш үйдө шырактайсың"[2]

десе, Тоголок Молдо мындай сүрөттөгөн:

Он сегизде жаркырап,
Күйгөн панар чыраксың.
Талабы ашык жаш кезде
Ташып аккан булаксың.
Көңүлүң сергек, өзүң шат,
Тамашага ынаксың.[3]

Демек, Тоголок молдо казактын эл акыны Майкеттүн өлөң ырларын жаш кезинде угуп, аны жаттап алып, элге таалим катарында ырдап жүргөн. Ошондой эле акындын "Арман жаш" деген поэмасынын чыгышына, биринчиден өз башынан өткөргөн өмүр жолу негизги себеп болсо, экинчиден, асык эсе Майкеттүн ыры да таасир эткендик

---

1/ ТА Тинин материалынан, Дептер, № 80, 449 бет.
2/ Ошол эле 449 бет.
3/ Ошол эле 58 бет.

байкалат. "Арман жаш" өңдүү чыгармалар жалаң гана Тоголок Молдого эмес, кыргыздын башка акындарында да бар экени белгилүү. Кыргыз поэзиясынын классиги Токтогулдун "Карылык" деген чыгармасы сюжет жагынан "Арман жаштай" адамдын жашына, өмүрүнө арналганын билебиз. Ошондуктан "Арман жаш" өңдүү чыгарманы жалгыз гана Тоголок Молдо жазган десек жаңылган болор элек. Мындай чыгармалар казак адабиятында да кездешет.

Тоголок Молдо казак элинин поэмасынын алпы, бүткүл совет элинин сүйүктүү акыны Жамбылга арнап, "Акын Жамбыл" деп сүйкүмдүү ыр жазган. Бул ырында Жамбылдын тоюна барганын, бирге болгонун, бирге болгонун, ошону менен катар, Жамбылдын аң-сезими жаңыча өзгөргөнүн баяндайт.

Жамбылым жандан ашкан акын экен,
Айтканы Сүйүнбайга жакын экен.
Иниси Муктар, Сабит, Кенен деген
Булар да толуп турган акын экен.

— о —

Жамбылым максатына жеткен чалым,
Эки орден, ардак белги алган баарын.
Таралып СССРдей кең өлкөгө,
Жамбылдын акындыгы болгон маалым. 1/

"Жамбыл бүткүл совет элинин сүйгөн акыны" деп ушундай жогору баалап, бир боордош, тилектеш мүнөзүндө толкун менен ырдаган эле.

---

1/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, Фрунзе, 1951, 44-бет.

Тоголок Молдо атактуу акын Жамбыл менен 1925-жылы Керминде да кездешкен болучу. Тоголок Молдо акыркы жолу улуу акындын юбилейине катышып, бир топ күн бирге болуп, бир туугандык сырын чечишкен эле, эки акын экинчи жолу көрүшө албады.

Ал эми казак элинин жазма адабиятына негиз салуучу, казак адабиятынын классиги Абай менен кездеше албаган, анткени – Абай Казакстандын алыскы түндүк багытында жашаса, Тоголок Молдо Кыргызстандын эң түпкүрү, Тияншандын алыскы бурчунда тиричилигин өткөргөн эле. Анын үстүнө ал кездеги жол катташ, байланыш мамилелер да бүгүнкүдөй эмес болучу. Бирок, Тоголок Молдо Абайдын өлөңдөрүн, которгон тамсилдерин сүйүп окуган. Кээ бир өлөңдөрүн жаттап алып, үстөмдүк жүргүзүүчү таптын айбын ашкерелөө үчүн, же биреөгө таалим катарында насаат берүү үчүн колдоно турган.

Кай бирау жаратымыз кеп айтады,
Билмаса жаман сөзду неге айтады?
Өйиниң тула бойы толгон мерез
Бирауның катарына эм айтады[1].

Тоголок Молдо бул куплетти мисал катарында алуу менен бирге акылсыз, алакөөдөк, байкабай сүйлөгөн, колунан эч нерсе келбеген, "Жел өпкелерге" тийгизе айтып, андай кылыктардан качууга чакырып, аларды кайра тарбиялоо үчүн пайдаланган.

Абай жалаң гана өлөң жазуу менен чектелбестен, орус адабиятынын классиктеринин чыгармаларынан да казакчага которгондугу белгилүү. Абай орус элинин атактуу тамсилчиси Крыловдун көп тамсилин которуп, алар акындын өлөңдөр жыйнагы менен бирге 1909-жылы басылып чыккан эле. Тоголок Молдо ушундан пайдаланып, "Булбул менен эшек" деген тамсил жазган. Бирок ал тамсил Крыловдо 29 жол болсо, Абайда 28 жолдон турат. Ал эми Тоголок Молдо да болсо 74 жолдон турат. демек, Тоголок Молдо байдын котормосунан пайдалануу менен бирге, өз оюн кошкону да айкын көрүнөт. Акын тамсилди мындай узартып жазуу аркылуу ошо кездеги эшектей түшүнүгү кем бай манаптардын талантын баалабаганын далилдеп көрсөтүшүнө байланышкан эле. Акын булбул менен эшектин аңгемеси аркылуу бай-манаптарды мыскылдап, эч нерсени түшүнбөгөн, маданияттан четте турган эшек катарында алардын беттерин айгине ачык көрсөтө алган. Тоголок Молдо Абайдын чыгармаларынан, үлгүлөрүнөн, анын социалдык жагдайынан чебердик менен пайдалана билген болучу.

Ошону менен катар боордош элдердин айрымча айрыкча казак элинин акындары менен жалгыз гана Тоголок Молдо байланыш жасаган экен деп түшүнүү жаңылыштык болорун эскере кетүүгө тийишпиз. Кыргыз, казактын эл ырчылары бир биринен таалим алып, сөз өнөрүн үйрөнүү, бирине бири үлгүсүн көрсөтүп, нускасын үйрөтүү аркылуу мурунтан бери эле тыгыз байланыш байланыш жасап келишкен. Бул байланыш эки боордош элдин поэзиясында жакындык бар экендигине ачык далил боло алган. Филологиялык илимдин доктору М. Ауэзовдун "Жамбылдын айтыштагы өнөрү" деген статьясында казак,

144

кыргыз элинин поэзиясынын жакындыгын эл ырчыларынын бирине бири тийгизген таасирин, чебердикти үйрөнүүдөгү достук байланыш мамилесин дагы бир жолу ырастайт: Жолдош М. Ауэзов ошол статьясында мындай дейт: "Кияктн "Казакта бул өндүрдө, ошол тушта атактуу, чоң акындан: Майкөт акын, Жалайыр Кабан акын, Бактыбай акын, Куланак Кулмамбеттер бар Сүйүнбай баштаган ушул төрт-беш акындын жана кийин Жамбылдын да, баарынын тең кыргыздын калк поэзиясы менен көп жакындыгы бар боло турган. Ал, кыргызда бул тушта атактуу манасчы, дастанчы, такшалган жомокчу менен ырчыдан, Балык, Тыныбектер, Калыгул, Катаган, Арстанбек, Найманбайлар бар. Жана Жамбылга теңдеш Калмырза, Чоюке, Сагымбай, Кара ырчы, Жакшылык сыяктуу эң ири куюлтма-төкмө акындар бар эле. Сүйүнбай, Жамбыл ушулардын аркы- беркисинин баарын жакшы билип, көбү менен катар ырдашып жүргөн"1/

Чындыгында, кыргыздын эл ырчылары казактын көрүнүктүү акындары менен байланышып, бирге ырдап жүрүшкөн. Атактуу Калмырза акындыкты адегенде элең менен баштап, кийин кыргыздын өз тилинде ырдап, жаактуудан чечен акын болууга жетишкен.

Жогоруда айтылган кыргыз, казак эл ырчыларынын өз ара жүргүзгөн достук мамилелери Тоголок Молдонун чыгармачылык жолуна да таандык. Ошентип, Тоголок Молдо өз өнөрүнүн алтымыш жылдан ашыгыраак мезгилин адабият ишине жумшаган жана ошондой эле кыргыз, казак элинин эчен эң чебер акындары менен байланыш жасап, алардан үлгү алып, нуска үйрөнүп, кайсы бир акындарга үйрөтүп кижгик дегендей, өзүнүн чыгармачылык өнөрүн, чебердигин өстүрүү үчүн тынымсыз иштеп келген.

## 5. ТОГОЛОК МОЛДО ЖАНА БАЛДАР АДАБИЯТЫ

"Комсомольская Правданын" жыйырма жылдык күнүнө карата жазган өзүнүн куттуктоосунда жолдош Сталин мындай деген: "Комсомольская Правда" мындан ары да жаш муундарды Ленин партиясына берилгендик духунда тарбиялоо милдетин ийгиликтүү орундатып, илим менен маданияттын жетишкендиктерине ээ болуу үчүн жаштарга жардам берип, улуу Родинабыздын мындан ары гүлдөшү үчүн күрөшүүгө жаш патриоттордун күчтөрүн көтөрөт деп ишендиремин"[1]. Коммунисттик партия, ВКП/б/ Борбордук Комитетинин жана жолдош Сталин өзү да советтик балдар адабиятынын өсүшүнө айрыкча көңүл буруп, ага ар дайым ачык, толук көрсөтмө берип келген. Коммунисттик партиянын жана анын жетекчиси жолдош Сталиндин камкордугу аркасында балдарга жогорку идеялуу көркөм чыгармаларды түзүү маселесин кийинки учурларда бир кыйла ийгиликке жетише алды. Ошондой эле бул маселе жөнүндө Кыргызстандын советтик жазуучулары жана акындары да балдар үчүн бир топ дурус чыгармаларды жазганын, аны жаш муундар сүйкүм менен кабыл алганын айтууга болот.

Улуу Октябрь революциясына чейин кыргыз элинин өз басмасы болбогондуктан, жазма адабияты да ошондой эле жазуу жүзүндө балдар адабияты да болбогондугу баарыга белгилүү. Кыргыз совет адабиятынын бөлүнгүс бир тармагы болуп эсептелген балдар адабияты Улуу Октябрь революциясынан кийин гана өнүгө алды. Демек, балдар адабияты – өсүү жолунда турган жаш адабият. Ошондуктан

балдар адабиятын өнүктүрүү, ал жөнүндө бардык күчтү жумшоо, бардык мүмкүндүктөрдү колдонуу, бул ишке көңүл буруу негизги маселелердин бири болуп эсептелет.

Балдар адабиятын өнүктүрүүдө кыргыздын жазма адабий адабиятына негиз салуучу, ири акыны Тоголок Молдонун сиңирген эмгеги зор. Бул бөлүмдө Тоголок Молдонун балдар үчүн жазган адабий мурастары баяндалмакчы.

Тоголок Молдо жана балдар адабиясы жөнүндө сөз болгондо, биз мына муну эске алуубуз керек: Тоголок Молдо биринчиден, элдик балдар адабиятын биздин заманга сактап келди; экинчиден, элдик тамсилден пайдаланып, балдар үчүн жазма түрүндө тамсил жанрын түзүүгө, аны өркүндөтүүгө жетишти; үчүнчүдөн, жаштар үчүн дидактикалык сонун чыгармаларды түзгөн балдар адабиятынын биринчи өкүлү деп айтарлык сыймыкка ээ болду. Тоголок Молдого таандык жогоруда айтылган өзгөчөлүктөргө айрым токтолуп көрсөк, мына ошондо гана акындын балдар адабияты үчүн сиңирген эмгеги ачык көрүнмөк.

Фольклорду изилдөөчү окумуштуулар ушул күнгө чейин оозеки эл чыгармасындагы негизги бөлүктүн бири болгон балдар адабияты тууралу өз пикирлерин жазыша элек. Ошондуктан балдар адабияты жөнүндө бир азыраак токтолууга туура келет.

Кыргыз эли өчөн кылымдар бою эбегейсиз баалуу чыгармаларды дүйнөдөгү ири эпопеялардын бири "Манас" "Манас" өңдүү трилогияны түзүү менен бирге, балдар үчүн да эң сонун чыгармаларды түзө билишкен. Балдар адабиятын, ушул күндөгү акындардай эле, белгилүү

ырчылар чыгарышкан, мындагы жакшы сапат, ыр балдар турмушунан алынып, алардын жашына карай же сөз, же акыл-эсти өстүрүү, же таалим берүү мүнөзүндө бир белгилүү максатты көздөй багытталган. Ушуга байланыштуу эле оозеки балдар чыгармасында эзүүчү тапка каршы чыгарылган социалдык-саясий мааниси бар какшык шыкак, тамсил түрүндөгү ырлар да кездешет. Ошону менен катар мифтерде легендалар да табиятты багындыруу үчүн умтулгандык да бар. Албетте, кандай гана балдар чыгармасы болбосун, аны белгилүү бир ырчы айтса да, оздон оозго өтүп, кайсы бирине кошумча киргизилип, кайсы биринен алып ташталып, кайсы бир бөлүгү унутулуп калып, кыйла мезгилден бери көп өзгөрүүдөн, көп сындан өтүп келген. Мына ошондуктан, балдар адабияты такыр болгон эмес деп кесе айтуу жаңылышкандык болот. Балдар жөнүндөгү эл мурастарына көңүл бурбагандыктан, балдарга арналган оозеки чыгармаларын жыйноо иши ушул күнгө чейин колго алына элек.

Балдар ырын билбеген адам аз чыгар. Бала күнүндө үйрөнгөн ырлар көкүрөккө жат болуп калгандыктан, жашы улгайганча ушундай, аны кийинки жаштарга үйрөтүп келишкен. Ушул киндөгү кары адамдардын көпчүлүгү кичине кезинде үйрөнгөн ырларынан азыр меселдетип айтып бере алышат. Демек, балдар ырын кары-жаш дебей бүт биле турган жана бул ыр Кыргызстандын бардык бурч-бурчуна кең тараган ырдан болуп эсептелет.

Балдар ыры маанисине карай же бир бала, же бир топ бала аркылуу аткарылачу. Ал эми "Кебек-Кебек", "Талың кыз менен Кебектүн айтышканы", өңдүү ырларды суроо-жооп иретинде эки бала, бирге ырдаша турган. Ошондой эле "Балдардын ыры"[1] деген чыгарма да негизинен диалог мүнөзүндө түзүлгөн да алгачкы учурларда эки баладан ырдап жүрүп, кийин элкин ырдоо жана көп бала биригип ырдоо түрүнө өтүп кеткендей сыяктанат. "Балдардын ыры" сатиралык чыгарма болуп эсептелип, себеби мында карганын зулумдугу жөнүндө баяндалат. Эл оозунда, элдик көз караште карга белен жемге алдас турга залим бардык оюн алсам-жутсам дегенге бузуп, өзү эмгек кылбастан, бирөөнүн эмгеги аркылуу митаамдык менен күн көрүп жашап турган зулумдар катарында мүнөздөлгөн. Карга мурунку жатып ичер, кан соргучтардын өкүлү.

Каак-каак каргалар,
Камыш түбү жорголор[1],- деп башталат да,

мунун жорголоогону жөнүндө кишиден тартып, айбандар, атүгүл, канаттуу куш, "аккан суу" менен "Суу түбүндөгү таш", арпа менен буудай, башкача айтканда, "атпай журттун баарын", жа дегенде "бешиктеги бала да айтат". Демек, демек, бай-манаптардын залимдигин жер жүзүндөгү бардык нерсе ашкерелеп көрсөтөт. Бул ырда дагы бир өтөнчөлүк бар.

---

[1] Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951-ж, 106 бет.
[1] Тоголок Молдо , тандалган ырлар, 1951-ж. 106 бет.

"Балдардын ырынын башынан аягына чейин аллитерация /үнсүздөрдүн улам кайталышы/, ассонаж /үндүүлөрдүн улам кайталашы/, ошону менен катар эпифора ырдын аягындагы уйкаштыктын улам кайталашы /"айтат"/ баары тең бир максатты көздөгөндүккө байланышкан. Бул, биринчиден, ойду тактоо, көңүлдү буруу болсо, экинчиден, бир сөздү эки же үч жолу кайталоо менен жаш баланын тилин жатыктыруу болсо, үчүнчүдөн, үйрөнүүгө жеңилдик келтирүүнү көздөгөндүктү көрсөтөт. "Балдардын ырындагы" керектүү сөздөр же эки, же үч жолу кайталап айтылганы кокусунан чыккан эмес. "Балдардын ыры" эзүүчү таптын бетин ашкерелей турган социалдык – саясий мааниси бар ырдан ырдын бири.

Оозеки балдар адабиятында эң көп тараган ырдын бири – "Үркөр–үркөр топ жылдыз". Бул ыр мифке байланыштуу легенданын негизинде келип чыккан. Тарихы жагынан байыркы балдар ырынан болуп эсептелет. Бул ыр дагы диалог формасында түзүлүп, алгачкы учурда эки бала айта турган болсо, кийин бара-бара жалгыз бала же бир топ бала чогулуп аткаруу түрүнө өтүп кеткен. Бул жагына караганда, "балдардын ыры" да, "Үркөр–үркөр топ жылдыз" да бир бирине түзүлүш жагынан ~~уюштуруу~~ окшошуп турат. Бул чыгармага эмгекке, өнөргө умтулгандык бар. Ыр мындайча башталат:

Үркөр–үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың? десе,

Үркөр :– Жоо желимге барамын! деп жооп кайтарат.

Мындан соң баруунун максатын билүү үчүн дагы суроо бертлет:

– Жоо желимде эмнең бар? –десе:
– Аштык айдар уулум бар,
Жибек созор кызым бар,
Аштык айдап нан кылам[1]...
Жибек алып тон кылам

деп, Үркөр өз максатын баяндап өтөт. Албетте, бул ырды чоң адам, ачыгыраак айтканда, аял адам чыгарып, баланы эмгекке тарбиялоо мүнөзүндө айтылгандыгы ырдын кырдалынан, анын мазмунунан айкын билинип турат. Жогоруда мисалга келтирилген эки ыр тең композиция, маани жана тилинин жеңилдиги жагынан кенже балдарга арналгандыгы талашсыз маселе.

Балдар чыгармаларынан "Торпогум", "Элкин тоо", "Талым кыз менен кебектүн айтышканы" өңдүү ырлар. Орто жана жогорку жаштагы балдарга арналган. Бул үч ырдын ичинен "Торпогум", деген ыр мал чарбачылыгына жана дыйканчылыгына байланышкан. "Элкин тоо" ыры жоопкерчилик заманда пайда болуп, кийинки учурларда көп өзгөрүп кеткендей байкалат. Бул ырга элдик дидактикалык санаттар да кошулуп кеткенин мисал далилдей алат.

Ашуусу болбой бел болбойт,
Кар бузулбай сел болбойт.
Калаасы болбой эл болбойт.
Булутсуз шамал жел болбойт.
Карагай болбой чер болбойт,
Кайратсыз адам эр болбойт"[1]

1/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951, 104 бет
1/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951, 228 бет.

Демек, ырдын биринчи строфасы менен салыштырганда, бул келтирилген мтсал элдик санаттар экендиги, аны кимдир бирөө "Эркин тоо" ырына кошуп койгондугун белгилүү болуп чыгат. Ал эми "Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы" негизинен табышмактан чыккан. Табышмак адамдын акыл-эсин, сезимин өстүрүп, бирөөнүн оюн табуу да анын жөндөмдүүлүгүн же начардыгын сыноо куралы болгон. Бул жанр байыртан бери кыргыз арасына кең тарап, адамдардын ортосундагы мамиледе жана коом катнаштарында белгилүү орунду ээлеген. Көбүнчө бир-бирин сыноо учурунда кылдаттык менен пайдалана турган. Кокус таба албай калса, ал адам уят болчу, аттүгүл каардуу хандар кыйкымдап, табышмакты таппаган адамдын башын алып таштаганы жомоктордо да кездешет. Ушуга байланыштуу балдарга табышмакты үйрөтүү, үйрөнүү үчүн негизги милдеттин бири болуп эсептелген, экинчиден, бош убактарда зоок-кечелерге керек эле. Табышмак бир зат, бир буюм, же кубулуш жөнүндө айтылары белгилүү. Бирок "Талым кыз менен Көбөкте турмушка байланыштуу нерселердин баары бар. Жан-жаныбар макулуктар дан тартып, адамга чейин андагы тиричиликти, табияттын кубулуштары, асмандагы ай, күндөр, бардыгынын бир бири менен байланышы, коомдук катнаштар, андагы түрдүү мамилелер- баары ушул чыгармада. Буга караганда табышмактын өсүп жеткен жери, мурдагылардын жыйынтыгын айгинелеген чыгарма болуп эсептелет. Ошону менен катар бул чыгарма кийин феодалдык доордо чыккан болуу керек.

Балдар чыгармаларынын ичинен "Турумтай" деген ырды тамсил десек да болот. "Турумтай" ырдалып да темир комуз менен күүгө келип, кагылып да жүргөн, ачык айтканда бардык жаштарга белгилүү чыгарма. Турумтай—учкул, алы жеткенин албаган жырткыч куш. Бул чыгармада Турумтай жортуулга көп жүргөн, жай жаткандарды тынчытпаган, торгой менен булбулдай өз эмгеги менен күн көргөн жазыксыздарды жем кылган жырткыч катарында мүнөздөлөт. Буга караганда турумтай — эзүүчү таптын өкүлү.

Суктугунан бир балаң,
Суугa калды, Турумтай,
Тойбогур сенин бир балаң
Тоодо калды, турумтай!
. . . . . . . . . . . . .
Көпкөнүңдөн бир балаң,
Көлдө калды, турумтай!
Тумшугу жок бир балаң 1/
Чуугa калды, турумтай!

Бул ыр аркылуу жем үчүн туш-тушка чабыттап, жортуул жасап, тынч жаткан калкты тынчытпаган жортуулчу сүрөттөлөт. Ар кайсы жакка кол салып, жөн жүрбөгөндүктөн, кол алдындагы кишилерден кыйла адамы туткунга калган, ачык айтканда, "суктугунан бир баласы сууда, бир баласы тоода, бир баласы көлдө, бирөө чөлдө калат", айтор балдары калбаган жер жок. Демек, "Турумтай" жоокерчилик заманга байланыштуу келип чыккан болуу керек. Жортуулду жасап жүрүп, акыры колго түшүп

108

туткунга алынганда эл "Кут болду"да табалаганын, ага каргыш айтканын келин-кыздар темир комуздун күүсү менен жанып капуу аркылуу угузушкан. Кыргыз элинин салтында ички сырды, айтайын деген ойду, арманын же табалаганын же бийликке каармандыгын комуз күүсү аркылуу билдиргени белгилүү. Комуз күүсү аркылуу ички жашырын сырды айтуу, ички дүйнөнү ачуу байыркы кездерде кыргыз элинин арасына кең кулач жайган болуу керек. Комуз күүсү менен угузуу, биринчиден сыпайылык, адептүүлүктү билгизсе, экинчиден, кишинин акыл-эсинин молдугун далилдесе, үчүнчүдөн, ар адамдын бул өнөргө чебердигин айкындаган жакшы сапат болуп эсептелген. Мунун баары кыргыз элинин комузга, ачыгыраак айтканда, музыкалык өнөргө, искусствого шыктуулугун, аны жогору баалап сүйгөндүгүн, илгертен эле музыка искусствосу өркүндөгөнүн ачык көрсөтөт. Мисалга "Айган менен Көк буканы алып көрөлүк. Айгандын баласын кара курт чагып өлтүрөт. Эл жөнөкөй сөз менен оозеки батынып айта алышпай, Көкбука деген комузчуну чакырып, баланын өлгөнүн комуз күүсү аркылуу угузат. Мында комуз күүсүнүн мазмуну ички жашырын айтылган ыр менен берилет. Буга бир куплет ырды мисалга алсак, ачык болот.

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты Айганым,
Туурунан бошонуп,
Шуикар качты, Айганым [1].-

---

1/ ТА Тинин материалы, Тоголок Молдонун жыйнагы, Дептер № 80, 376 бет.

деп, күү чертет. Мунун маанисине түшүне коюп:

Атайы келген алдыма,
Ишиң курсун, Көкбука!
Комуз чертип жүрүгөн,
Түшүң курсун, кет, Бука! 1/

деп, Айган суук кабарга нааразы болуп, чочуган бойдон терс жооп кайтарат. "Мендирман" окуясында талаш-тартыш, айтышуулар да көбүнчө комуз күүсү аркылуу берилет. Мендирманга күч көрсөткөн улуу агасы комуз күүсү менен өз оюн билдирсе, Мендирман комузду ала коюп, кайра жооп кайтарат, анан экинчи агасы күү менен аны өлтүрүп коюуга даярдыгын билгизет. Ошентип, күрөш, тартыштар кошуп күүсү аркылуу угузулат.

"Турумтай" деген балдар тамсили да ушундай жаныш угузуу стилинде чыкканы талашсыз.

Ынсап кылып, тобо деп,
Жүргөнүң жок Турумтай,
Өзүң мындай болорун
Билгениң жок Турумтай 2/.

деген курч сөздөр жырткычтыктын айбын ашкерелеп, табалагандыкты көрсөтөт. Албетте, бул ырды белгилүү акын чыгарган.

Толуп жаткан өзүңө,
Жазык кылдың Турумтай,
Торгой менен булбулду,
Азык кылдың, Турумтай! 3/

---

1/ ТА Тилин материалы, Тоголок Молдонун жыйнагы, Дептер № 80,376 бет.
2/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951, 109 бет.
3_/ Тоголок Молдо, тандалган ырлар, 1951, 108 бет.

Эл фольклорунда торгой менен булбулдун символу аркылуу байыртан бери акын эл ырчылары берилген. ушул күндөгү акындар да өздөрүн булбулдай чечен катарында эсептешет. Жогорку бир куплет ыр мурунку журт бийлеечүлөрдүн эл жарчысы болуп эсептелген ырчыларга да ырайымсыздык менен мамиле кылганын айкын далилдейт.

Береке тапкан жериң жок,
Бейлиң бузган турумтай!...деп, аягында

жыйынтык чыгарат. Бул тамсилдин идеясы зөөкүч тапка каршы негизделип, ким элди жабыркатса, ким элдин эмгегин жесе, ал жашабайт деген так маанини айкын көрсөтөт.

Жогоруда биз санап өткөн элдик балдар ырын мекендих акын Тоголок Молдо кыйла мезгилден бери сактап келип, аны бизге жеткирүү менен бирге, бир топ өзгөртүүлөр киргизип, тил жана көркөмдүк жагынан чбердик менен иштеп чыккан сыяктанат.

Тоголок Молдо элдик балдар чыгармаларын сактап келип, аларды тартипке келтирип иштеп чыгуу менен бирге, элдин жомокторунун көбүн балдарга ылайыктуу, жеңил тил менен ырга айландырган. Тоголок Молдо Моралист акын болгондуктан, бардык чыгармаларга өзүнүн пикирин кошуп, ал аркылуу жаштарды акылдуулук, эстүүлүккө, билимге, өнөргө, эмгекке үндөгөн. "Жети таз менен жеке таз" – кыргыз элинин арасында көп убакыттан бери айтылып келе жаткан жомок. Акын бул жомокту ырга айландырууга турмушта учурай турган окуялуу эпизоддордон алып, аны эң устаттык менен бере алган. Ар бир эпизоддор жети таздын

акылсыздыгын ашкерелешип, анан ар бир эпизоддун аягы күлкү менен бүтүп отурат.

Өттү, кетти дүйнөдөн,
Жети таз өлүп жоголду.
Акылы, эси болбосо,
Кайдан киши оңолду?[1]

деп, чыгарманы корутундулап бүтүрөт. Бул чыгарманын идеясы кара санатай, зөөкүр адамдардын бетин ачууга негизделген. "Кишиге кара санаган дүнүйө үчүн бирөөнү жоготууну санаган акылсыздыктын иши. Кыянатчы адам түбүндө оңолбойт, баарын акыл, чындык жеңет" деген жыйынтык чыгкрып, акын жаштарды жакшы жолго, достук менен тууралыкка тарбиялоо максатын көздөгөн. Тоголок Молдо "Чынтаз" деген жомокту ырга айландыруу менен бирге, адамды чынчылдыкка карай үндөгөнү төмөнкү ырдан ачык көрүнөт.

Эр азамат жигиттер,
Байка сөздүн соңуна.
Ар сөз айтсаң чынга жүр,
Ишиң келет оңуна[1],- деп

жыйынтык чыгарат. Демек, чындык керек. Акын жаштардан ушуну талап кылат. Чынчыл болуу адам баласындагы жакшы сапаттын бири.

Тоголок Молдо элге белгилүү "Телибай тентек" деген анекдот жомокту, анын тарихий чыгышын, ошол чөйрөдөгү адамдардын мамилеси оң устаттык менен бере алган. Бул чыгарма Даданбай деген байдын үч баласынын кенжеси Телибайдын акылсыздыгын, анын шаман дининин таасиринен

чыга электигин, барып турган зөөкүрдүгүн ашкерелейт. "Акылы жок болсо, оокат кылууну, кандайча жашоону билбесе, жалаң элге эмес, өз жакынына да жек көрүү болот, акыры оор авалга дуушар болот" деген идеяны йихки билгизет. Бул сюжет, идея жагынан "Кен чонтойго" жакын чыгарма. Тоголок Молдо булардан башка дагы бир топ кызык жомокторду балдарга арнаган акын.

Тоголк Молдонун балдар адабиятынан орун алган чыгармаларынын ичинен көлөмдүүсү жана басымдуу көпчүлүгү — тамсилдер. Бул жагынан акынды кыргыз жазма адабиятынын тамсил жанрына негиз салган эң биринчи окуя десек да болот. Улуу сынчы Белинский орус элинин тамсил жазуучусу Крыловду жогору баалап, мындай деген: "Крылов орус эли бүт сабаттуу эл болгондо гана, ошо замат эле аларга биздин жазуучулардын баарынан мурун Руста алиге эч ким ээлей элек "Элдик акын" деген орунга жиндукат кандидат болуп калат. Андан тышкары башка орус акындарына элдикти көздөй жол ачат"[1]. Улуу сынчынын бул айтканы кыргыз элинин улуу акыны Тоголок Молдого да таандык. Тоголок Молдо өзүнүн сонун тамсилдерин кыргыз эли туташ сабатсыз дээрлик мезгилде жазды. Ал кезде кыргыздын өз тилинде басмасы жок эле. Ошондуктан, акындын терең маанилүү тамсилдери элге терең тарап жеткен эмес. Мурдагы эл ырчылары катары, акындын таланты бааланбаган. Совет бийлиги орногондон кийин да душмандары акындын чыгармаларын жарыкка чыгарууда тосколдук кылбай койгон жок. Партиянын туура жетекчилиги астында гана акын эркин өсүүгө мүмкүндүк алды. Кийинки убактарда акындын айрым тамсилдери жарыкка чыгып,

аны эл сүйүп окуй баштады. Атүгүл, ал тамсилдер эл лакабы катарында көпчүлүк массалар арасында айтылып жүрет. Күндөн күнгө элдин билими артылып, илим кең кулач жайып, эмгекчилердин маданий деңгели жогоруйлай көтөрүлүп, алардын адабиятка койгон талабы артылып жатат. Ушуга байланыштуу Тоголок Молдонун мурастарына көп көңүл бурулууда. Тоголок Молдонун бир катар тамсилдери али жарыкка чыгып, окуучу массалар алар менен ушу күнгө чейин тааныша элек. Илимий жол менен биринчи мертебе изилденип жаткан баскычта турат. Мына ушул сонун тамсилдери, башка чыгармалары элге бүт тарап жеткенде гана, Тоголок Молдо улуу улуу сынчы Белинский айткандай "Элдик акын" болуп, даңкы дагы жогору көтөрүлөрү шексиз.

Белинский "Крылов тууралу" деген статьясында тамсилге мындай мүнөздөмө берген: "Ал каармандарды мүнөздөрү менен поэзиялык түрдө сүрөттөгөн кичине повесть, драма болууга тийиш. Тамсилде жансыз нерселерге жандууларлардын сыпатын, касиетин тагып айтуунун өзү күчтүү, акындык образдар менен берилүүгө тийиш".[1] Тоголок Молдонун тамсилдеринде да улуу сынчынын жалпы бул жанрга койгон талабы бүт дээрлик орундалган. Акындын тамсили куду "кичине повесть драма" стилинде каармандардын образдарын ачык көрсөтөт. "Уй музоосунан сыр сураганы", "Иттин доолдай кылдырам" дегени", "Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы", "Каркыра менен түлкү", Бөрү менен түлкү", "Эшек менен булбул" – баарында тең катышкан каармандар бар. Алардын арасында кадимкидей күрөш жүрүп,

акырында окуянын түйүнү бир жактылуу болуп чечилет да, ага акын тарабынан жыйынтыктуу пикир кошулуп айтылат. Мисалга "Иттин доолдай кылдырам дегенин" алып көрөлү:

Чепкен чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр,
Жалкоонун жайы ушундай
Жайкалып уйку салыптыр"[1/]

деп, бул тамсил жалкоого карата айтылганын корутунду сөзүндө түшүндүрүп кеткен. Ошондой эле "Бөрү менен түлкү" деген тамсилдин жыйынтыгы да: мындайча бүтөт:

"Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып,
Бөрү өңдөнгөн залимге.
Анык бул иш ылайык[1/].

Акын "Залимдерди ушундайча жок кылуу керек" деген пики_рин ачык айта алган. Акындын "Куба кой менен ээси" деген тамсили – социалдык саясий жана революциялык мааниси бар чыгарма. Мында Кубан кой менен ээсинин ортосунда айтыш_кан күрөш жүрөт, албай айтышат. Акыры куба кой жеңип чыгат.

Сөздүн байка жүйөсүн,
Куба кой жеңди ээсин,
Кой демекте маани бар,
Акылдуу адам билесиң[2/]

---

1/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951, 206 бет.
1/ ТА Тинин материалдарынан, Тоголок Молдонун жыйнагы, Дептер № 2, 264_ бет.
2/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, 1951, 195 бет.

деп, акын тамсилди ушул строфа менен жыйынтыктуу бүтүрөт. Ошентип, Тоголок Молдо кайсы гана тамсилинде болбосун, жыйынтык чыгара жиени жана катышкан каармандардын образдарынын оң жана терс жактарын ачып бере билген. Крылов эмне үчүн дайыма тамсил жазат, бул жөнүндө, ал: "бул түр ар кимге түшүнүктүү: аны кызматчылар да, балдар да окушат"[1] деп жооп кайтарган болучу. Мындай максат Тоголок Молдо да болгон. Анын жазган тамсилдери кичинекей балдардан тартып, чоң чоң кишиге да бирдей түшүнүктүү. Демек, Тоголок Молдо жалаң гана лирика менен поэмалардын чебери болбостон, тамсилдерди түзүүгө да эң устат акын болгон.

Акын балдар үчүн форма жагынан кызыктуу, мазмуну жагынан идеялуу көркөм поэмаларды да жазып калтырды. Ырас, поэмалары элдик фольклордук материалдын негизинде түзүлгөн. Ошону менен катар өзү ойлоп тапкан, өз оригиналы болуп эсептелген поэмалары да бар. Тоголок Молдо өзү моралист акын болгондуктан, балдарды эстүүлүккө, туруктуулукка, эмгекке, өнөр билимге тарбиялоо максатын ар бир поэмасында көрсөтө алган.

Тоголок Молдонун "Кем чонтой" аттуу сатиралык поэмасы жаштарга белгилүү. Аны ким болсо да сүйүп окуй турган. "Кем чонтой" поэмасы эл ичинде айтылып жүргөн анекдоттун негизинде түзүлгөн, бирок акын аны жөнөкөй жазып албастан, кайра иштеп, көп кызык эпизоддорду кошкон. Ар бир эпизод юмордук мүнөздө комизм менен жык толуп жүрүп отурат да, андагы кылык-жорук, аракет

айгинеленип, күлкү, шыкак менен аяктайт. Чындыгында, окуянын мындай ачык, таасирдүү берилиши – акындыктын күчтүү талантына гана тийиштүү. Бир-бирине кошулгус эки заттын жигин билгизбей данекерлеген өңдүү, ар кыл эпизоддорду эң устаттык менен кыябына келтирип, аны адам таппас курч сөздөр менен жабдып, ар бир кичинекей окуяны кылдат кыял аркылуу күлкүлүү кылып чыгаруу, бардык акындын колунан келе бербейт. Тоголок Молдонун кайсы гана сатиралык чыгармасы болбосун, анда юмор, комизм бирге өмүр сүрүп, бирге аракет кылат. Тоголок Молдо ушундай чебер жана күчтүү акын. Татаалдашкан мындай окуяларды кыябы, ыгына келтирип, жөнөкөйлөштүрүп, кичинекей балага да түшүнүктүү кылып берүү, Тоголок Молдодой күчтүү акындардын колунан гана келчү жумуш.

Тоголок Молдо эзүүчү таптын бетин ачып, алардын акылсыздыгын ашкерелеп келип, "Кем чонтой" поэмасын:

Керген менен пайда жок,  
Көзүң-тамдын тешиги.  
Акыл менен иш кылат  
Адамдардын жетиги.  
Эмгек болот өмүрдө  
Адамдардын кесиби[1/] –

деп бүтүрөт. Ошентип, жаштарды акылдуулукка, эмгекке үндөгөн моралист акын эле. "Жанбакты" деген лакабы поэма дагы эл лакабы негизинде пайда болгон, акын

---

1/ Тоголок Молдо, Тандалган ырлар, Ф, 1951, 125 бет.

тарабынан сюжет кошулган сатиралык чыгарма. Бул поэма аркылуу акын жаштарды жалкоолуктан качкыла деп, эмгекке үндөйт. Мында да юмордук мотив, комизм бар.

Тоголок Молдонун "Жер жана анын балдары" деген поэмасы каймана түрүндө жазылган, идея жана көркөмдүк жагынан көрүнүктүү чыгармалардын бири.

Тоголок Молдо өзүнүн бул чыгармасын элдин жолбашчысы жолдош Сталин көрсөткөндөй диалектикалык материализм көз карашында жазган. Жолдош Сталин: "Диалектика метафизикага карама-каршы болуп, жаратылышты бир-биринен ажырап калган жана бир бирине көз каранды болбогон буюмдардын, көрүнүштөрдүн кокусунан чочундусу болот деп карабастан, буюмдар, көрүнүштөр бир-бири менен ажыратылбастай болуп, байланышкан, бир-бирине көз каранды болгон жана бир-бирине шарт боло турган байланыштуу, биримдик бүтүн нерсе деп карайт"[1] деп үйрөтөт. Акын өз чыгармасын ушу жобого негиздей алган. Ошону менен катар Сталин көрсөткөн "Марксистик диалектикалык методдогу негизги белгилер" "Жер жана анын балдары" деген поэманын мазмунун түзүп, жогорку идеялуу чыгарма болууна шарт түзгөн.

"Жер жана анын балдары" поэмасында жамгыр, суу, шамал, от- баары өздөрүнүн артыкчылыктары жөнүндө биринен бири кыйынсынып, талаш-тартыш башталат. Баары тең себеп табат, бирок Жер алардын өз алдынча жашай албасын, дайыма байланыш болорун, дайыма бардык нерсе өзгөрүп турарын түшүндүрөт. Ошону менен катар

---

1/ И. Сталин, Вопросы Ленинизма, 11 ое изд.ОГИЗ, ГИПЛ, 1946, стр. 536

тамсил мотивинде жазылгандыктан, кайыана маанини адамга да шыйгарганын көребүз.

Тоголок Молдо бул сонун ою аркылуу: "Кудай жаратткан" деген динчилдердин бетин ашкерелей алган; жаратылыштагы барды нерсенин байланышын, өзгөрүшүн поэзиялык чебер тил менен аныктай алган. Ушуга байланыштуу, жаштарды билимге, табиятты таанууга үндөгөн; жаштарды ынтымактуулукка, достукка, туруктуулукка чакырган. Жер жамгыр, суу шамал, от-баарынын сөзүн тыңшап, ыкыласы менен бир угуп, аларга:

– Балдар, сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.[1/]

дейт. "Мен артыкмын, мен көп билем" деп мактанбагыла" деп, жаштарды оор басырыктуулук , токтоолук мүнөзгө тарбиялоо милдетин алдыга коёт. Андан ары Жер:

Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр.
Атаңар айткан бул сөздү
Акылдуу балдар, билиңер,[1/] дейт.

Чындыгында акын бул поэмасы аркылуу жаштарды акылдуулукка, эстүүлүккө, билим менен өнөргө, наадандыктан качууга, достукту чыңоого карай тарбиялоо максатын көздөгөн. Бул поэма балдарга да, чоң кишиге да бирдей түшүнүктүү, тили жеңил, композициясы мүнөздүү, сюжети жакшы, идеялуу жана көркөм чыгарма.

---

1/ Тоголок Молдо, Сандалган ырлар, 1951, 169 бет.
1/ Тоголок Молдо, тандалган ырлар, 1951, 175 бет.

Тоголок Молдо жогоруда айтылган балдар адабиятына сиңирген көрүнүктүү эмгегинен тышкары, жаштарды тарбиялоо ишин өмүрүнүн акырына чейин негизги милдети катарында эсептеген. Акын улуу- кичүүгө бирдей карап, мейли кичинекей бала болсун, алар менен аңгемелешип, алардын өздөрүнө ылайык ырларды үйрөтө турган. Акындын ширин сөзүн, кызыктуу жомокторун, сонун ырларын уккан балдар "дагы айтса экен" деген кыял менен имерчиктеп кетчү эмес. Балдарга жалаң гана жомок, ыр үйрөтпөстөн, балдардын кызык оюндарын көрсөтүп берчү.

Тегерегине таланттуу жаштарды топтоп, аларга дайыма ыр өнөрүн үйрөтүү үстүндө талыкпаган адам болгон. Акындын шакирти А. Чоробаев өзүнүн эскермесинде Тоголок Молдо жөнүндө мындай дейт: "Мен жанынан чыкпай бирге отуруп, эт жеп, жанына жаттым. ..Өзү да чеченбеген ажаатчыл киши экен. Мени жакшы көрүп, кунту бар бала экен деп назарымды сындырбай, бир жолу ырчы кылып алам деп, Мына-Келди, Ор-Казган жайлоосуна үйүнө алып кетти". Чоробаев Тоголок Молдодон сабак алып, кийин акындыкка жетишет. Чоробаев да Тоголок Молдо сыяктуу, ырларын кагазга түшүргөн жазуучу акын болуп өсөт.

Тоголок Молдодон жалгыз гана А. Чоробаев эмес, Абдыжапар Айылчиев, Нурдин Косманов, Жукей Айдарбеков Калмурат Нурдөөлөтов, эл артисти Муса Баетов өңдүү жаш акындар тарбия алып, өсүп чыгышкан.

Тоголок Молдо "Манат" эпосун дурус билгендиктен, жаштарга жалаң гана ыр эмес, кайсы бир балдарга майда

эпостордон тартып, "Манас", "Семетейге" чейин жазып жана айтып берүү жолу менен үйрөтүп келген. Бир топ жаштар: Байымбетов Турдалы /баласы/, Шамабаев Бейше, Айтбаев Абдыразак жана башкалар "Манас" жомогун үйрөнүп, аны чебердик менен аткарууга жетишкен. Мына ошондуктан, Тоголок Молдо турган жерди "акындардын өрөөнү" деп аташкан.

Тоголок Молдо, чыгармачылык жагына келгенде, талыкпаган күлүрмөн адам болгон. Ал өзүнүн чыгармачылык кесибин сүйгөн, эмгекке берилген адам эле, Ошондой элет жаштарды эмгекти сүйүүгө, жалкоолуктан качууга, эл үчүн талыкпай иштөөгө чакырган. Акын өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин, башкача айтканда, 80 жаштан ашып кетсе да, "карыдым" дебестен, күнү-түнү бирдей иштеген. Акыркы күндө да колунан калем түшпөй, алдынан кагаз кетирбей иштеп, Ата мекендик согушка арнап, идея, көркөм жактан баалуу чыгармаларды жазып калтырды.

Тоголок Молдо – балдар адабиятына негиз салуучу таланттуу акындын бири. Кыргыздын көрүнүктүү ири акыны Тоголок Молдо өзүнүн балдарга арнаган сонун чыгармалары менен аты өчпөстөн түбөлүккө жашай бермек.

[illegible]
[illegible] фабрика № 2
[illegible], ул. [illegible], 22
Арт. 22194 Цена 60 к.